2 (7) / 2017

ISSN 1694 - 7517

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН **ЖАРЧЫСЫ**

ВЕСТНИК КОНСТИТУЦИОННОЙ ПАЛАТЫ ВЕРХОВНОГО СУДА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН **ЖАРЧЫСЫ**

ISSN 1694 – 7517
№ 2 (7) / 2017

УДК 94(47)
ББК 63,3(3)
Н30

Н30 Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Жарчысы № 2 (7) / 2017 (мамлекеттик жана расмий тилдерде). Б.: «V.R.S. Company», 2017. – 400 б.

ISBN 978-9967-12-441-8

Түзүүчү: Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

Редакциялык кеңеш:

Төрайымы: **Бобукеева М.Р.** – Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судья-катчысы;

Мүчөлөрү: **Айдарбекова Ч.А.** – Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьясы;

Осмонова Ч.О. – Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьясы;

Саалаев Ж.И. – Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьясы;

Эсеналиева З.Т. – Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Аппаратынын чечимдерди аткаруунун анализи жана мыйзамдарды систематизациялоо бөлүмүнүн башчысы;

Керезбеков К.К. – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитеттин мүчөсү, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген юристи, ю.и.д., профессор;

Мырзалимов Р.М. – Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин юридикалык факультетинин конституциялык жана административдик укук кафедрасынын профессору, ю.и.д.;

Баетов А.Б. – Кыргызстан эл аралык университетинин вице-президенти, профессордун м.а., ю.и.д.;

Мусабекова Ч.А. – Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университетинин мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасынын доценти, ю.и.к.

Редакциянын дареги: Кыргыз Республикасы
Бишкек шаары, Эркиндик бульвары, 39
почталык индекси 720040
тел.: +996 312 621517, + 996 312 662152
факс: +996 312 622040
e-mail: mail@constpalata.kg
расмий сайт: www.constpalata.kg

Н 0503020000-14

УДК 94(47)
ББК 63,3(3)

ISBN 978-9967-12-441-8

© Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

МАЗМУНУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИ

2017-жылдын 7-июндагы жаран Замирбек Тургунбаевич Жоошевдин кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча.

Бул иш боюнча кодекстин адамды кылмыш жасады деп андан шектенүүгө негиз берген башка маалыматтар болгондо, ошондой эле анын туруктуу жашаган жери болбогондо, анын инсандыгы аныкталбаганда жана ал тарабынан качууга аракет жасалганда, ал кармалышы мүмкүн деген ченеми даттанылган.

Талашылып жаткан ченем Конституцияга карама-каршы келбейт деп таанылган.

7

2017-жылдын 28-июндагы жарандар Виктория Николаевна Евсюкова, Джамиля Эркеновна Эркенова, Дамира Мырзакуловна Закирова, Сеил Анаркуловна Анаркулова, Чынара Орунтаевна Кадырмахмедова, Асель Амантуровна Бейшееванын кызыкчылыгындагы Мирслан Амангелдыевич Мусуралиев жана Идрис уулу Мирландын кайрылуусуна байланыштуу «Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 28-декабрындагы Мыйзамынын 1-беренесинин 1-пунктунун «б» пунктчасынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча.

Бул иш боюнча кодекстин көп квартиралуу үйлөрдөгү турак жайларды сааттык жана суткалык мейманкана катары берүү, өткөрүп берүү, пайдалануу – жарандарга эсептешүү көрсөткүчүнүн – жетимиш, кызмат адамдарына – токсон, юридикалык жактарга – жети жүз өлчөмүндө айып салууга алып келет деген ченеми даттанылган.

Талашылып жаткан ченем Конституцияга карама-каршы келбейт деп таанылган.

25

2017-жылдын 5-июлундагы жаран Бекболот Жыргалбекович Касаболотовдун кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 60-беренесинин 4-бөлүгүнүн 7-пунктунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча.

Бул иш боюнча кодекстин шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун жакын туугандары күбө катары сурakka алынышы мүмкүн эмес деп бекиткен ченеми даттанылган.

Талашылып жаткан ченем Конституцияга жарым-жартылай карама-каршы келет деп таанылган.

36

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИ

2017-жылдын 16-мартындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «Жаран Жамалдин Оморовдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2017-жылдын 10-январындагы № 01 аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө Жамалдин Оморовдун даттануусун канааттандыруусуз калтыруу жөнүндө токтому. **48**

2017-жылдын 22-мартындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Аппараты жөнүндө жобону, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Аппаратынын түзүмүн жана штаттык бирдигин бекитүү жөнүндө токтому. **54**

2017-жылдын 31-майындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «Алиям Максумовна Даулованын кызыкчылыгындагы Мирлан Зарлыкович Мусаевдин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2017-жылдын 25-апрелиндеги № 24 аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө Мирлан Зарлыкович Мусаевдин даттануусун канааттандыруусуз калтыруу жөнүндө токтому. **71**

2017-жылдын 30-июнундагы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «Омурбек Джумадылович Калчакеевдин кызыкчылыгындагы Турсун Капарович Ирысбековдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2017-жылдын 14-апрелиндеги № 17 аныктамасына Турсун Капарович Ирысбековдун даттануусун канааттандыруусуз калтыруу жөнүндө токтому. **77**

2017-жылдын 11-июлундагы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Аппараты жөнүндө жобону, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Аппаратынын түзүмүн жана штаттык бирдигин бекитүү жөнүндө» 2017-жылдын 22-мартындагы № 02 токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө токтому. **84**

2017-жылдын 11-июлундагы Рита Рахмановна Карасартова, Акин Усубалиевич Токталиев, Бакыт Раманкулович Жалгашев, Улукбек Алтымышбекович Абдыкаимовдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 18-апрелиндеги № 19 аныктамасына даттануусун канааттандыруусуз калтыруу жөнүндө токтому. **85**

2017-жылдын 19-сентябрындагы Бакыт Раманкулович Жалгашевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 22-июнундагы № 34 аныктамасына даттануусун канааттандыруусуз калтыруу жөнүндө токтому. **95**

2017-жылдын 26-сентябрындагы Арсен Медербекович Байзаковдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 29-июнундагы № 38 аныктамасына даттануусун канааттандыруусуз калтыруу жөнүндө токтому. **100**

2017-жылдын 2-октябрындагы Сайнидин Султанидинович Султанидиновдун «Жаран Сайнидин Султанидинович Султанидиновдун «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 53-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5-пунктунун жана 4-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 13-июлундагы № 47 аныктамасына даттануусун канааттандыруусуз калтыруу жөнүндө токтому. **106**

2017-жылдын 2-октябрындагы Рита Рахмановна Карасартованын, Омуркул уулу Уландын Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 23-июнундагы № 36 аныктамасына даттануусун канааттандыруусуз калтыруу жөнүндө токтому. **111**

2017-жылдын 9-октябрындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Регламентин бекитүү жөнүндө токтому. **119**

2017-жылдын 10-октябрындагы Нурлан Берикович Садыковдун Мирлан Сабырбекович Бекбаевдин кызыкчылыгындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 13-июлундагы № 46 аныктамасына даттануусун канааттандыруусуз калтыруу жөнүндө токтому. **155**

2017-жылдын 4-декабрындагы Ханзада Шерматовна Кадырованын кызыкчылыгындагы Диана Токтоматовна Сайимованын Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 16-октябрындагы № 54 аныктамасына даттануусун канааттандыруусуз калтыруу жөнүндө токтому. **163**

2017-жылдын 5-декабрындагы «Агрохимсервисцентр» жабык акционердик коомунун директору Нурмамат Маматжановдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 23-июнундагы № 35 аныктамасына даттануусун кароо жөнүндө токтому. **168**

2017-жылдын
7-июну
Бишкек шаары

№ 08-Р

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН

Жаран Замирбек Тургунбаевич Жоошевдин кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча

Ч Е Ч И М И

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу – судья Э.Т. Мамыров, судьялар – К. Абдиев, Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, К.М. Киргизбаев, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, Ж.И. Саалаевдин курамында, сот отурумунун катчысы Н.А. Кененсариеванын,

кайрылуучу тарап – Замирбек Тургунбаевич Жоошев, З.Т. Жоошевдин ишеним кат боюнча өкүлү Нурбек Акбарович Токтакуновдун;

жоопкер тарап – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ишеним кат боюнча өкүлдөрү Орозобек уулу Максат, Макен Сейдивалиевич Турдугуловдун;

башка жактар – Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун ишеним кат боюнча өкүлү Алтынбек Урубаевич Нурмаматовдун, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын ишеним кат боюнча өкүлү Кубанычбек Сабырович Сабыровдун, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин ишеним кат боюнча өкүлү Нурлан Касымкулович Утемисовдун, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин юридикалык факультетинин деканы, юридикалык илимдердин доктору Кынатбек Мойнокович Сманалиевдин катышуусунда,

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 1-, 6-, 8-, 9-, 10-бөлүктөрүн, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 4-, 18-, 19-, 37- жана 42-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти ачык соттук отурумда карап чыкты.

Жаран З.Т. Жоошевдин өтүнүчү бул ишти кароого себеп болду.

Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгүнүн Кыргыз Республикасынын

Конституциясына ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн пайда болуусу бул ишти кароого негиз болду.

Ишти соттук отурумга даярдаган судья-баяндамачы Ч.А. Айдарбекованын маалыматын угуп жана келтирилген материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

Т А П Т Ы:

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2017-жылдын 6-февралында Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүнүн биринчи абзацына, 24-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө З.Т. Жоошевдин өтүнүчү келип түшкөн.

Арыздануучунун пикири боюнча, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык ар ким эркиндикке жана жеке кол тийбестикке укуктуу, ал адамдын эң эле маанилүү байгерликтеринин бири болуп, адамдын жеке, саясий, кесиптик-экономикалык, рухий-маданий турмуш жаатында жүзөгө ашырылуучу конкреттүү укуктар менен эркиндиктердин комплексин өзүнө камтыйт. Жеке кол тийбестикке болгон укук, ошондой эле физикалык дагы, адеп-рухий кол тийбестикти дагы өзүнө камтыйт. Бул укуктар мыйзамга баш ийүү менен жашаган адам кимдир бирөөлөр, анын ичинде мамлекет жана анын укук коргоо органдары тарабынан кандайдыр бир мажбурлоого же чектелүүгө дуушар болбошу керек дегенди билдирет.

Арыздануучу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүнө шилтеме жасап, адамдын эркиндикке жана жеке кол тийбестикке болгон укугу мамлекеттин, коомдун жана айрым адамдардын кызыкчылыгын коргоо максатында Конституция жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган негиздер боюнча чектелиши мүмкүн деп көрсөтөт. Арыздануучу жарандардын укуктарынын мыйзам менен мындай чектелишине мүмкүнчүлүк берип жатып, адамдын укуктары менен эркиндиктерин чектөөчү негиздердин тизмеси толук болуп, ал эми негиздер так жана бир өңчөй жазылуусу керек деп белгилейт.

Арыздануучунун пикири боюнча, кылмыш жасоого шектүү адамды кармоонун негиздерин регламенттөөчү Кыргыз Рес-

публикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгүнүн редакциясы укук коргоо органдарынын кызмат-керлерине кармоо формасындагы процесстик мажбурлоо чарасын чексиз негиздер боюнча колдонууга мүмкүндүк берет. Арыздануучу, көрсөтүлгөн Кодекстин 94-беренесинин 1-бөлүгүндө шектүү адамды кармоо үчүн негиз болуп саналган жагдайлардын толук тизмеси белгиленген, ал эми ушул эле берененин 2-бөлүгү «шектенүүгө негиз берген башка маалыматтар» деген сөздөрдү камтыйт, буга ар кандай жагдайлар туура келет деп белгилейт. Ошентип, башка көргөндөр менен бирге кылмыш жасалган жерде болгон мурда соттолгон адам анын соттуулугунун негизинде гана кылмыш жасалган жерден кармалышы мүмкүн, анткени бул факт «мындай адамдарды кылмыш жасады деп андан шектенүүгө негиз берген башка маалыматтар» катары бааланышы мүмкүн.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, арыздануучу талашылып жаткан ченемди Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүнүн биринчи абзацына, 24-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу суранууда.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 24-февралындагы аныктамасы менен бул кайрылуу өндүрүшкө кабыл алынган.

Соттук отурумда кайрылуучу тарап өзүнүн талаптарын колдоп, аларды канааттандырууну суранды.

Жоопкер тараптын өкүлү Орозобек уулу Максат кайрылуучу тараптын жүйөлөрү менен макул болбой, өзүнүн көз карашын негиздеп, кийинкидей жүйөлөрдү келтирди.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт ар бир адам эркиндикке жана жеке кол тийбестикке укуктуу деп бекитишкен. Жазык сот өндүрүшүндө жеке кол тийбестик деген эч ким Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинде (11-берененин 1-бөлүгүндө) каралгандан башка негиздерде жана тартипте кармалбашы керек, эркинен ажыратылбашы керек дегенди билдирет.

Кармоо кылмыш жасоого шектүү жана ал үчүн эркинен ажыратуу түрүндө жаза белгилениши мүмкүн болгон шектүү адамга карата гана колдонулат. Конкреттүү адамга карата жазык иши козголгон учурда же адам Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинде белгиленген тартипте кармалган учурдан тарта адам

шектүү деген процесстик статуска ээ болот. Ошону менен адамды башка маалыматтар боюнча кармоонун өзгөчөлүгү талашылып жаткан ченемде көрсөтүлгөн жагдайлардын биринин болуусу милдет болуп саналат.

Адамды кылмыш жасады деп андан шектенүүгө негиз берген башка маалыматтар деп адамдын кылмышка тиешесин кыйыр түрдө көрсөткөн нагыз маалыматтар (далилдер) түшүнүлөт. Тажрыйбада «адамды кылмыш жасады деп андан шектенүүгө негиз берген башка маалыматтардын болуусу» деп, эгер, адамды кылмыш жасады деп шектенүүгө жол берсе, ал эми маалыматтар тиешелүү булактардан, анын ичинде тийиштүү документтештирүү же фиксациялоонун техникалык каражаттарын колдонуу менен ыкчам-издөө чаралардын жүрүшүндө алынган болсо, мыйзамда тике көрсөтүлгөн жагдайлардан тышкары ар кандай конкреттүү жагдайларды түшүнүү керек.

Качуу аракети деп алдын ала тергөө жана тергөө органдарынан качуунун реалдуу мүмкүндүгүн түшүнүү керек, мисалы, адамдын сурakка чакырылган кызматтык же башка башпаанадан качууга жасаган аракети, жашаган жеринен көчүп кетүүгө, иштеген жеринен бошонуп кетүүгө, аскердик жана каттоо эсебинен чыгууга, жол жүрүү документтерин ж.б. алууга жасаган аракеттери. Тийиштүү документтери болбогон, ал эми берилген маалыматты текшерүүгө, тактоого мүмкүнчүлүк болбогон же берилген документтерде тазалаган, оңдолгон, жасаган, бузулган жерлери табылган учурда шектүү адамдын ким экендиги аныкталган эмес деп саналат.

Андан тышкары, кармоону жүзөгө ашырган адамдардын үстүнөн мыйзамдарда ведомстволук процесстик конктрол, прокурордук көзөмөл жана соттук контрол орнотулган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин экинчи өкүлү М.С. Турдугулов Орозобек уулу Максаттын көз карашын жана жүйөлөрүн колдоду.

Баяндалгандын негизинде, жоопкер тараптын өкүлдөрү Кодекстин талашылып жаткан ченемдери Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келбейт деп эсептешүүдө жана кайрылуучу тараптын талаптарын канааттандыруудан баш тартууну суранышууда.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун өкүлү А.У. Нурматов Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 1-бөлүгүндө кылмышты жасоого шектүү адамды

кармоонун негиздеринин тизмеси көрсөтүлгөн деп эсептейт. Ушул эле берененин 2-бөлүгүндөгү негиздерди кеңейтүү бул түшүнүктүн кеңири түшүндүрмөсүнө алып келет.

Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын өкүлү К.С. Сабыров арыздануучунун өтүнүчүн кийинкидей негиздер боюнча канааттандыруусуз калтырылууга тийиш деп эсептейт.

Кармоо шектенүүнү текшерүүгө – адамдын кылмыш жасоого тиешелүү же тиешелүү эместигин аныктоо үчүн, ошондой эле камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын колдонуунун негиздерин аныктоо үчүн арналган.

Кылмыш жасоого шектүү адамды кармоонун себеби мындай, анткени ал төмөнкүдөй аракеттери менен иш боюнча өндүрүшкө тоскоол кылышы мүмкүн: качып кетиши мүмкүн, кылмыш иштерин улантышы мүмкүн же адилеттикти орнотууга тоскоол кылышы мүмкүн (күбөнү, процесстин башка катышуучуларын коркутушу мүмкүн, далилдерди жок кылышы мүмкүн).

Кармоонун негиздери – бул адамдын кылмыш жасоосуна шектенүүгө жол берген жазык-процесстик мыйзамда каралган белгилүү нагыз маалыматтар. Ошентип, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 1-бөлүгүндө шектүү адамды кармоо үчүн так негиздер каралган. Кармоо үчүн кошумча негиздер катары Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгү туруктуу жашаган жеринин болбогондугун, ким экендиги аныкталбагандыгын, качууга аракеттерди, ошондой эле адамды кылмыш жасады деп андан шектенүүгө негиз берген башка маалыматтардын болуусун карайт.

«Башка маалыматтар» катары кылмыш жасоого адамдын тиешелүүлүгү тууралуу тергөө версиясын жылдырууга жол берген ар кандай маалыматты түшүнүү керек. Бул маалыматтар кылмыштын анык издерине (кылмышкердин сыпаттамасы менен шектүү адамдын түспөлдөштүгү, моюнуна алып келүүсү, көрбөгөн адамдардын көрсөтмөлөрү ж.б.у.с.) караганда күнөөлүүлүктүн анча салмактуу эмес далилдери болуп саналганы менен кылмыш жасоо да адамды шектүү дегенге жетиштүү негиздерди берет. Ошентип, жаңы технологиялардын жетишкендиктери кылмыштарды ачууда орчундуу орунга ээ болот, аларды Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 1-бөлүгүндө да, 2-бөлүгүндө да каралган негиздерге киргизүүгө болбойт. Адамды кармоо үчүн негиз болуп саналуучу бардык учурларды мыйзамда эске алуу

мүмкүн эмес, ошон үчүн мыйзамдарда «башка маалыматтардын» толук тизмеси жок болгондуктан, бул маселенин чечилиши кармоону жүзөгө ашырган органдын же кызмат адамынын карамагында калууда. Бул жерде «башка маалыматтар» боюнча адамды кармоо аны кылмышты жасоодо объективдүү түрдө шек саноого жол берген ар кандай жагдайлардын жыйындысы болгондо жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин өкүлү Н.К. Утемисов талашылып жаткан ченем, эгер адам качууга аракет жасаган учурда (шартта), туруктуу жашаган жери болбой же шектүү адамдын ким экендиги аныкталбаган учурда гана «адамды кылмыш жасады деп андан шектенүүгө негиз берген башка маалыматтар» боюнча аны кармоого мүмкүндүк берет деп чечмеледи. «Башка маалыматтар» – бул адамдын кылмышка кыйыр түрдө тиешелүүлүгүн көрсөткөн нагыз маалыматтар (далилдер). Аларга төмөнкүлөр кириши мүмкүн: тергөө жана башка процесстик аракеттердин жыйынтыктары; мыйзамда белгиленген тартипте алынган ыкчам-издөө иш-чаралардын жыйынтыктары; документтер, анын ичинде ревизиянын (инвентаризациянын) жыйынтыктары, адистин же эксперттин корутундулары; айыпталуучу же шектүүнүн көрсөтмөлөрү, ориентировкалардан же ыкчам-профилактикалык мүнөздөгү башка булактардан алынган маалыматтар; сыртынан камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасы берилген жана жеткирилген адамга карата тергөө материалдары ж.б.у.с.

Кармоо үчүн негиздерге караганда «башка маалыматтар» анча аныкталбагандыктан мыйзам бул маалыматтарды кармоо менен белгилүү шарттардын (жашынуу аракетин, туруктуу жашаган жеринин болбогондугун, шектүүнүн ким экендигин аныктаган документтердин болбогондугун) бирге болуусуна байлайт. Бул шарттардын болуусу кармоонун зарылдыгын арттырат, анткени кечиктирилгис мүнөз берет жана адамдын кылмышка тиешелүүлүгү тууралуу божомолдун негиздүүлүгүн көтөрөт.

Мыйзам «адамдын кылмыш жасагандыгын күбөлөндүргөн нагыз маалыматтарды» алардын көп түрдүүлүгүнө байланыштуу көрсөтпөйт да жана мындай маалыматтар алынышы мүмкүн болгон булактарды гана аныктайт. Адамдын кылмыш жасагандыгын күбөлөндүрүлүшү мүмкүн болгон маалыматтарга көрсөтмө Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгүндө гана камтылат.

2017-жылдын
7-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ЧЕЧИМИ

№ 08-Р

Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин өкүлү талашылып жаткан ченем Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келбейт деп эсептейт.

Башка жак катары отурумга чакырылган К.М. Сманалиев кайрылуучу тараптын талабын негиздүү деп эсептейт жана ага кийинкидей түшүндүрмө берди.

Колдонуудагы жазык-процесстик мыйзамга ылайык кармоо жазык-процесстик мажбурлоо чарасы болуп саналат, анын максаты жазык сот өндүрүшү жаатында укуктук тартипти коргоо, мыйзамдуулуктун бузулуусун алдын алуу жана аларды четтетүү, ар бир жазык иш боюнча акыйкаттыкты табуу, кылмыштардан жабыр тарткан жарандардын, мекемелердин жана уюмдардын мыйзамдуу кызыкчылыктарын кайтаруу, кылмышка каршы күрөштө көмөк көрсөтүү. Булар мыйзамда каралган шарттар менен негиздер болгондо гана мүмкүн. «Негиз» деген сөздүн этимологиясы кайсы бир аракетти жасоо үчүн базис дегенди билдирет, ал эми бул учурда болсо, аракет кылмыш жасоодо шектүү адамды кармоого багытталган, демек кармоо Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинде көрсөтүлгөн негиздер болгондо гана мүмкүн. Аталган Кодекстин 94-беренесинин бөлүктөрүнүн анализи кылмышты жасоодо шектенүү боюнча кармоо үчүн негиздердин тизмеси 1- жана 2-бөлүктөрдө толук камтылганын көрсөтүп турат. Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгү «адам кылмышты жасады деп андан шектенүүгө негиз берген башка маалыматтар болгондо адам кармалышы мүмкүн» деген так эмес негизди камтыйт, натыйжада ал жазык куугунтуктоо органдары үчүн бул ченемди кеңири түшүндүрмө берүүгө өбөлгө түзөт да, жарандардын укуктары менен эркиндиктеринин бузулушуна алып келиши мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы тараптардын жүйөлөрүн, башка жактардын түшүндүрмөлөрүн угуп, иштин материалдарын изилдеп чыгып, төмөнкүдөй тыянактарга келди.

1. «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 19-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы кайрылууда ченемдик укуктук актынын конституциялуулугу күмөн саналган бөлүгүнө гана тийиштүү болгон предмет боюнча актыларды чыгарат.

2017-жылдын
7-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ЧЕЧИМИ

№ 08-Р

Ошентип, бул иш боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын кароо предмети болуп Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин төмөнкүдөй мазмундагы 94-беренесинин 2-бөлүгү саналат:

«94-берене. Кылмыш жасоодо шектүү болгон адамды кармоонун негиздери

(2) Адамды кылмыш жасады деп андан шектенүүгө негиз берген башка маалыматтар болгондо, ошондой эле анын туруктуу жашаган жери болбогондо, анын инсандыгы аныкталбаганда жана ал тарабынан качууга аракет жасалганда, ал кармалышы мүмкүн.».

Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодекси мыйзамдарда белгиленген тартипке ылайык кабыл алынган, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 1999-жылдагы № 10, 442-б. Жарчысында жарыяланган, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген жана колдонуудагы акт болуп саналат.

2. Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык ар бир адам эркиндикке жана жеке кол тийбестикке укуктуу, бул жерден адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын, адеп-ахлагын сактоо, башка адамдын укуктары менен эркиндиктерин коргоо максатында Конституция жана мыйзамдар менен чектелиши мүмкүн; ушундай чектөөлөр аскердик же башка мамлекеттик кызматтын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен киргизилиши мүмкүн; киргизилип жаткан чектөөлөр көрсөтүлгөн максаттарга өлчөмдөш болушу керек (24-бereненин 1-бөлүгү, 20-бereненин 2-бөлүгүнүн биринчи абзацы).

Адамдын негизги укугу катары эркиндикке жана жеке кол тийбестикке болгон укуктун маңызы – башка адамдардын, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарын сактап турган шарттарда анын эркине каршы ага өз билемдик менен таасир этүүнү болтурбоодо турат. Адамга таасир этүүнүн чеги мындай таасир этүүнүн негиздерин, тартибин жана анын колдонулушун контролдоону мыйзамдарда бекитүү жолу менен мамлекет тарабынан аныкталат, ошондой эле кепилденет.

Эркиндикке жана жеке кол тийбестикке болгон укуктун конституциялык-укуктук маанисинен адам мыйзамда белгиленген негиздерде жана тартипте гана кармалышы мүмкүн деген келип чыгат.

2017-жылдын
7-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ЧЕЧИМИ

№ 08-Р

Өзүнүн укуктук табияты боюнча кармоо – камакка, кайтарууга алуу сыяктуу эркиндиктен ажыратуунун формаларынын бири. Кармоонун милдеттүү шарты болуп адамды кылмыш жасады деп шектенүү болуп саналат, ал кылмыш үчүн эркиндиктен ажыратуу түрүндөгү жаза колдонулушу мүмкүн. Кармоо жазадан айырмаланып, алдын алуучулук чара, адамдын күнөөсү аныктала электе жана соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү болбогондо колдонулат.

Эркиндиктен ажыратуу, өз кезегинде, үй-бүлөгө жана жеке турмушка, жүрүү эркиндиги сыяктуу көптөгөн укуктарды пайдаланууга терс таасирин тийгизиши мүмкүн жана инсанды өзгөчө алсыз абалга коёт.

Ошону менен бирге, эркиндиктен ар кандай ажыратуу мыйзамдын ченемдерине ылайык болуп, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин маанисине жана духуна, тактап айтканда мамлекет тарабынан болгон өз билемдик аракеттерден адамды коргоого туура келиши керек. Жаранды бийликтин кыянаттык менен пайдалануусунан коргоо зарылдыгы көрсөтүлгөн конституциялык ченемдердин адамдарды эркиндигинен мыйзамдуу ажыратылышы мүмкүн болгон жагдайлардын чектелишин талап кылуусу менен шартталат, андай жагдайлар түзүлгөндө адамдар мыйзамдуу түрдө эркиндигинен ажыратылышы мүмкүн, жана бул жагдайлар жеке эркиндиктин эң эле орчундуу кепилдигинде алып салуу фактыларын эске алганда тар түшүндүрмөгө ээ болушу керек.

Белгилей кете турган нерсе, Конституция жарандарды өз билемдик менен эркинен ажыратуудан (кармоодон) коргоону күчөтүү максатында укуктук тартип органдары тарабынан мыйзамсыз аракеттерди болтурбоого багытталган соттук контролдоону алдын ала караган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы ар бир адамдын эркиндикке жана жеке кол тийбестикке болгон укуктардын кепилдиктеринин жогорулатылган деңгээлин караштырып, бул укукту белгилүү максаттарда, мыйзамда белгиленген тартипте гана, зарыл болгон деңгээлде гана чектөө мүмкүнчүлүгүнө жол берет (20-берененин 2-бөлүгү, 24-берененин 1-бөлүгү).

Мыйзамда каралган чаралар, бир жагынан, конституциялык маанилүү баалуулуктарды коргоону алсыздандырууга, экинчи жагынан, мамлекеттик мажбурлоонун артыкбаш колдонулушуна алып келбей, социалдык чындыкка туура келүүсү керек. Бул

Адам укуктарынын жалпы декларациясынын жоболору менен шайкеш келет, ага ылайык ар бир адам өзүнүн укуктарын жана эркиндиктерин жүзөгө ашырууда башкалардын укуктары менен эркиндиктерин тиешелүү таануусун жана урматын камсыз кылуу жана демократиялык коомдо адептин, коомдук тартиптин жана жалпы байгерликтин адилеттүү талаптарын канааттандыруу максатында тек мыйзамда каралган чектөөлөргө гана дуушар болушу мүмкүн (29-берененин 2-пункту).

Кыргыз Республикасынын Конституциясы адамдын, жарандын укуктарына жана эркиндиктерине чектөө коюуга мыйзам чыгаруучунун укугун аныктап жатып, ошол эле учурда ар бир адамдын эркиндикке жана жеке кол тийбестикке болгон укугу менен мамлекеттин жалпыга маанилүү конституциялык баалуулуктардын корголушун камсыз кылуу милдети ортосунда кызыкчылыктардын өлчөмдөш тең салмагын камсыздай турган укуктук механизмди иштеп чыгууну ага милдеттендирет (20-берене).

3. Жогоруда аталган конституциялык ченемдерди жүзөгө ашырууда Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинде инсандын кол тийбестиги, адамдын, жарандын укуктары менен эркиндиктеринин кайтарылышы принциптери менен шартталган адамды кармоо жөнүндө укуктук жоболор каралган (11, 12-беренелер).

Жазык-процесстик мыйзамдын ченемдеринин мааниси боюнча кармоо процесстик мажбурлоо чарасы болуп эсептелет жана жоопкерчилик чарасы катары каралышы мүмкүн эмес, анткени ал шектүү болгон адам тарабынан укук бузуунун жасалышын болтурбоо үчүн колдонулат жана шектүү болгон адамды мыйзамда белгиленген мөөнөткө эркинен чектөө түрүндө колдонулат. Бул жерден кармоонун негизги максаты шектүү болгон адамдын алдын ала тергөөдөн, тергөөдөн жана соттон жашынып кетүү, иш боюнча чындыкты аныктоону оорлотуу, соттун өкүмүнүн аткарылышын камсыздоо мүмкүнчүлүгүнө бөгөт коюу болуп саналат. Аны колдонуу жарандардын Кыргыз Республикасынын Конституциясында кепилденген эркиндикке жана жеке кол тийбестикке болгон укуктар жаатына кыска мөөнөттүү кол салуу болот (24-берене).

Кыргыз Респбликасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык кылмыш жасоого шектүү болгон адам төмөнкүдөй учурларда кармалышы мүмкүн: эгерде адам кылмыш жасалган мезгилде же ал жасалгандан кийин түздөн-

түз колго түшсө; көрүп тургандар, анын ичинде жабырлануучулар ошол адамды кылмыш жасаган адам катары ачык көрсөтүп турушса; шектүү адамдан же анын кийиминен, анын жанынан же анын жашаган жеринен кылмыштын ачык белгилери табылса.

Ошол эле учурда, адамды кылмыш жасады деп андан шектенүүгө негиз берген башка маалыматтар болгондо да, ошондой эле туруктуу жашаган жери болбогондо, ким экендиги аныкталбаган учурда жана ал качууга аракет жасаганда кармалышы мүмкүн (94-берененин 2-бөлүгү). Бул маалыматтар кылмыш жасады деп шектүү адамды тике көрсөтпөйт жана кылмыштын даана издерине караганда адамдын күнөөлүү экендиги тууралуу далилдери анчалык салмактуу эмес.

Адамды кармоо үчүн негиз болгон бардык учурлардагы маалыматтар мыйзамда белгиленген кепилдиктерди сактоо процесстик каражаттар менен текшерилүү керек жана жазык ишке далил катары тиркелиши керек. Адамды кармоонун мыйзамдуулугун соттук текшерүүдө кармоо үчүн негиз болгон маалыматтын анык же туура эместиги тергөө органдарынын аракеттерин өз билемдик же мыйзамсыз деп таанылган юридикалык кесепеттерге алып келиши керек, ал эми шектүү адам токтоосуз бошотулууга тийиш.

4. Талашылып жаткан ченемдин мазмунунан адам төмөнкүдөй негиздер боюнча кармалышы мүмкүн деген маселе келип чыгууда: адамды кылмыш жасады деп андан шектенүүгө негиз берген башка маалыматтар болгондо, туруктуу жашаган жери болбогондо, ким экендиги аныкталбаган учурда жана ал качууга аракет жасаганда. Талашылып жаткан ченемди баяндоонун мыйзам чыгаруу техникасын колдонууну эске алуу менен келтирилген негиздер адамды кылмыш жасады деп шектенүү боюнча кармоодо ал ченемдер өз алдынча иштейт.

«Адамды кылмыш жасады деп андан шектенүүгө негиз берген башка маалыматтар болгондо» деген адамды кармоонун мындай негиздемеси Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн башка негиздер менен байланышсыз так жана бир маанилүү эмес ченемди билдирет, мындай жагдай кеңири караштырууга мүмкүнчүлүк берип, Кыргыз Республикасынын Конституциясында кепилденген жарандардын конституциялык укуктарынын бузулушуна олуттуу коркунуч туудурат.

Талашылып жаткан ченемди кеңейтип түшүндүрүүнүн негизинде кармоо сыяктуу процесстик мажбурлоо чарасын

адамга карата колдонуу өлчөмсүз жана эркиндик менен жеке кол тийбестикке болгон конституциялык укукту акыйкатсыз чектөө болуп саналат. Жарандын эркиндикке жана жеке кол тийбестикке болгон конституциялык укугунан ажыратуу же чектөө башкача түшүндүрүүнү жокко чыгарган белгилүү мыйзамдуу негизде жана критерийлердин негизинде жүзөгө ашырылышы керек жана конституциялык, жазык-процесстик мыйзамдардын концептуалдык негиздерине ылайык келиши керек.

Укуктук айкындык принцибине ылайык укуктук ченемдердин формалдуу айкындык, тактык, ачыктык, кош маанилүүлүккө жол бербеген жана колдонуудагы укуктук жөнгө салуу тутумундагы шайкештиги зарылдык менен шартталат, анткени укуктук ченемди бир өңчөй түшүнүү жана түшүндүрүү шартында гана укуктук айкындык камсыз болушу мүмкүн. Көрсөтүлгөн критерийлерге жооп бербеген мыйзам жоболору кайчылашкан укук колдонуучулук тажрыйбаны жаратат, аны ар кыл түшүндүрүү жана өз билемдик менен колдонуу мүмкүндүгүн түзөт, ошентип адамдын жана жарандын конституциялык укуктары менен эркиндиктеринин бузулушуна алып келиши мүмкүн.

Ушуга байланыштуу, «адамды кылмыш жасады деп андан шектенүүгө негиз берген башка маалыматтар болгондо» деген негиздемени кылмыш жасоого шектүү болгон адамды кармоо үчүн өз алдынча иштеген негиз катары колдонуу Кыргыз Республикасынын Конституциясында кепилденген ар бир адамдын эркиндикке жана жеке кол тийбестикке болгон укугун бузушу мүмкүн.

Бирок, бул негизди Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн башка негиздер менен өз ара байланышта колдонулушу «башка маалыматтар» деген сөздөр жыйындысында ушул эле берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн негиздерден кем болбогон адилет соттун максаттарына жетишүү үчүн маани берет. Демек, «кылмыш жасады деп андан шектенүүгө негиз берген башка маалыматтар болгондо» деген негизди Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн негиздер менен чогуу жана алар болгондо колдонуу укуктар менен эркиндиктердин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүндө белгиленген максаттарга өлчөмдөш чектөө болуп саналат.

5. Талашылып жаткан ченем менен бекитилген адамдын туруктуу жашаган жери болбогондо, ким экендиги аныкталбаганда, анын

качууга аракет жасаганда деген кармоонун негиздери эркиндикке жана жеке кол тийбестикке болгон укуктардын кепилдиктери жөнүндө конституциялык орнотмолоруна ылайыктуулугу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгү менен тутумдаш байланышта текшерилген.

Башка жарандардын укуктары менен эркиндиктерине зыян келтирген адамдардын кылмыш иштерине бөгөт коюуга багытталган кармоо институтунун максаттарын эске алып, «туруктуу жашаган жери болбогондо», «анын ким экендиги аныкталбаганда», «ал тарабынан качууга аракет жасалганда» деген адамды кармоонун мындай негиздери мыйзамдуулуктун сакталышын камсыздоого чакырылган тергөө органдары жана соттор кылмыш жасоодо шектүү адам тергөөдөн качып, иш боюнча далилдерди жок кылып, тиешелүү жазадан кутулуп кетиши мүмкүн деген жүйөлүү коркунучтарды туудурат. Мындай учурлардын болгону кармоону зарыл кылат, анткени ага кечиктирилигис мүнөз берип, адамдын кылмышка тиешелүүлүгү тууралуу божомолдун негиздүүлүгүн арттырат.

Ошону менен бирге, кармоо жаза мүнөзүнө же инсанга зөөкүр мамилеге айланбай, тек сот адилеттигинин максаттарына жетишүү үчүн гана зарыл, керектүү чара болуп кала бериши керек. Ошон үчүн жогоруда аталган негиздердин формалдуу болуусу кылмыш жасоодо шектүү адамды милдеттүү түрдө кармоого жана эркинен ажыратууга алып келбеши керек. Анын алдында тигил же бул адамдын кылмыш жасоодо объективдүү түрдө шектенүүгө негиз берген анык «башка маалыматтар», ошондой эле ал инсандын өзгөчө кандай экендигине байланыштуу анын эркинен ажыратуудан башка таасир этүүнүн формасы жок экени да болушу керек.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүнүн 1-пунктун, 8-, 9-бөлүктөрүн, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 46-, 47-, 48-, 51- жана 52-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

Ч Е Ч Т И:

1. Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүнүн биринчи абзацына,

2017-жылдын
7-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ЧЕЧИМИ

№ 08-Р

24-беренесинин 1-бөлүгүнө ушул Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнүн 4-, 5-пункттарында көрсөтүлгөн конституциялык-укуктук түшүнүктө карама-каршы келбейт деп таанылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши ушул Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнүн 4-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгүнө тийиштүү өзгөртүү киргизсин.

3. Чечим акыркы жана даттанылууга жатпайт, жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет.

4. Чечим бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары, коомдук бирикмелер, юридикалык жактар жана жеке жактар үчүн милдеттүү жана республиканын бүткүл аймагында аткарылууга тийиш.

5. Бул чечим мамлекеттик бийлик органдарынын расмий басылмаларында, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын расмий сайтында жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Жарчысында» жарыялансын.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ

Жаран Замирбек Тургунбаевич Жоошевдин кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимине карата судьялар М.Ш. Касымалиевдин, А.О. Нарынбекованын жана Ч.О. Осмонованын өзгөчө пикири

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы 2016-жылдын 7-июнунда жаран Замирбек Тургунбаевич Жоошевдин кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти карады. Чечимдин резолютивдик бөлүгүнүн 2-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Жазык-процестик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүнүн биринчи абзацына, 24-беренесинин 1-бөлүгүнө ушул Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнүн 4-, 5-пункттарында көрсөтүлгөн конституциялык-укуктук түшүнүккө карама-каршы келбейт. Бирок, биз Конституциялык палата кабыл алган Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнүн 4-пунктунда баяндалган тыянактар менен макул эмеспиз.

Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгү кылмыш жасады деп андан шектенүүгө негиз берген башка маалыматтардын негизинде, ошондой эле туруктуу жашаган жери болбогондо, ким экендиги аныкталбаганда жана ал (адам) качууга аракет жасаган учурда ал (адам) кармалышы мүмкүн деп белгилейт. Ошентип, кармоо алдын алуучулук мүнөзгө ээ болот жана кылмыш жасоодо шектенүү болгон адамга карата колдонулат. Бул жерден кармоонун негизги максаты шектүү болгон адамдын алдын ала тергөөдөн, тергөөдөн жана соттон жашынып кетүү, иш боюнча чындыкты аныктоону оорлотуу, соттун өкүмүнүн аткарылышын камсыздоо мүмкүнчүлүгүнө бөгөт коюу болуп саналат.

Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнүн 4-пунктунда талашылып жаткан ченемди баяндоонун мыйзам чыгаруу техникасын колдонууну эске алуу менен келтирилген негиздер адамды кылмыш жасады деп шектенүү боюнча кармоодо ал ченемдер өз алдынча иштейт деп белгиленген. Бул «адамды кылмыш жасады деп андан шектенүүгө негиз берген башка маалыматтар болгондо» деген адамды кармоонун мындай негиздемеси Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн башка негиздер менен байланышсыз дегенди билдирет. Конституциялык палатанын укуктук көз карашына ылайык, «адамды кылмыш жасады деп андан шектенүүгө негиз берген башка маалыматтар болгондо» деген адамды кармоонун мындай негиз-

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун
Конституциялык палатасынын чечимине
карата судьялар М.Ш. Касымалиевдин,
А.О. Нарынбекованын жана Ч.О. Осмонованын
өзгөчө пикири

демеси так жана бир маанилүү эмес ченемди туюндуруп, мындай жагдай кеңири караштырууга мүмкүнчүлүк берет жана Кыргыз Республикасынын Конституциясында кепилденген жарандардын конституциялык укуктарынын бузулушуна олуттуу коркунуч туудурат.

Андан тышкары, Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнүн 4-пунктунда «адамды кылмыш жасады деп андан шектенүүгө негиз берген башка маалыматтар болгондо» деген негиздемени кылмыш жасоого шектүү болгон адамды кармоо үчүн өз алдынча иштеген негиз катары колдонуу Кыргыз Республикасынын Конституциясында кепилденген ар бир адамдын эркиндикке жана жеке кол тийбестикке болгон укугун бузушу мүмкүн. Мында бул негизди Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн башка негиздер менен өз ара байланышта колдонулушу «башка маалыматтар» деген сөздөр жыйындысында ушул эле берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн негиздерден кем болбогон адилет соттун максаттарына жетишүү үчүн маани берет жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүндөгү укуктар менен эркиндиктерди белгиленген максаттарга өлчөмдөш чектөө болуп саналат.

Бирок, биз «адамды кылмыш жасады деп андан шектенүүгө негиз берген башка маалыматтар болгондо» деген негиз өз алдынча негиз катары, жыйындыга байланышпастан жана Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгүндө белгиленген башка негиздер өз ара байланышы жок колдонулушу керек деп эсептейбиз. Мыйзам чыгаруучу талашылып жаткан ченемдин аты аталган негиздерин адамды кармоо үчүн өзүнчө, өз алдынча негиздерге бөлүп чыгарган. Анткени, «адамды кылмыш жасады деп андан шектенүүгө негиз берген башка маалыматтар болгондо» деген негиз менен жасалган кылмышка адамдын тиешелүүлүгүнүн башка далилдеринин жыйындысы болгондо гана адамды кармоо жүзөгө ашырылат. Ошонусу менен, тергөө жасалган кылмыш үчүн адамга жаза берилишинин кайтарылбастык принцибин камсыздоого көмөктөшүүдө.

Өзгөчө белгилей кетчү нерсе, «башка маалыматтар» деп адамды кылмыш жасады деп андан шектенүүгө негиз берген далилдердин жардамы менен иш боюнча өндүрүштүн жүрүшүндө табылган жагдайларды түшүнүү зарыл. Мындай жагдайлар болуп, мисалы, жабыр тарткандын, кылмыштын кошо катышуучусу жөнүндө кармалгандын көрсөтмөлөрү, шектүүнүн кебетеси, кылмышкердин сыпаттамасы, түспөлдөштүгү, моюнуна алып келүүсү, көрбөгөн адамдардын көрсөтмөлөрү, күбөлөрдүн көрсөтмө-

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун
Конституциялык палатасынын чечимине
карата судьялар М.Ш. Касымалиевдин,
А.О. Нарынбекованын жана Ч.О. Осмонованын
өзгөчө пикири

лөрү, үн-видео-фото материалдар жана жасалган кылмыш жөнүндө тике ырастаган башкасы кызмат кылышы мүмкүн. Кылмыштын даана издерине салыштырмалуу «башка маалыматтар» анча салмактуу эмес жана анчалык анык далилдер болгонуна карабастан, ошол эле учурда мындай маалыматтардын болуусу кармоо зарылдыгын шарттайт, анткени ага кечиктирилгис мүнөз берет жана кармоо үчүн өз алдынча негиз болуп адамдын кылмышка тиешелүүлүгү жөнүндө маалыматтардын чындыкка жакындыгынын даражасын күчөтөт. Кармоо – кайтарууга алуунун өзүнчө түрү болгон жазык-процесстик мажбурлоонун өз алдынча чарасы, бул бөгөт коюу чарасы тыгыз байланышкан жана аны менен көп жалпы белгисине ээ.

Кармоонун мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү анын шарттарын, тартибин жана колдонуу мөөнөттөрүн так сактоодон, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинде аталган ага карата жүйөлөр менен негиздер болгондо гана колдонуудан келип чыгат.

Кармоону колдонуу үчүн зарыл болгон шарттар төмөнкүлөр: а) жазык иштин болуусу; б) жасаган кылмыш үчүн эркиндиктен ажыратуу түрүндөгү жазасы каралган жана кармоону колдонуусу пландаштырылган адамдан шектенүүнүн болуусу.

Кылмыш жасоодо шектүү адам эркиндикте жүрүп, алгачкы тергөөдөн же алдын ала тергөөдөн жашынып, кылмыш ишин улантат же жазык иш боюнча өндүрүшкө тоскоолдук кылат деген негиздүү коркунучтар алгачкы тергөө органдарын, алгачкы тергөөчүнү, тергөөчүнү же прокурорду аталган адамга жазык-процесстик кармоону колдонууну козгой турган жазык иштин материалдарына негизделген кармоонун жүйөсү болуп саналат.

Ошону менен бирге, тергөөчү 48 сааттык мөөнөт аяктаганга чейин адамды кармоонун мыйзамдуу экенин ырастай турган далилдерди сотко келтириши керек экенин өзгөчө белгилеп кетүү керек, анткени, эгерде, кармоо мыйзамдуу болбогон учурда, жоопкерчилик тергөөчүгө карата каралган, дал ушинтип адамды кармоонун соттук контролу камсыздалат.

Ушуга байланыштуу, «кылмыш жасады деп андан шектенүүгө негиз берген башка маалыматтардын болгондо» деген негиз Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесини 2-бөлүгүндө орнотулган, башка негиздердин жыйындысынан тышкары өз алдынча негиз катары колдонулушу мүмкүн жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүнүн биринчи абзацында, 24-беренесинин 1-бөлүгүндө белгиленген максаттарда укуктар менен эркиндиктердин чектелүүсү өлчөмдөш болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун
Конституциялык палатасынын чечимине
карата судьялар М.Ш. Касымалиевдин,
А.О. Нарынбекованын жана Ч.О. Осмонованын
өзгөчө пикири

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгү конституциялуу жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүнүн биринчи абзацына, 24-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келбейт.

Судьялар ***М.Ш. Касымалиев,***
А.О. Нарынбекова,
Ч.О. Осмонова

2017-жылдын
28-июну
Бишкек шаары

№ 09-Р

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН

Виктория Николаевна Евсюкова, Джамиля Эркеновна Эркенова, Дамира Мырзакуловна Закирова, Сеил Анаркуловна Анаркулова, Чынара Орунтаевна Кадырмахмедова, Асель Амантуровна Бейшееванын кызыкчылыгындагы Мирслан Амангелдыевич Мусуралиев жана Идрис уулу Мирландын кайрылуусуна байланыштуу «Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 28-декабрындагы Мыйзамынын 1-беренесинин 1-пунктунун «б» пунктчасынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча

Ч Е Ч И М И

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу – судья Э.Т. Мамыров, судьялар К. Абдиев, Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, К.М. Киргизбаев, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, Ж.И. Саалаевдин курамында, сот отурумунун катчысы С.А. Джолгокпаева,

кайрылуучу тарап – В.Н. Евсюкова, Дж.Э. Эркенова, Д. М. Закирова, С.А. Анаркулова, Ч.О. Кадырмахмедова, А.А. Бейшееванын кызыкчылыктарын ишеним кат боюнча көздөгөн Мирслан Амангелдыевич Мусуралиев жана Идрис уулу Мирлан;

жоопкер тарап – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ишеним кат боюнча өкүлдөрү Орозобек уулу Максат, Светлана Кадыровна Касмалиева;

башка жактар – Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинин ишеним кат боюнча өкүлү Алмазбек Кыдырмаевич Орозалиев, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын ишеним кат боюнча өкүлү Туратбек Кульчороевич Кульчороевдин катышуусу менен,

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 1-, 6-, 8-, 9- жана 10-бөлүктөрүн, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 4-, 18-, 19-, 37- жана 42-беренелерин жетекчиликке алып, «Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз

2017-жылдын
28-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ЧЕЧИМИ

№ 09-Р

Республикасынын 2016-жылдын 28-декабрындагы Мыйзамынын 1-беренесинин 1-пунктунун «б» пунктчасынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти ачык соттук отурумда карап чыкты.

В.Н. Евсюкова, Дж.Э. Эркенова, Д. М. Закирова, С.А. Анаркулова, Ч.О. Кадырмахмедова, А.А. Бейшееванын кызыкчылыгындагы М.А. Мусуралиев жана Идрис уулу Мирландын өтүнүчү бул ишти карооого себеп болду.

«Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 28-декабрындагы Мыйзамынын 1-беренесинин 1-пунктунун «б» пунктчасынын Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн пайда болуусу бул ишти карооого негиз болду.

Ишти соттук отурумга даярдаган судья-баяндамачы М.Ш. Касымалиевдин маалыматын угуп жана келтирилген материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

Т А П Т Ы:

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2017-жылдын 16-январында В.Н. Евсюкова, Дж.Э. Эркенова, Д.М. Закирова, С.А. Анаркулова, Ч.О. Кадырмахмедова, А.А. Бейшееванын кызыкчылыгын көздөгөн М.А. Мусуралиев жана Идрис уулу Мирлан «Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 28-декабрындагы Мыйзамынын 1-беренесинин 1-пунктунун «б» пунктчасын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 3-бөлүгүнө, 18-беренесине, 20-беренесинин 2-, 3-бөлүктөрүнө, 42-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүч менен кайрылышкан.

Арыздануучулардын өтүнүчүндө «Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 28-декабрындагы Мыйзамы менен Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексинин 487-3-беренеси 2-бөлүк менен толукталган, ага ылайык

2017-жылдын
28-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ЧЕЧИМИ

№ 09-Р

көп квартиралуу үйлөрдөгү турак жайларды сааттык жана суткалык мейманкана катары берүү, өткөрүп берүү, пайдалануу – жарандарга эсептешүү көрсөткүчүнүн – жетимиш, кызмат адамдарына – токсон, юридикалык жактарга – жети жүз өлчөмүндө айып салууга алып келет.

Арыздануучулар белгилегендей, талашылып жаткан ченем Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 42-беренесинин 1-, 2-бөлүктөрү менен кепилденген жарандардын өз мүлкүн эркин тескөө укугун, мүлкүн экономикалык ишмердүүлүк үчүн колдонуу укугун чектөөдө.

Талашылып жаткан ченемге ылайык, алардын пикири боюнча, жоопкерчиликти өзүнүн турак жайын суткага ижарага берген жарандар гана тартат, ал эми квартирасын бир суткадан ашык мөөнөткө ижарага берген жарандардын башка бөлүгү жоопкерчилик тартышпайт, демек, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 3-бөлүгүндө бекитилген бардыгы мыйзам жана сот алдында бирдей деген конституциялык принцип бузулууда.

Арыздануучулар талашылып жаткан ченем менен каралган чаралар бир жагынан социалдык реалияларга туура келиши керек, экинчи жагынан конституциялык-маанилүү баалуулуктардын алсызданышына жана мамлекеттик мажбурлоону артыкбаш колдонууга алып келбеши керек деп эсептешет. Бул Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 1-, 2-бөлүктөрүнө ылайык келет, аларга ылайык Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдар кабыл алынбашы керек; адамдын, жарандын укуктары менен эркиндиктери улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын, адеп-ахлагын сактоо, башка адамдын укуктары менен эркиндиктерин коргоо максатында Конституция жана мыйзамдар менен чектелиши мүмкүн. Киргизилип жаткан чектөөлөр көрсөтүлгөн максаттарга өлчөмдөш болушу керек.

Баяндалганды эске алуу менен, арыздануучулар талашылып жаткан Мыйзамды Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 3-бөлүгүнө, 18-беренесине, 20-беренесинин 2-, 3-бөлүктөрүнө, 42-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таанууну суранышууда.

2017-жылдын 18-январында арыздануучу М.А. Мусуралиев талаптарды өзгөртүү жөнүндө өтүнүч менен кайрылган, өтүнүчүндө

2017-жылдын
28-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ЧЕЧИМИ

№ 09-Р

ал «Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 28-декабрындагы Мыйзамын бүтүндөй эмес, көрсөтүлгөн Мыйзамдын 1-беренесинин 1-пунктунун «б» пунктчасын гана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 3-бөлүгүнө, 18-беренесине, 20-беренесинин 2-, 3-бөлүктөрүнө, 42-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу өтүнүүдө.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 24-февралындагы аныктамасы менен М.А. Мусуралиев жана Идрис уулу Мирландын өтүнүчү, М.А Мусуралиевдин «Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 28-декабрындагы Мыйзамынын 1-беренесинин 1-пунктунун «б» пунктчасын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 3-бөлүгүнө, 20-беренесинин 2-, 3-бөлүктөрүнө, 42-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү бөлүгүндө талапты тактоосун эске алуу менен өндүрүшкө кабыл алынган.

Талашылып жаткан Мыйзамдын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 18-беренесине ылайык келүүсүн текшерүүгө укуктук негиздеме жок болгондуктан аны текшерүүдөн баш тартылды.

Соттук отурумда кайрылуучу тарап өзүнүн талабын колдоду жана аны канааттандырууну суранды.

Жоопкер тараптын өкүлдөрү Орозобек уулу М. жана С.К. Касмалиева кайрылуучу тараптын жүйөлөрү менен макул болгон жок жана Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык ар бир адам Конституцияда жана мыйзамдарда тыюу салынбаган ар кандай иш-аракеттерди жана ишмердикти жүргүзүүгө укуктуу (18-берене); адамдын, жарандын укуктары менен эркиндиктери улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын, адеп-ахлагын сактоо, башка адамдын укуктары менен эркиндиктерин коргоо максатында Конституция жана мыйзамдар менен чектелиши мүмкүн. Киргизилип жаткан чектөөлөр көрсөтүлгөн максаттарга өлчөмдөш болушу керек (20-берене); ар ким өз мүлкүнө, өз ишмердигинин натыйжаларына ээ болуу, колдонуу жана тескөө укугуна ээ; ар ким экономикалык эркиндикке ээ, өз жөндөмдүүлүгү менен мүлкүн мыйзамда тыюу салынбаган ар кандай экономикалык

2017-жылдын
28-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ЧЕЧИМИ

№ 09-Р

ишмердүүлүк үчүн эркин колдонууга укуктуу (42-беренесинин 1-, 2-бөлүктөрү).

Кыргыз Республикасынын Турак жай кодексине ылайык көп батирлүү үйдөгү батир – бир же бир нече турак бөлмөлөрдөн, ошондой эле жарандардын жашап туруусу менен байланышкан алардын муктаждыктарын канааттандыруу үчүн арналган кошумча жайлардан турган көп батирлүү үйдөгү турак жай (1-берене); көп батирлүү үйдөгү турак жайларды мейманкалар үчүн берүүгө, өткөрүп берүүгө, ошондой эле жашоодон тышкары кандай болбосун максаттар үчүн пайдаланууга тыюу салынат (4-берене); турак жай фондун максаттуу колдонуу турак жай мыйзамдарынын принциптеринин бири болуп эсептелет (3-берене). Мында, Кыргыз Республикасынын Турак жай кодексинин 18-беренесине ылайык, турак жайдын менчик ээси аларды чарбакерсиз пайдаланууга жол бербестен, өзүнүн турак жайын жана жалпы мүлкүн талаптагыдай абалда кармоого, башка адамдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын, турак жайларды пайдалануунун эрежелерин, көп батирлүү үйдөгү турак жайлардын менчик ээлеринин жалпы мүлкүн күтүү эрежелерин сактоого милдеттүү.

Инсанды коргоо, адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин, калктын саламаттыгын, санитардык-эпидемиологиялык жагынан бакубаттыгын, коомдук адеп-ахлакты коргоо жана башкасы Администрациялык жоопкерчилик жөнүндө мыйзамдардын милдети болуп саналат (Кыргыз Республикасынын Администрациялык жоопкерчилик жөнүндө кодексинин 2-беренеси).

Жоопкер тараптын өкүлдөрү Кыргыз Республикасынын Администрациялык жоопкерчилик жөнүндө кодексинин 487-3-беренесине болгон өзгөртүүлөр сааттык жана суткалык мейманканалардын турак жай батирлер менен коңшулаш болушу мейманканалардын тургундарынын адепсиз аракеттерине байланыштуу өспүрүмдөргө терс таасирин тийгизип, адеп-ахлактын пайдубалына шек келтирип, жашоочуларды тынч уйкуга болгон жана өз батирлеринде эс алуу укугунан ажыратууга байланыштуу киргизилген деп белгилешүүдө.

Ушуга байланыштуу, мыйзам чыгаруучу көп квартиралуу үйлөрдөгү турак жайларды сааттык жана суткалык мейманкана катары берүү, өткөрүп берүү, пайдалануу үчүн жарандарга, кызмат адамдарга жана юридикалык жактарга администрациялык айып салууну орноткон.

2017-жылдын
28-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ЧЕЧИМИ

№ 09-Р

Жогоруда баяндалгандын негизинде, жоопкер тараптын өкүлдөрү талашылып жаткан ченем Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келбейт деп эсептешүүдө жана аны канааттандыруусуз калтырууну суранышууда.

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин өкүлү А.К. Орозалиев талашылып жаткан ченем мыйзам чыгаруучу тарабынан кабыл алуусу ички иштер органдары үчүн коомдук тартипти жана жарандардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча милдеттерди жана функцияларды ийгиликтүү жана натыйжалуу аткаруу үчүн өз убагындагы жана зарыл чара болду, анткени сааттык жана суткалык мейманкалар, тажрыйба көрсөткөндөй, негизинен акы төлөнүүчү жыныстык кызмат көрсөтүүчүлөрдүн өзүнүн кардарлары менен жолугушуу үчүн же топ болуп үйүгүшүп убакыт өткөрүүчү жай катары пайдаланылат деп эсептейт. Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин өкүлү кайрылуучу тараптын талаптарын негизсиз деп эсептейт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын өкүлү Т.К. Кульчороев, М.А. Мусуралиев жана Идрис уулу Мирландын кайрылуусун кароону соттун карамагына калтырды.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы тараптардын жүйөлөрүн талкуулап, түшүндүрмөлөрүн угуп, иштин материалдарын изилдеп чыгып, төмөнкүдөй тыянактарга келди.

1. «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы кайрылууда ченемдик-укуктук актынын конституциялуулугу күмөн саналган бөлүгүнө гана тийиштүү болгон предмет боюнча актыларды чыгарат.

Ошентип, бул иш боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын кароо предмети болуп, «Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 1-пунктунун «б» пунктчасы саналат.

«1-берене. Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине (Кыргыз Республикасынын

2017-жылдын
28-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ЧЕЧИМИ

№ 09-Р

Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1999-ж., № 2, 77-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 487-3-статьяда:

б) статья төмөнкүдөй мазмундагы 2-бөлүк менен толукталсын:

«Көп квартиралуу үйлөрдөгү турак жайларды сааттык жана суткалык мейманкана катары берүү, өткөрүп берүү, пайдалануу – жарандарга эсептешүү көрсөткүчүнүн – жетимиш, кызмат адамдарына – токсон, юридикалык жактарга – жети жүз өлчөмүндө айып салууга алып келет.».

«Кыргыз Республикасынын Администрациялык жоопкерчилик жөнүндө кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 28-декабрындагы Мыйзамы мыйзамдарда белгиленген тартипке ылайык кабыл алынган, «Эркин Тоо» гезитинин 2017-жылдын 6-январындагы № 1 санында жарыяланган, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген жана колдонуудагы акт болуп саналат.

2. Кыргыз Республикасынын Конституциясы ар ким экономикалык эркиндикке ээ, өз жөндөмдүүлүгү менен мүлкүн мыйзамда тыюу салынбаган ар кандай экономикалык ишмердүүлүк үчүн эркин колдонууга укуктуу деп кепилдейт (42-берененин 2-бөлүгү).

Аталган конституциялык ченем экономикалык ишмердүүлүк эркиндигин берүү менен рынок экономикасын түзүү үчүн ылайыктуу чөйрөнү жаратууга багытталган. Экономикалык ишмердүүлүк адамдын жеке автономиясына, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн экономикалык чөйрөдө эркин башкарууга негизделген субъекттин өзүн-өзү социалдык ишке ашыруусунун түрлөрүнүн бири болуп эсептелет. Аталган ишмердүүлүктө көбүнесе экономикалык чечимдерди кабыл алуудагы эркиндик чагылдырылат, башкача айтканда рыноктук атаандаштык шарттарында ишкердик ишти уюштурууга жана ийгиликтүү алып барууга багытталган инсан тарабынан өзүнүн индивидуалдык мүмкүнчүлүктөрүн жана өзгөчөлүктөрүн түшүнүү менен чексиз колдонуу.

Бирок, экономикалык эркиндикке болгон укук, өз жөндөмдүүлүгү менен мүлкүн ар кандай экономикалык ишмердүүлүк үчүн эркин колдонуу укугу абсолюттук мүнөздө болушу мүмкүн эмес, бул Конституциянын өзүнөн келип чыгат жана коомдук кызыкчылыктарды эске алуу зарылдыгын болжойт. Дал ушуга байланыштуу мыйзам чыгаруучу ага берилген дискрециянын

2017-жылдын
28-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ЧЕЧИМИ

№ 09-Р

алкагында экономикалык ишмердүүлүктө колдонулган мүлктүн кээ бир түрлөрү үчүн укуктук жөнгө салуунун режимин аныктоого укуктуу.

Демек, менчик ээси эрк автономиясына ээ жана өз ыктыяры боюнча ага таандык мүлккө карата мыйзамга карама-каршы келбеген жана башка адамдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузбаган иш-аракеттерди жасоого укуктуу.

3. Кыргыз Республикасынын Конституциясы ар кимге өзүнүн мүлкүнө ээ болуу, пайдалануу жана аны тескөө укугун кепилдеп жатып, менчик ээлери тарабынан өз укуктарын жүзөгө ашыруунун чектери менен тартиби, аларды коргоонун кепилдиктери мыйзам менен аныкталат деп белгилеген (12-берененин 6-бөлүгү).

Мында, мыйзам чыгаруучу башка адамдардын мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыздоо зарылдыгын эске алып, менчикке болгон укуктун мазмунунан айрым ыйгарым укуктарды жокко чыгарбастан, жөн гана менчик ээсинин субъективдүү укугун жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүктөрүн таарыта турган чектөөлөрдү орнотушу мүмкүн. Мындай укуктук жөнгө салуу юридикалык теңдикке жана калыстыкка негизделген укуктук мамлекеттин принциптерине туура келиши керек жана менчик укугу деген адамдын жана жарандын башка укуктары жана эркиндиктери сыяктуу эле Кыргыз Республикасынын Конституциясында (1-, 6-, 12- жана 16-беренелери) жана эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптери жана ченемдеринде таанылат жана кепилденет дегенден келип чыгышы керек.

Демек, жаранга өзүнүн мүлкүн ар кандай экономикалык ишмерлик үчүн эркин колдонуу укугун бекитүү менен, Кыргыз Республикасынын Конституциясы, бул укук мыйзамда тыюу салынбаган учурда гана берилиши мүмкүн деп белгилейт. Башкача айтканда, жарандардын мүлктү экономикалык максаттарда эркин колдонуунун конституциялык укугу улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын жана адеп-ахлагын сактоо, башка адамдардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо максатында зарыл болгон деңгээлде чектелиши мүмкүн (20-берененин 2-, 3-бөлүктөрү). Мында, бул конституциялык орнотмолор Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 29-беренесинин 2-бөлүгү менен шайкеш келет, ал жерде адам өзүнүн укуктарын жана эркиндиктерин жүзөгө ашырууда башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин керектүү деңгээлде

2017-жылдын
28-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ЧЕЧИМИ

№ 09-Р

таанууну жана урматтоону, демократиялык коомдогу адеп-ахлак жана коомдук тартиптин адилеттүү талаптарын канааттандырууну камсыздоо максатында мыйзамда белгиленген гана чектөөлөргө дуушар болушу мүмкүн деп аныкталган.

4. Кыргыз Республикасы ар кимге турак жайлуу болуу укугун кепилдейт (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 46-беренесинин 1-бөлүгү). Бул укук адамдын жана жарандын ажырагыс жана жалпыга таанылган укуктардын бири катары анын социалдык-экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн жүзөгө ашыруу формасы болуп саналат жана татыктуу жашоо-турмушка болгон мамлекеттин конституциялык кепилдигинин сапаттуу көрсөткүчтөрүнүн бир түрү болот (9-берененин 1-бөлүгү).

Көрсөтүлгөн конституциялык жоболор социалдык маанилүү функцияны аткарат жана мамлекет бул чөйрөдө өзүнө алган милдеттердин натыйжалуу аткарылышын кепилдеген мыйзамдардагы шарттарды түзүү зарылдыгын алдын ала аныктайт.

Адамдын эркин өнүгүүсү жана ага татыктуу жашоону камсыздоо зарылдыгы турмуш-тиричилигинин зарыл каражаты сыяктуу турак жайга болгон табигый муктаждыгын канааттандыруу зарылдыгынан ажыратып кароо мүмкүн эмес. Бул максаттарга жетишүү үчүн мыйзам чыгаруучу Кыргыз Республикасынын Турак жай кодексинде жарандардын менчигинде турган турак жайларды пайдалануу, ээ болуу жана тескөө чектерин аныктаган.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Турак жай кодексинин 1-беренесине ылайык, көп батирлүү үйдөгү батир туруктуу же убактылуу жашоо үчүн арналган жана пайдаланылат, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген техникалык, санитардык жана башка милдеттүү талаптарга жооп берет.

Көп квартиралуу үйдөгү квартиралардын турак жай катары укуктук табияты жана касиети аларда жарандардын тек гана жашоосу үчүн пайдалануусунда турат. Бул учурда жашоо деп, жарандын көп квартиралуу үйдүн конкреттүү квартирасында жашоочу катары узак мөөнөттүү мезгил ичинде нагыз турган фактысы түшүнүлөт.

Ошентип, турак жай мыйзамдарынын принциптерин жетекчиликке алып, мыйзам чыгаруучу көп квартиралуу үйлөрдөгү турак жайларда мейманканаларды жайгаштырууга, ошондой эле жашоодон тышкары ар кандай башка максаттар үчүн аларды пайдаланууга тыюу салган (Кыргыз Республикасынын Турак жай кодексинин 3-беренеси, 4-беренесинин 3-бөлүгү).

2017-жылдын
28-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ЧЕЧИМИ

№ 09-Р

Бирок, көп квартиралуу үйлөрдө мейманканаларды жайгаштырууга тыюу салынгандыгына карабастан, Кыргыз Республикасында бул тартип жарандар тарабынан сакталган эмес, натыйжада көптөгөн жарандардын конституциялык укуктары менен эркиндиктеринин бузулушуна алып келген.

Демек, турак жай мыйзамдарынын ченемдик көрсөтмөлөрүн кадыресе, Кыргыз Республикасынын Турак жай кодексинин 4-беренесин бузуу үчүн административдик жоопкерчиликти орнотуу, мыйзам чыгаруучунун ченем жаратуучу ишмерлигинин ырааттуу уландысы болуп саналат.

Ошентип, сааттык жана суткалык мейманкана катары көп квартиралуу үйлөрдөгү турак жайларды берүү, өткөрүү жана пайдалануу үчүн административдик айып салууну бекиткен талашылып жаткан ченем коомдук тартипти, калктын саламаттыгын жана адеп-ахлагын кайтарууну, башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоону камсыздоонун конституциялык максаттарына өлчөмдөш чектөө болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп каралышы мүмкүн эмес.

5. Мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей (16-берененин 3-бөлүгү) деген конституциялык жобо укуктук мамлекеттин негиздөөчү башаттарынын бири болуп саналат.

Бул укуктук, экономикалык жана уюштуруучулук чаралардын тутуму аркылуу укуктардын жана эркиндиктердин бардыгы үчүн бирдей кепилдиктерин түзүү милдети мамлекетке жүктөлөт дегенди билдирет. Жалпылаштырылган планда мыйзам алдында бардыгы бирдей деген талап тыюу салуучу аспектини да камтыйт, бардыгынын мыйзамга болгон бирдей мамилеси мыйзам чыгаруу актыларында кандайдыр бир кемсинтүүчү мүнөздөгү ченемдердин болуу мүмкүнчүлүгүнүн өзүн жокко чыгаруусу керек.

Ушул конституциялык кепилдикке ылайык мамлекет көп квартиралуу үйдөгү турак жайлардын менчик ээлерине алардын турак жайларына болгон укуктардын бирдей көлөмүн берет. Көп квартиралуу үйлөрдөгү турак жайларды мейманкана катары максаттуу багыты боюнча эмес пайдалануу үчүн юридикалык жоопкерчиликти караган колдонуудагы укуктук жөнгө салуу көп квартиралуу үйлөрдөгү турак жайлардын бардык менчик ээлерине бирдей даражада таандык жана кандайдыр бир өзгөчөлүктөрсүз колдонулат.

2017-жылдын
28-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ЧЕЧИМИ

№ 09-Р

Жогоруда баяндалгандын негизинде, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүнүн 1-пунктун, 8- жана 9-бөлүктөрүн, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 46-, 47-, 48-, 51- жана 52-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

Ч Е Ч Т И:

1. «Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 28-декабрындагы Мыйзамынын 1-беренесинин 1-пунктунун «б» пунктчасы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 3-бөлүгүнө, 20-беренесинин 2-, 3-бөлүктөрүнө жана 42-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деп таанылсын.

2. Чечим акыркы жана даттанылууга жатпайт, жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет.

3. Чечим бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары, коомдук бирикмелер, юридикалык жактар жана жеке жактар үчүн милдеттүү жана республиканын бүткүл аймагында аткарылууга тийиш.

4. Бул чечим мамлекеттик бийлик органдарынын расмий басылмаларында, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын расмий сайтында жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Жарчысында» жарыялансын.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ

2017-жылдын
5-июлу
Бишкек шаары

№ 10-Р

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН

Бекболот Жыргалбекович Касаболотовдун кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 60-беренесинин 4-бөлүгүнүн 7-пунктунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча

Ч Е Ч И М И

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу – судья Э.Т. Мамыров, судьялар К. Абдиев, Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, К.М. Киргизбаев, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, Ж.И. Саалаевдин курамында, сот отурумунун катчысы Н.А. Кененсариеванын,

кайрылуучу тарап – Бекболот Жыргалбекович Касаболотов, анын ишеним кат боюнча өкүлү Нурбек Акбарович Токтакунов,

жоопкер тарап – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ишеним кат боюнча өкүлү Чынгызбек Муртазакулович Бердимуратов;

башка жактар – Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун ишеним кат боюнча өкүлү Алтынбек Урубаевич Нурмаматов, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын ишеним кат боюнча өкүлү Улан Таштемирович Айтбаев, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин юридика факультетинин «Жазык укугу жана процесс» кафедрасынын доценти Бактыбек Сулайманович Батырбаевдин катышуусу менен,

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 1- жана 6-бөлүктөрүн, "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 4-, 18-, 19-, 37- жана 42-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 60-беренесинин 4-бөлүгүнүн 7-пунктунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти ачык соттук отурумда карап чыкты.

Б.Ж. Касаболотовдун өтүнүчү бул ишти кароого себеп болду.

Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 60-беренесинин 4-бөлүгүнүн 7-пунктунун Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн пайда болуусу бул ишти кароого негиз болду.

Ишти соттук отурумга даярдаган судья-баяндамачы А.О. Нарынбекованын маалыматын угуп жана келтирилген материалдарды

2017-жылдын
5-июлу
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ЧЕЧИМИ

№ 10-Р

изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

Т А П Т Ы:

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2017-жылдын 6-февралында жаран Б.Ж. Касаболотовдун Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 60-беренесинин 4-бөлүгүнүн 7-пунктун конституциялык эмес жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 26-беренесинин 5-бөлүгүнө, 99-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Кайрылуучу тарап өзүнүн өтүнүчүндө Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 60-беренесинин 4-бөлүгүнүн 7-пункту шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун жакын туугандары күбө катары суракка алынышы мүмкүн эмес деген жобону камтыйт деп белгилейт.

Кайрылуучу тарап, шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун жакын туугандарын күбө катары суракка алууга тыюу салуу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 26-беренесинин 5-бөлүгүн туура эмес чечемелөө болуп саналат, ага ылайык эч ким жеке өзүнө, жубайына жана мыйзам менен аныкталуучу жакын туугандарынын чөйрөсүнө каршы күбө катары өтүүгө милдеттүү эмес. Бул конституциялык ченемден ар кимдин жеке өзүнө, жубайына жана жакын туугандарына каршы күбө катары өтөөрүн же көрсөтмө берүүдөн баш тартаарын өзү билип чечүү укугу келип чыгат.

Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 60-беренесинин 4-бөлүгүнүн 7-пункту Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жогоруда келтирилген ченемине карабастан шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун жакын туугандары күбө катары суракка алынышы мүмкүн эмес деп бекитет. Аны менен, кайрылуу субъектинин пикири боюнча, талашылып жаткан ченемдин ченемдик көрсөтмөсү мындай жарандардын жакын туугандарына каршы көрсөтмө берүү же андай көрсөтмө берүүдөн баш тартуу эркиндигине тоскоолдук кылат.

Б.Ж. Касаболотов Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 26-беренесинин 5-бөлүгүнүн ченемдик көрсөтмөсүнүн мааниси эч ким кимдир бирөөнү жеке өзүнө, жубайына же жакын туугандарына каршы көрсөтмө берүүгө, ошондой эле көрсөтмө бербөөгө милдеттендирүүгө укугу жок дегенде камтылат деп эсептейт.

2017-жылдын
5-июлу
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ЧЕЧИМИ

№ 10-Р

Анын пикири боюнча, талашылып жаткан ченем менен бекитилген тыюу салуу, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 99-беренесинин 3-бөлүгүндө каралган тараптардын атаандаштыгы жана тең укуктуулугу принциптерин бузууда.

Атаандаштык принциби иш үчүн орчундуу мааниси бар жагдайлардын баарын аныктап билүү жана сот тарабынан негиздүү чечим чыгаруу үчүн жагымдуу шарттарды түзөт. Бул принципке ылайык, эгер тараптар болушунча жагымдуу чечим алууну каалашса, алар иш үчүн орчундуу мааниси бар юридикалык фактыларды сотко билдиришет, сотко бул фактыларды ырастаган же төгүнгө чыгарган далилдерди белгилешет же келтиришет, ошондой эле, сотту өзүнүн туура айткандыгына ынандырууга багытталган мыйзамда каралган башка процесстик аракеттерди жасашат.

Бирок, талашылып жаткан ченем шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун жакын туугандарынын күбө катары өтүшүнө жол бербей, тараптарды ушул күбөлөрдүн, эгер алар көрсөтмө берүүгө ниетин билдирсе, көрсөтмөлөрүнө шилтеме жасоо мүмкүнчүлүгүнөн ажыратууда.

Тең укуктуулук принциби сот алдында бир да тарап өзүнүн көз карашын жактоодо жана өзүнүн кызыкчылыктарын коргоодо тең процесстик укуктарга жана мүмкүнчүлүктөргө ээ болуп жатып, сот алдында артыкчылыкка ээ эмес дегенди билдирет. Күбөлөрдүн – шектүүнүн, айыпкердин жана соттолуучунун жакын туугандарынын көрсөтмөлөрүн пайдалануу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратуу башка тарапка жеке көз карашын жактоодо артыкчылыктын пайда болушуна алып келет.

Андан тышкары, Б.Ж. Касаболотов талашылып жаткан ченем күбөнүн же жабыр тарткандын өзүн же жакын туугандарын кылмыш жасоого тиешелүү экендигин ырастаган көрсөтмө берүүдөн баш тартуу укугу жөнүндө тергөөчүнүн түшүндүрмө берүү милдетин караган, күбөнү жана жабыр тартканды суракка алуунун тартибин жөнгө салган Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 192-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келет деп эсептейт. Тергөөчүнүн мындай милдети күбөлөрдүн ушундай укугу бар экендигин ырастайт.

Баяндалгандын негизинде, кайрылуучу тарап Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин көрсөтүлгөн ченемин Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп таанууну сурануууда.

2017-жылдын
5-июлу
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ЧЕЧИМИ

№ 10-Р

Судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 16-мартындагы аныктамасы менен бул кайрылуу өндүрүшкө кабыл алынган.

Соттук отурумда кайрылуучу тарап өзүнүн талаптарын колдоду жана аларды канааттандырууну суранды.

Жоопкер тараптын өкүлү Ч.М. Бердимуратов кайрылуучу тараптын жүйөлөрү менен макул болгон жок жана Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 60-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык, эгер 60-берененин 4-бөлүгүнүн 6-пунктунда аталган адамдар көрсөтмө бергиси келсе, анда алар ушул Кодекстин эрежелери боюнча суракка алынат деп көрсөтүүдө.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин өкүлү «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 17-июлундагы Мыйзамында талашылып жаткан ченемдин туура эмес регламентациясына алып келген пункттардын нумерациясынын жылып кетишине учураткан техникалык мүчүлүштүктөр кеткен деп белгиледи.

Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин өкүлү Б.Ж. Касаболотовдун өтүнүчүн чечүүнү соттун карамагына калтырды.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун өкүлү А.У. Нурматов Б.Ж. Касаболотовдун өтүнүчүндө көрсөтүлгөн жүйөлөрдү колдоду жана жеке өзүнө, жубайына жана жакын туугандарына каршы көрсөтмө бербөө укугу мажбурлоонун жана кысым көрсөтүүнүн жардамы менен алынган далилдерди айыптоонун колдоно албастыгына көмөк болот деп эсептейт. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдери белгилүү чөйрөнүн адамдарына күбө болбоо иммунитетин берип, алар макул болгон учурда аларды суракка алуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарбайт жана адамдын өзүнө белгилүү маалыматты жеке өзүнүн жана жакын туугандарынын пайдасына колдонуу укугун жүзөгө ашыруусуна тыюу салуу катары каралышы мүмкүн эмес.

Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын өкүлү У.Т. Айтбаев кайрылуучу тараптын жүйөлөрү менен макул болду, ошону менен бирге, шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун жакын туугандарын суракка алуунун тергөө тажрыйбасын изилдөө, тергөө жана соттук териштирүү мезгилинде жакын туугандарынын өзүлөрүнүн макулдугу менен алар далилдерди же адамдын алибисин, же иштин башка жагдайларын аныктоо үчүн суракка алынаарын көрсөттү деп белгиледи.

2017-жылдын
5-июлу
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ЧЕЧИМИ

№ 10-Р

Андан тышкары, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 19-беренеси тергөөчүнү иштин жагдайын ар тараптан, толук жана объективдүү изилдөө үчүн ушул Кодексте каралган бардык чараларды көрүүгө, шектүүнүн, айыпкердин бетин ача турган да, жактоочу да, ошондой эле алардын жоопкерчилигин жеңилдетүүчү жана оордотуучу жагдайларды табууга милдеттендирет.

Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 192-беренесинде күбөнү жана жабырлануучуну суракка алуу тартиби көрсөтүлгөн. Кодекстин бул жобосу тергөөчүнүн күбө же жабырлануучуга алардын өздөрүн, же жакын туугандарынын кылмыш жасагандыгын бетин ачкан көрсөтүүлөрдү берүүдөн баш тартууга укуктуу экендигин түшүндүрүү милдетин бекитет.

Ошондой эле У.Т. Айтбаев, эгер шектүү, айыпкер, соттолуучу өзүн коргоо үчүн, анын жакын туугандарын суракка алуу жолу менен гана аныктыгы тактала турган алиби келтирсе же болбосо жакын туугандардын бири башка жакын тууганынын жазык жазасы берилүүчү жосун жасагандыгы жөнүндө билдирген болсо, бирок чындыкты аныктоо үчүн башка жакын туугандарды суракка алуу зарыл болсо, анда Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин колдонуудагы 60-беренесинин 4-бөлүгүнүн 7-пункту аларды иштин жагдайлары боюнча суракка алууга жол бербейт деп кошумча белгиледи. Ошону менен, адам бул маселенин объективдүү каралышы үчүн өзүнүн укуктарын жүзөгө ашыра албайт, ал эми Кыргыз Республикасынын Конституциясы ар кимдин укуктарынын корголушун кепилдеп турат. Андан тышкары, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын өкүлү Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 60-беренесинин мурунку редакциясында шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун жакын туугандары күбө катары суракка алынууга жатпайт деп каралган болуучу деп белгиледи. Бирок, эгер жакын туугандар көрсөтмө бергиси келишсе, алар ушул кодекстин эрежелери боюнча суракка алынат деген шилтемеси бар болуучу.

Баяндалганды эске алуу менен, У.Т. Айтбаев талашылып жаткан ченем Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп эсептейт.

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин юридикалык факультетинин «Жазык укугу жана процесс» кафедрасынын доценти Б.С. Батырбаев Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 1-бөлүгүндө камтылган мыйзам

2017-жылдын
5-июлу
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ЧЕЧИМИ

№ 10-Р

жана сот алдында жарандардын баары бирдей деген принципке ылайык жазык процессте жакын туугандыгы бар жарандар күбө болуу жана көрсөтмө берүү конституциялык укугунан ажыратылбашы керек деп белгиледи.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 26-беренесинин 5-пунктуна ылайык жеке өзүнө, жубайына жана жакын туугандарына каршы күбө катары өтүү жарандын милдети эмес, анын укугу болуп саналат.

Б.С. Батырбаевдин пикири боюнча, жакын туугандык жагдайы жарандардын жасалган кылмыштын жагдайлары тууралуу көрсөтмө берүү укуктарын чектебеши керек, анткени ал иштин жагдайларын ар тараптуу, толук жана объективдүү изилденишине көмөк болмок. Мында соттук териштирүүнүн жүрүшүндө алынган далилдерди баалоо сот тарабынан жүзөгө ашырылат. Ошону менен бирге, шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун жакын туугандарынын көрсөтмөлөрүнүн жоктугу сот өндүрүшүн жүзөгө ашырууда тараптардын атаандаштыгы жана тең укуктуулугу принциптеринин бузулушуна алып келиши мүмкүн эмес.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы тараптардын жүйөлөрүн талкуулап, башка жактардын түшүндүрмөлөрүн угуп жана иштин материалдарын изилдеп чыгып, төмөнкүдөй тыянактарга келди.

1. “Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы кайрылууда ченемдик-укуктук актынын конституциялуулугу күмөн саналган бөлүгүнө гана тийиштүү болгон предмет боюнча актыларды чыгарат.

Ошентип, бул иш боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын кароо предмети болуп төмөнкүдөй мазмундагы Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 60-беренесинин 4-бөлүгүнүн 7-пункту саналат:

«60-статья. Күбө

(4) Төмөндөгүлөр:

7) шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун жакын туугандары күбө катары суракка алынышы мүмкүн эмес.».

2017-жылдын
5-июлу
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ЧЕЧИМИ

№ 10-Р

Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодекси 1999-жылдын 30-июнунда мыйзамдарда белгиленген тартипке ылайык кабыл алынган, 1999-жылы 21-июлда «Эркин Тоо» гезитинин №№ 59-62 сандарында жарыяланган, Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестринде катталган жана колдонуудагы акт болуп саналат.

2. Кыргыз Республикасынын Конституциясы адамдын укуктарын жана эркиндиктерин жогорку баалуулук деп эсептейт. Алар тике колдонулат, мыйзам чыгаруу, аткаруучу бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигинин маани-си менен мазмунун аныктайт (16-берененин 1-бөлүгү).

Көрсөтүлгөн конституциялык ченем адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин деталдаштырып регламенттөө аркылуу, анын ичинде жазык-процесстик мыйзамдарда жагымдуу укуктук чөйрөнү түзүүгө багытталган.

Аталган конституциялык жобо Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 26-беренесинин 5-бөлүгү менен тутумдаш байланышта турат, ага ылайык эч ким жеке өзүнө, жубайына жана мыйзам менен аныкталуучу жакын туугандарынын чөйрөсүнө каршы күбө катары өтүүгө милдеттүү эмес. Мыйзам менен көрсөтмө берүү милдетинен бошотуунун башка учурлары да белгилениши мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын көрсөтүлгөн жобосу өзүнө же жакын туугандарына, башкача айтканда күбөнүн иммунитети бар адамдарга каршы көрсөтмө ыктыярдуулук жана диспозитивдик принциптердин сакталышы менен гана берилиши мүмкүн.

Көрсөтүлгөн конституциялык ченемди жүзөгө ашырууда жазык-процесстик мыйзамдар менен өзүнө же ата-энеси, күйөөсү (аялы), балдары, асырап алуучулар, асыранды балдар, бир атадан жана бир энеден тараган жана атасы же энеси бөлөк болгон ага-ини жана эже-сиңди, чоң ата, чоң эне, таята, таене, неберелердин катарына кирген жакын туугандарына (Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 5-беренеси) каршы күбө катары өтүүгө кандайдыр бир мажбурлоого тыюу салынган.

Өзүнө же мыйзамда аныкталуучу жакын туугандарынын чөйрөсүнө каршы күбө катары өтпөө укугу инсандын өзгөчө орчунду мыйзамдуу кызыкчылыктарынын жаатына кирет.

2017-жылдын
5-июлу
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ЧЕЧИМИ

№ 10-Р

Адамга күбө иммунитетин ыйгарып берүү адамдын, жарандын укуктары жана эркиндиктерин сакталышынын орчундуу шарттарынын бири болуп саналат, алардын катарына адамдын жана жарандын кепилдиктерин орноткон жана соттук процедуранын жардамы менен бузулган укуктарды калыбына келтирүү мүмкүнчүлүгүн берген калыс соттук териштирүүгө болгон укук да кирет.

Күбөнүн кол тийбестигин укуктук жөнгө салуу жеке адамдарды коргоо жана суракка алууга байланышкан аракеттерди жасоодо укуктардын жана эркиндиктердин артыкбаш чектелүүсүн болтурбоо үчүн тиешелүү укуктук механизмдерди колдонууну болжойт. Демек, мыйзамда орнотулуучу чаралардын мүнөзү жана мазмуну конституциялык маанилүү баалуулуктарды коргоо максаттары менен гана шартталбастан, шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун жакын туугандарын суракка алуунун натыйжасында жаралуучу кесепеттердин адекваттуулугунун талаптарынан да келип чыгып аныкталышы керек.

Күбөнүн иммунитети мыйзам алдында баары бирдей деген принциптен өзгөчөлүк болуп саналат жана жазык иш боюнча белгилүү категориядагы адамдарга укуктук кол тийбестиктин өзгөчө укугун берүүдө жана аларга жазык иш боюнча көрсөтмө берүүдөн баш тартуу укугун ыйгарып берүүдө турат. Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 331-беренесине карата эскертүүдө адам жеке өзүнө, жубайына же жакын туугандарына күбө катары өтүүдөн баш тартуу үчүн жазык жоопкерчилигине тартылбайт деп белгиленген. Бул ченемди өзүн айыптоого жана өзүнө, жубайына же жакын туугандарына каршы көрсөтмө берүүгө мажбурлоого каршы укуктук кепилдик катары кароо керек. Мында, бул конституциялык орнотмолор 1966-жылдын 16-декабрындагы Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 14-беренесинин 3-бөлүгү менен өз ара шайкеш келет, ага ылайык ар ким ага ар кандай жазык айыбын тагууну кароодо жеке өзүнө каршы күбө катары өтүүгө же өзүн күнөөлүү деп таануурга мажбурланышы мүмкүн эмес. Башка сөз менен айтканда, ар ким, айыпкерди кошкондо, аны кылмыш жасоодо далилдеген күбө катары өтүү милдетинен бошотулат.

Демек, жарандарды жеке өзүнө, жубайына жана жакын туугандарына каршы күбө катары өтүү милдетинен бошотуп, мыйзам чыгаруучу адамды өзүнө жана жакын туугандарына зыян келтирүүгө мажбурлоонун мүмкүн эместиги жөнүндө адеп түшүнүктөрүнө ылайык юридикалык көрсөтмөлөрдү орноткон.

2017-жылдын
5-июлу
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ЧЕЧИМИ

№ 10-Р

3. Жазык процессте иш боюнча өзүнө белгилүү болгон жагдайлар жөнүндө көрсөтмө берүү үчүн чакырылган адам күбө деп табылат (Кыргыз Республикасынын жазык-процесстик кодексинин 60-беренесинин 1-бөлүгү). Күбө жазык процессте орчундуу адам болуп саналат. Анын көрсөтмөлөрү далилдерди чогултуунун кеңири жайылган ыкмасы болуп саналат, алардын жардамы менен кылмышты жасоодо аныкталууга тийиш көптөгөн жагдайлар аныкталышы мүмкүн. Адамдын өзүнө белгилүү жана жазык иш боюнча аныкталууга тийиш жагдайлар тууралуу маалымат берүүсү көп учурда жасалган кылмыш, анын деталдары, ошондой эле зарыл болгон далилдерди кайсы жерден алуу мүмкүндүгү тууралуу негизги маалымат булагы катары кызмат кылат.

Тергөө жана жазык иш боюнча чындыкты аныктоо үчүн мааниси бар кандайдыр бир жагдайлар жөнүндө кабары бар же кабардар болушу мүмкүн ар кандай юридикалык жактан кызыкчылыгы жок адам күбө катары чакырылышы мүмкүн.

Жалпы эреже боюнча ыйгарымдуу кызмат адамы суракты жүргүзүү үчүн адамды чакырткандан тарта ал күбө деген процесстик статуска ээ болот жана ушул эле учурдан тарта ага жазык-процесстик мыйзамдарда каралган бир катар укуктар менен милдеттер ыйгарылат да, милдеттерди аткарбоо үчүн жоопкерчиликтүү болот. Андан тышкары, иш боюнча кандайдыр бир фактыларды билген адам суракка өзүнүн демилгеси менен келиши мүмкүн. Бул учурда адам ага анын укуктары менен милдеттери түшүндүрүлгөндөн тарта күбө деген процесстик статуска ээ болот.

4. Күбөнүн статусу анын иш боюнча көрсөтмө берүү мүмкүнчүлүгү менен аныкталат. Шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун жакын туугандарын күбө катары суракка алууга салынган тыюу, алар тигил же бул маалыматты жарыкка чыгарууга кызыкдар болгон учурда алардын тиешелүү көрсөтмө берүү укугу чектелбеши керек. Демек, мындай ниетти билдирген адамдар тиешелүү өтүнүчүн берген учурда тергөө органдары жана соттор алардын күбө катары өтүүсүнөн баш тартууга укугу жок.

Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 60-беренесинин 5-бөлүгүндө орнотулган эреже буга карата күбө болуп саналат, ага ылайык суракка алынууга тыюу салынган адамдар көрсөтмө бергиси келсе, анда алар ушул Кодекстин эрежелери боюнча суракка алынат. Мында, алтынчы пунктка туура эмес шилтеменин жасалышы «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам

2017-жылдын
5-июлу
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ЧЕЧИМИ

№ 10-Р

актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 17-июлундагы Мыйзамы менен Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 60-беренесинин 4-бөлүгүнө толуктоолорду киргизүүдө аталган Кодекстин көрсөтүлгөн беренесинин 5-бөлүгүнүн шилтемесинин маанисине карабай пункттардын номурлары жылышып, ченем жаратуучу техниканын талаптарынын бузулушунун натыйжасы болуп эсептелет.

Көрсөтүлгөн Мыйзамга берилген түшүндүрмө кат баяндалганга далил болуп саналат, ага ылайык түзөтүүлөр сот арачыларына гана тиешелүү болуучу жана талашылып жаткан ченемдин жоболорун өзгөртүү максатын көздөгөн эмес.

Ага ылайык, талашылып жаткан ченем Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 60-беренесинин 5-бөлүгү менен тутумдаш байланышта каралышы жана колдонулушу керек.

Ошону менен бирге, пайда болгон укуктук күмөндүүлүк мыйзам чыгаруучудан жогоруда баяндалган көз караштарды эске алуу менен тиешелүү түзөтүүлөрдү киргизүүнү талап кылат.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 60-беренесинин 4-бөлүгүнүн 7-пунктун күбөлөргө процесстик коргоо чараларынын колдонулушунун мыйзамдуулук кепилдиктерин орнотуу катары түшүнүү керек жана көрсөтмө берүүгө тыюу, ошондой эле адамдын көрсөтмө берүү укугун жүзөгө ашыруу үчүн тоскоолдук катары каралышы мүмкүн эмес.

5. Калыс соттук териштирүү тараптарга бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыздоо, соттук процесстин атаандаштыгы прицибин сактоонун кепилдиги болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 99-беренесинин 3-бөлүгүндө каралган тараптардын атаандаштыгы жана тең укуктуулугунун негизинде адилет сотту жүзөгө ашыруу принцибине жараша сот ишти кароодо соттук териштирүүнүн катышуучуларынын укуктарынын теңдигин бардык учурларда камсыздоого милдеттүү. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 21-февралындагы Чечиминде белгиленгендей тараптардын аттаандаштыгы жана тең укуктуулугу жөнүндө конституциялык жобо сот процессинде тараптар болуп саналган соттук териштирүүнүн карама-каршы процесстик позицияларында болгон тараптары менен катышуучуларына тең укук берүү талаш-тартышты жүргүзүүгө мүмкүндүк берет, аларга

2017-жылдын
5-июлу
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ЧЕЧИМИ

№ 10-Р

тең укуктук мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылат жана ага ылайык соттук териштирүүдө чыныгы атаандаштыкка мүмкүндүк берет.

Жазык сот өндүрүшүнө карата колдонуу жагында, сот соттук отурумда изилденген далилдердин негизинде ишти чечип, бул иште колдонулууга тийиштүү укук ченемдери, аныкталган фактылар тууралуу жана жазык куугунтугу жүргүзүлгөн адамдарга карата аларды соттоо же актоо тууралуу тыянактарды чыгарат.

Баяндалганга карата, шектүүнүн, айыпкердин жана соттолуучунун жакын туугандарынын ыктыярдуу күбөлүк көрсөтмөлөрүн пайдаланууну зарылдыгы айыптоо жана коргоо тараптарына бирдей укуктарды ыйгаруу жолу менен атаандаштык жана тең укуктуулук принциптерин жүзөгө ашыруу курамынын бири болуп саналат.

Ошентип, шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун жакын туугандары иш боюнча өзүнө белгилүү болгон маалымат тууралуу көрсөтмө берүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылбашы керек.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүнүн 1-пунктун, 8-, 9- жана 10-бөлүктөрүн, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 46-, 47-, 48-, 51- жана 52-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

Ч Е Ч Т И:

1. Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 60-беренесинин 4-бөлүгүнүн 7-пункту шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун жакын туугандарын, алардын көрсөтмө берүү ниети болгон учурда суракка алууга жол бербеген бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 26-беренесинин 5-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таанылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 60-беренесинин 4-бөлүгүнүн 7-пункту Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 99-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деп таанылсын.

3. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши ушул Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнүн 4-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 60-беренесинин 5-бөлүгүнө тиешелүү өзгөртүү киргизсин.

2017-жылдын
5-июлу
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ЧЕЧИМИ

№ 10-Р

4. Чечим акыркы жана даттанылууга жатпайт, жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет.

5. Чечим бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары, коомдук бирикмелер, юридикалык жактар жана жеке жактар үчүн милдеттүү жана республиканын бүткүл аймагында аткарылууга тийиш.

6. Бул чечим мамлекеттик бийлик органдарынын расмий басылмаларында, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын расмий сайтында жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Жарчысында» жарыялансын.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ

2017-жылдын
16-марты
Бишкек шаары

№01-П

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «Жаран Жамалдин Оморовдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2017-жылдын 10-январындагы №01 аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө Жамалдин Оморовдун даттануусун кароо жөнүндө

Ч Е Ч И М И

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын төмөнкү курамы: төрагалык кылуучу – судья Э.Т. Мамыров, судьялар К. Абдиев, Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, К.М. Киргизбаев, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, Ж.И. Саалаевдин, соттук отурумдун катчысы М.Э. Төлөбалдиевдин катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «Жаран Жамалдин Оморовдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2017-жылдын 10-январындагы № 01 аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө Жамалдин Оморовдун даттануусун соттук отурумда карап чыкты.

Жаран Жамалдин Оморовдун даттануусун жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

Т А П Т Ы:

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2016-жылдын 28-ноябрында Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 378-беренесинин 2-бөлүгүнүн «Тараптардын келбей калышы ишти карап чыгууга тоскоолдук кылбайт» деген ченемдик жобосу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40-беренесинин 1-бөлүгүнө, 99-беренесинин 1-, 2-, 3-бөлүктөрүнө, 101-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп табуу жөнүндө Ж. Оморовдун өтүнүчү келип түшкөн.

Кайрылуучу өтүнүчүндө 2012-жылдын 11-апрелиндеги Ош областтык Кара-Кулжа райондук сотунун токтомуна жана

2017-жылдын
16-марты
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№01-П

2012-жылдын 20-сентябрындагы Ош областтык сотунун жазык иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясынын өкүмүнө нааразычылыгын билдирип, көзөмөл иретинде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна кайрылганын көрсөтөт.

Келтирилген көзөмөл арызынын негизинде, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы, коллегиянын соттук жыйналышын 2012-жылдын 20-декабрына дайындоо тууралуу 2012-жылдын 16-ноябрында токтом кабыл алгандыгын, аталган токтомдун 2-пунктуна ылайык, сот жыйналышы боло тургандыгы жөнүндө айыптоочу жана жактоочу тараптарга кабар берилсин деп көрсөтүлгөндүгүн, бирок арызданууучуга жана анын жактоочусуна эч кандай кабар келбегендигин, анын натыйжасында арызданууучу жана анын жактоочусу сот отурумуна катышпай калышканын билдирет. Ошондон улам, жогоруда аталган Ош областтык сотунун өкүмү жокко чыгарылып, Кара-Кулжа райондук сотунун токтому күчүндө калтырылганын, ал эми арызданууучунун көзөмөл арызы канааттандыруусуз калтырылганын белгилейт.

Мындан сырткары, арызданууучу, райондук жана областтык сотторунун актылары менен укугу бузулган жарандар, мыйзам чегинде өз укуктарын коргоо максатында көзөмөл иретинде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна кайрылууга мажбур болушат деп көрсөтөт. Бирок көзөмөл арыздары боюнча сот отуруму кайсыл күнү боло тургандыгы тууралуу маалыматты алышпай, сот отурумуна катышпай калышып, ошонун кесепетинен Жогорку соттун судьялары Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 378-беренесинин 2-бөлүгүн жетекчиликке алып, ишти бир тараптуу карап, мыйзамсыз актыларды кабыл алып жаткандыгын билдирет.

Ошондой эле кайрылуучу, Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 125-, 126-беренелерин мисал катары белгилеп, анда чакыруу катты жана кабарды тараптарга жеткирүү тартиби так жана мазмуну түшүнүктүү көрсөтүлгөнүн, ал эми Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин конституциялуулугун талашып жаткан ченемдин жобосунда көзөмөл инстанциясындагы сотто ишти карай турган күн жана убактысы жөнүндө тараптарга маалыматты жеткирүү жана ошол маалыматты албагандыгы жөнүндө так жана мазмундуу тартиби көрсөтүлбөгөнүн белгилейт.

2017-жылдын
16-марты
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№01-П

Ошондуктан, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 378-беренесинин 2-бөлүгүндөгү «Тараптардын кел-бей калышы ишти карап чыгууга тоскоолдук кылбайт» деген ченемдик жобону Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40-беренесинин 1-бөлүгүнө, 99-беренесинин 1-, 2-, 3-бөлүктөрүнө, 101-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таап берүүнү өтүнгөн.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-беренесин, 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 8-, 9-пункттарын, 28-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1-пунктун жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, 2017-жылдын 10-январындагы № 01 аныктамасы менен төмөнкүдөй негиздер боюнча өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы, кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу маселесин чечүүдө, кайрылуунун мазмуну жана таризи «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын талаптарына ылайык келүүсүн аныктайт. Аталган конституциялык мыйзамдын 25-беренеси кайрылууга коюлуучу жалпы талаптарды бекитет жана бул берененин 8-, 9-пункттарына ылайык кайрылууда конкреттүү, конституциялык мыйзамда көрсөтүлгөн кайрылууну кароо негиз-дери, кайрылуучунун коюлган маселе боюнча көз карашы жана аны Конституциянын ченемдерине шилтеме менен укуктук негиздемеси көрсөтүлүүгө тийиш. Мындай талаптар өз учурунда, конституциялуулугу талашылып жаткан ченемдин жобосу тууралуу кайрылуучунун шектери объективдүү негиздемелер менен чыңдалышы жана так айкындалышы керек экендигин билдирет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 25-сентябрындагы токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Конституциясында камтылган абстракттуу конституциялык көзөмөл конкреттүү окуядан тышкары ченемдик укуктук актынын же анын ченеминин конституциялуулу-гун текшерүү, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын экинчи бөлүмүндө көрсөтүлгөн адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин талаш туудурган ченем козгогон учурда гана мүм-күн экендигин белгилейт.

2017-жылдын
16-марты
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№01-П

Ал эми жаран Ж. Оморов конституциялуулугу талашылып жаткан Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 378-беренесинин 2-бөлүгүнүн жобосу Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен белгиленген адамдын жана жарандын кайсыл укуктарын жана эркиндиктерин кантип бузуп жаткандыгын конкреттүү түрдө көрсөткөн эмес.

Мындан тышкары, судьялар коллегиясы кайрылууда көрсөтүлгөн жүйөөлөрдү изилдеп чыгып, талашып жаткан ченемдин Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн жок экендигин белгилейт. Ал эми, жогоруда аталган конституциялык Мыйзамдын 24-беренесине ылайык, күмөндүүлүктүн пайда болуусу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасында каралуучу иштин негизи болуп саналат.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктаманы кабыл алган.

Ж. Оморов Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 10-январындагы № 01 аныктамасы менен макул болбостон Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2017-жылдын 14-февралында даттануу менен кайрылган.

Даттанууда арыздануучу Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 378-беренесинин 2-бөлүгүнүн «Тараптардын келбей калышы, ишти карап чыгууга тоскоолдук кылбайт» деген укуктук жобосун судьялар жетекчиликке алып, тараптардын бирөөсүн соттук процесске катыштырбаганы сот адилеттигин ишке ашырууда адамдын жана жарандын сырттан жүргүзүлгөн эмес, ачык соттук териштирүүгө, соттук процесске катышууга жана сот өндүрүшүндө атаандаштык жана тең укуктук шарттарына ээ деген Кыргыз Республикасынын Конституциясында көрсөтүлгөн укуктардын бузулушуна алып келет жана бул укуктардын бузулушунун натыйжасында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган ар бирөөнүн пайдубалдык укугу катары бекитилген соттук коргонуу укугу чектелет деп белгилейт. Ушул себептен, Ж. Оморов өзүнүн өтүнүчүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген адамдын жана жарандын кайсыл укуктары жана эркиндиктери кантип бузулуп жатканы конкреттүү түрдө көрсөтүлгөн деп жана Кыргыз

2017-жылдын
16-марты
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№01-П

Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартууда анын маани-маңызына терең баа бербей чыгарган тыянагы негизсиз деп эсептейт.

Мындан тышкары, Ж. Оморов судьялар коллегиясынын анын өтүнүчүндө талаш болуп жаткан укуктук ченемдин Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн жоктугу тууралуу тыянагы менен макул болбой, анын өтүнүчүндө көрсөтүлүп жазылгандарга караганда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьялары ишти кароодо аны жана анын адвокатын катыштырбай, алардын конституциялык укугун бузуп ишти караганы, сот акыйкаттыгынын принциптерин, адамдын жана жарандын укуктарын сактабастан, сот адилеттигин ишке ашырууга жол берген Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 378-беренесинин 2-бөлүгүнүн жоболорунда күмөндүүлүктүн бар экендигин белгилейт.

Баяндалгандын негизинде, Ж. Оморов Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 10-январындагы № 01 аныктамасын жокко чыгарууну жана Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 378-беренесинин 2-бөлүгүнүн «Тараптардын келбей калышы ишти карап чыгууга тоскоолдук кылбайт» деген ченемдик жобону Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40-беренесинин 1-бөлүгүнө, 99-беренесинин 1-, 2-, 3-бөлүктөрүнө, 101-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таап берүүнү өтүнөт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арызданууучунун жүйөөлөрүн жана судьялар коллегиясынын өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негиздерин талкуулап, төмөнкүдөй тыянакка келди.

Сот өндүрүшүнүн тараптардын атаандаштыгынын жана тең укуктуулугунун негизинде жүзөгө ашырылышын кепилдеген конституциялык принциптерди жана иштин жагдайын ар тараптан, толук жана объективдүү изилдөө тууралуу жазык процессинин принциптерин ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик мыйзамы соттук териштирүүдө тараптардын катышуу тартибин бекиткен.

Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин талаптарына ылайык сотто ишти териштирүү тараптардын катышуусу менен жүргүзүлөт. Ошол эле учурда аталган мыйзамдын

2017-жылдын
16-марты
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№01-П

талашылып жаткан ченемдик жобосу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна ишти тараптардын катышуусуз кароого мүмкүндүк берет. Ушул себептен Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы кайрылуучу Ж.Оморов коюп жаткан маселеде ченемдик жобонун Конституцияга ылайык келеринде күмөн бар экендигин белгилейт.

Кайрылуучу Ж.Оморовдун өтүнүчү "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө" конституциялык мыйзамдын 24-, 25-, 28- беренелеринин талаптарына жооп бергенине байланыштуу, Ж.Оморовдун өтүнүчү конституциялык сот өндүрүшүнө кабыл алынууга жатат.

Жогоруда көрсөтүлгөндөрдүн негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-, 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

Т О К Т О М К Ы Л А Т:

1. Жаран Жамалдин Оморовдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «Жаран Жамалдин Оморовдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2017-жылдын 10-январындагы № 01 аныктамасына келтирилген даттануусу канаттандырылсын, анын өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алынсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлгандан тартып күчүнө кирет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ

2017-жылдын
22-марты
Бишкек шаары

№02-П

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Аппараты жөнүндө жобону, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Аппаратынын түзүмүн жана штаттык бирдигин бекитүү жөнүндө

Ч Е Ч И М И

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын аппаратынын ишмерлигин натыйжалуу уюштурулушу маселесин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы отурумда карап чыгып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 4-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык,

ТОКТОМ КЫЛДЫ:

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

- Конституциялык палатанын Аппараты жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;
- Конституциялык палатанын Аппаратынын түзүмү 2-тиркемеге ылайык;
- Конституциялык палатанын Аппаратынын штаттык бирдиги отуз бир мамлекеттик кызматкер болуп, кенже тейлөөчү персонал 9 адам болуп.

2. Конституциялык палатанын Аппаратынын түзүмү жана штаттык бирдиги 2017-жылдын 24-апрелинен тарта күчүнө кирсин.

3. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

- Конституциялык палатанын 2013-жылдын 9-июлундагы № 1 токтомунун үчүнчү – төртүнчү абзацтары 2017-жылдын 24-апрелинен тарта;
- Конституциялык палатанын 2013-жылдын 9-июлундагы № 1 токтомунун 1-пунктунун бешинчи абзацы.

4. Ушул токтом кол коюлган учурдан тарта күчүнө кирет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ

Тиркеме 1

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН АППАРАТЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Аппараты (андан ары – Аппарат) «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палдатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 55-беренесине ылайык анын ишмерлигин камсыз кылуу үчүн түзүлгөн Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын (андан ары – Конституциялык палата) туруктуу иштеген органы болуп саналат.

2. Аппараттын Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби менен мамлекеттик жана расмий тилдерде өзүнүн аталышы болгон атайын бланкы болот.

3. Аппарат өзүнүн ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясы, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палдатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамы, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, башка ченемдик укуктук актылар, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп эсептелген, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер, Конституциялык палатанын Регламенти, ошондой эле ушул Жобо менен жетекчилик кылат.

4. Аппарат ыйгарым укуктарына кирген маселелер алкагында өзүнүн ишин Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана башка мамлекеттик бийлик органдарынын Аппараттары менен өз ара байланышта жүзөгө ашырат.

5. Аппаратка жалпы жетекчиликти Конституциялык палатанын төрагасы (төрайымы) жүзөгө ашырат.

6. Аппарат жөнүндө жобону, Аппараттын түзүмүн жана штаттык бирдигин Конституциялык палата бекитет.

2. Аппараттын негизги милдеттери жана функциялары

7. Аппараттын негизги милдети Конституциялык палатанын кадрдык, уюштуруучулук, илимий-аналитикалык, маалымат-

маалымдамалык, материалдык-техникалык жана башка жактан камсыздалышын жүзөгө ашыруу болуп саналат.

8. Аппарат өзүнө алган милдеттерин чечүү үчүн өз ыйгарым укуктар алкагында төмөнкүдөй функцияларды ишке ашырат:

1) Конституциялык палатанын дарегине кайрылууларды алдын ала тартипте жана Конституциялык палатанын судьяларынын иликтөөсү талап кылынбаган маселелерге тиешеси болбогон учурда карайт;

2) Конституциялык палатанын судьялар коллегиясынын отурумдарын жана Конституциялык палатанын уюштуруучулук, аналитикалык, маалыма-маалымдамалык жана документациялык жактан камсыздалышын, Конституциялык палатанын төрагасынын (төрайымынын), анын орун басарларынын тапшырмаларын аткарылышын жүзөгө ашырат;

3) Конституциялык палатада иштерди кароого даярдоону Регламенттин талаптарына ылайык жүзөгө ашырат;

4) Регламенттин талаптарына ылайык эксперттик-аналитикалык иштерди жүзөгө ашырат;

5) Илимий-аналитикалык, маалымат-маалымдамалык жана башка материалдарды, анын ичинде жергиликтүү жана чет өлкөлүк конституциялык мыйзамдар, чет өлкөлүк соттук тажрыйба, конституциялык юстициянын тажрыйбасы туурасында материалдарды даярдоону жүзөгө ашырат;

6) судьяларга ишти жана башка маселелерди жыйналыштарда жана кеңешмелерде кароого даярдоодо көмөк көрсөтөт;

7) Конституциялык палатанын актыларын жана өзүнүн корреспонденциясын жол-жоболоштурууну, жөнөтүүнү жана жарыялоону белгиленген тартипте жүзөгө ашырат;

8) каралып бүткөн иштердин сакталышын белгиленген тартипте камсыздайт;

9) «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Жарчысын» басып чыгарууга байланыштуу иштерди уюштурат;

10) чет өлкө мамлекеттеринин конституциялык контролдоо органдары менен өз ара иштешүүнү, Конституциялык палатада чет өлкө делегацияларын, мамлекеттик жана саясий ишмерлерди, эл аралык уюмдардын өкүлдөрүн кабыл алууну, Конституциялык палатанын судьяларынын жана делегацияларынын чет өлкө иш сапарларын даярдоону, протоколдук маселелерди чечүүнү камсыздайт;

11) конституциялык сот өндүрүшү менен байланышпаган маселелер боюнча жарандарды кабыл алат;

12) Конституциялык палатынын ишмердүүлүгүнүн юридикалык коштоосун жүзөгө ашырат;

13) Конституциялык палатанын ишмердүүлүгүн каржылоо боюнча бюджеттик сунуштарды түзүү үчүн, Конституциялык палатанын чыгымдар сметасын аткаруу үчүн зарыл болгон материалдарды даярдайт, финансылык отчётту белгиленген тартипте түзөт жана тапшырат;

14) Конституциялык палатанын бухгалтердик эсебин, мүлктүн, каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын эсебин жүргүзөт, Конституциялык палатанын банк операцияларын, каражаттары менен товардык-материалдык баалуулуктардын иштетилишине байланыштуу операцияларды жасайт;

15) Конституциялык палатанын судьяларынын жана Аппарат кызматкерлеринин материалдык-техникалык, акча-каржы, чарбалык-тиричилик жактан камсыздалышын жүзөгө ашырат;

16) Конституциялык палатанын ишмердүүлүгүн программалык-техникалык жактан камсыздалышын, Конституциялык палатада заманбап компьютердик техниканы, байланыш каражаттарын, маалыматтык технологияларды киргизүү боюнча жумуштарды, Конституциялык палатанын расмий сайтын колдоону жүзөгө ашырат;

17) Конституциялык палатанын актыларынын аткарылуусун камсыз кылуу боюнча мамлекеттик органдардын ишмерлигин иликтейт, жалпылаштырат жана ага мониторинг жасайт;

18) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, маалымдама жана маалымат-аналитикалык материалдарды систематизациялоону жүзөгө ашырат;

19) Конституциялык палатаны зарыл болгон электрондук жана китеп түрүндөгү, жазылма басылмалар менен камсыз кылат, Конституциялык палатанын китепканасын системалуу түрдө толуктап жана тиешелүү абалда болушун кармап турат;

20) ички жана тышкы документ жүгүртмөсүн, иш жүргүзүүнү, купуя режимин жана мамлекеттик сырды түзгөн маалыматтардын корголушун сактоону жана башка колдонуудагы мыйзамдарга ылайык, мыйзам менен кайтарылуучу маалыматты сактоону камсыз кылат;

21) Конституциялык палатанын ишмердүүлүгүнө, колдонуудагы мыйзамдарга ылайык коомдук маалыматтын жеткиликтүү болушуна байланыштуу чараларды жүзөгө ашырат;

22) кадр маселелерин чечүүнү камсыз кылат;

23) Аппарат кызматкерлерин кайра даярдоону жана квалификациясын жогорулатууну уюштурат, кызматкерлер ичинде этикалык ченемдердин сакталышы боюнча жумуштарды алпарат;

24) Аппарат кызматкерлери ичинде бош мамлекеттик кызмат ордуна сынактарды өткөрүүнү уюштурат;

25) чет өлкөлүк мыйзам чыгаруучу органдары аппараттарынын иш тажрыйбаларын иликтөөнү, жалпылаштырууну жана ишке киргизүүнү жүзөгө ашырат;

26) Конституциялык палатанын ишмердүүлүгүн камсыз кылуу боюнча Конституциялык палатанын актылары менен башка функцияларды да жүзөгө ашырат.

3. Конституциялык палатанын Аппаратынын ишмердүүлүгүн уюштуруу

9. Аппаратка мамлекеттик жарандык кызмат жөнүндө мыйзамдарга ылайык, Конституциялык палатанын төрагасы (төрайымы) тарабынан дайындалуучу жана кызматынан бошотулуучу Аппараттын жетекчиси башчылык кылат.

10. Аппараттын жетекчиси Конституциялык палатанын төрагасынын (төрайымынын) тике башкаруусунда иштейт жана ушул Жободо белгиленген ыйгарымдары алкагында Конституциялык палатанын ыйгарым укуктарынын ишке ашырылуусун камсыздоо боюнча аткаруу, контролдук жана тескөөчү функцияларды аткарат.

11. Аппараттын жетекчиси болбогон учурда, Конституциялык палатанын төрагасы (төрайымы) анын милдеттерин Аппараттын башка кызмат адамына жүктөйт.

12. Аппарат жетекчиси:

1) Аппараттын милдеттерин жана функцияларын чечүү максатында мамлекеттик органдар жана алардын кызмат адамдары менен өз ара иштешет;

2) Аппаратты тике башкарууну жүзөгө ашырат, анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн натыйжалуу иштешин камсыз кылат, Аппараттын жана анын кызматкерлеринин ишмердүүлүгүн регламенттөөчү ченемдик документтерди берилген ыйгарым укуктар чегинде

бекитет, Аппаратка коюлган милдеттердин аткарылуусуна жеке жооптуу болот;

3) Конституциялык палатанын отурумдарын даярдоону жана өткөрүүнү камсыз кылуу боюнча, Конституциялык палата кабыл алган актыларды жана документтерди иштетип чыгуу боюнча иш-чараларды Аппараттын түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан жүзөгө ашырылуусун тескейт;

4) Аппараттын бир нече түзүмдүк бөлүмдөрүнүн карамагына тиешелүү маселелерди иштеп чыгуу боюнча макулдашылган жумуштарды уюштурат;

5) Конституциялык палатынан төрагасына (төрайымына), анын орун басарына Аппаратка жүктөлгөн милдеттердин аткарылышы жөнүндө баяндама жасайт, Аппараттын жумушу жөнүндө сунуштарды кароого киргизет, башка милдеттердин жана кызматтык тапшырмалардын аткарылышын уюштурат жана контролдойт;

6) Аппаратка коюлган милдеттерге ылайык жана Аппараттын (айрым бөлүмдөрүнүн) ишмердүүлүгүн өркүндөтүү боюнча Конституциялык палатанын ишмердүүлүгүн камсыздоо маселелерин кароодо Конституциялык палатанын судьялар отурумуна катышат;

7) Конституциялык палатанын төрагасынын (төрайымынын) кароосуна Аппараттын түзүмү жана штаты боюнча сунуштарды киргизет;

8) Конституциялык палатанын төрагасынын (төрайымынын) бекитүүсүнө Аппарат кызматкерлеринин штаттык ырааттамасынын долбоорун киргизет;

9) Аппарат кызматкерлерин мамлекеттик жарандык кызмат жөнүндө мыйзамдарга ылайык кызматка дайындайт жана кызматтан бошотот;

10) эмгек жөнүндө мыйзамдарга ылайык мамлекеттик кызматкер болуп саналбаган Аппарат кызматкерлерин кызматка дайындайт жана кызматтан бошотот;

11) кызматтык кеңешмелерди, зарыл болгон учурда Аппарат кызматкерлеринин же анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жыйналышын өткөрөт, же өткөрүүнү уюштурат;

12) Аппарат кызматкерлерине карата белгиленген тартипте кызыктыруучу сыйлык берүүнү жана тартиптик чараларды колдонот;

13) Аппараттын ыйгарымдарына тийиштүү болгон маселелер боюнча аткарууга милдеттүү болгон буйруктарды чыгарат;

14) Конституциялык палатанын чечимдеринин аткаруу тажрыйбасын анализдөө боюнча ишти уюштурат, иштин жыйынтыгы боюнча Конституциялык палатанын төрагасын (төрайымын) жана судьяларды маалымдайт;

15) Аппарат кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу боюнча ишти алып барат;

16) Конституциялык палатанын бюджетинин долбоорун даярдоону жана сунуштоону камсыз кылат;

17) Аппараттын чыгымдарынын сметасынын алкагында финансылык каражаттарды тескейт;

18) судьялар жана Аппараттын кызматкерлери үчүн сергек жана коопсуз эмгек шарттарын түзүү боюнча чараларды көрөт, ошондой эле алардын социалдык-тиричилик маселелерин чечүүгө көмөктөшөт;

19) судьяларды жана Аппарат кызматкерлерин кызмат жайлар, байланыш каражаттары жана оргтехника менен камсыздоого байланышкан маселелерди чечет;

20) Аппараттын түзүмдүк бөлүмдөрү жөнүндө жоболорду бекитет;

21) мыйзамдарда белгиленген учурларда Аппараттын өкүлдөрү үчүн ишеним катка кол коет;

22) мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ишканалар, мекемелер, уюмдар, чете өлкө мекемелери, эл аралык уюмдар, жарандар менен өз ара мамилелерде Аппараттын атынан чыгат;

23) Аппараттын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери киргизген сунуштарды карайт, алар боюнча чечим кабыл алат, зарыл болгон учурда Конституциялык палатанын жетекчилигине баяндама жасайт;

24) Ыйгарымдарына тиешелүү маселелер боюнча буйруктарды чыгарат, Аппараттын ишмердүүлүгү жөнүндө системалуу түрдө Конституциялык палатага отчёт тапшырып турат, Аппаратка коюлган милдеттердин, Конституциялык палатанын тиешелүү мезгил ичиндеги иш планынын, Конституциялык палатанын чечимдеринин, Төраганын жана анын орун басарларынын тапшырмаларынын аткарылуусу жөнүндө Конституциялык палатанын төрагасын (төрайымын) ыкчам маалымдап турат;

25) Конституциялык палатанын төрагасынын (төрайымынын) буйруктарынын, тескемелеринин жана башка тапшырмаларынын аткарылышын көзөмөлүн жүзөгө ашырат;

26) Аппарат кызматкерлеринин өргүүлөрүнүн графигин бекитет;

27) Аппараттын милдеттерин жана функцияларын ишке ашыруу үчүн башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

13. Аппараттын кызматкерлери мамлекеттик жарандык кызматкерлер болуп эсептелет, мамлекеттик жарандык кызмат жөнүндө мыйзамдарга, ошондой эле эмгек жөнүндө мыйзамдарга ылайык Аппарат жетекчиси тарабынан кызмат ордуна дайындалышат жана кызмат ордунан бошотулушат.

4. Аппараттын ишмердүүлүгүн каржылоо

14. Аппараттын ишмердүүлүгүн каржылоо республикалык бюджеттин каражаттарынан жүргүзүлөт.

15. Аппарат жетекчиси Конституциялык палатанын ишмердүүлүгүн камсыздоого колдонулган каражаттар үчүн жеке жооптуу болот жана Конституциялык палатага аларды чыгымдалышы жөнүндө отчёт берет.

2017-жылдын
22-марты
Бишкек шаары

№03-П

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын сунуштамасын өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2017-жылдын 27-январындагы № 06 аныктамасын жокко чыгаруу тууралуу Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын даттануусун канааттандырудан баш тартуу жөнүндө

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы курамында, төрагалык кылуучу – судья Э.Т. Мамыров, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, К.М. Киргизбаев, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ж.И. Саалаевдин, соттук отурумдун катчысы С.А. Джолгокпаеванын катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын сунуштамасын өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2017-жылдын 27-январындагы № 06 аныктамасын жокко чыгаруу тууралуу Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын даттануусун соттук отурумда карап чыкты.

Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын даттануусун жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

Т А П Т Ы:

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2016-жылдын 21-декабрында Кызыл-Кыя шаардык мэриясынан «Ош областынын Ноокат районундагы Ак-Булак айылдык кеңешин Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин административдик баш ийүүсүнө өткөрүп берүү жөнүндөгү» Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун 1982-жылдын 11-ноябрындагы №4145-X Указынын 2-пунктун жана ага тиркеме болгон Кыргыз мамлекеттик жер долбоорлоо институтунун «Ош областынын Ноокат району жана эл депутаттарынын Кызыл-Кыя шаардык кеңешине

баш ийген аймактардын арасындагы чек аранын» сүрөттөлүшүн, «Ош областынын Ноокат районундагы Кулатов айылдык кеңешинин курамынан Ынтымак, Беш-Бурхан, Арык-Бою, Дөң-Маала, Акшар, Таш-Булак, Челекчи жана Ничке-Суу айылдарын алып чыгуу жана алардын базасында Ынтымак айылдык кеңешин түзүү жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын 1996-жылдын 5-июлундагы № 36 сандуу мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 8-беренесинин 2-бөлүгүнө, 74-беренесинин 2-бөлүгүнүн 6-пунктуна, 110-беренесинин 2-, 3-бөлүктөрүнө, 111-беренесинин 1-бөлүгүнө, 112-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп табуу жөнүндө сунуштама келип түшкөн.

Сунуштамада Кызыл-Кыя шаардык мэриясы 2005-жылы Кызыл-Кыя шаарынын администрациялык аймагына таандык болгон Жин-Жиген элдүү пунктундагы өндүрүштүк аянтка «Түштүк Кыргыз цемент» жабык акционердик коомуна караштуу болгон цемент заводунун курулушунун башталышы Кызыл-Кыя шаары менен Ноокат районунун ортосунда аталган жердин таандуулугу боюнча талаш жаратканын белгилейт. Бул маселе боюнча Жалал-Абад райондор аралык соту 2011-жылдын 12-августундагы чечиминде Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун 1982-жылдын 11-ноябрындагы № 4145-X сандуу Указы менен бекитилген Кыргыз мамлекеттик жер долбоорлоо институтунун «Ош областынын Ноокат району жана эл депутаттарынын Кызыл-Кыя шаардык кеңешине баш ийген аймактардын арасындагы чек аранын» сүрөттөлүшүнө басым жасап, Ноокат райондук прокуратурасынын бул маселе боюнча доо арызын канааттандырган.

Кызыл-Кыя шаардык мэриясы 2012-жылдын 10-июлунда Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик архивинен алынган расмий укук берүүчү документтерге таянып, Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун 1982-жылдын 11-ноябрындагы № 4145-X сандуу Указына тиркелген чек аралардын сүрөттөлүшү жана чиймеде Жин-Жиген элдүү пунктунун 20% гана Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин администрациялык аймагына кирип, ал эми Жин-Жиген элдүү пунктунун 80%, Беш-Буркан Агартуу, Челекчи, Таш-Булак элдүү пунктары Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин административдик аймагына кирбей Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун 1960-жылдын 20-октябрындагы Указы, 1965-жылдын 28-майындагы № 574-VI Указы, 1966-жылдын 22-августундагы № 866-VI Указы, 1975-жылдын 27-ноябрындагы

2017-жылдын
22-марты
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№03-П

№ 262-1Х Указы, 1982-жылдын 11-ноябрындагы № 4145-Х Указынын 1-бөлүмү менен дал келбей, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 8-беренесинин 2-бөлүгүнө, 74-беренесинин 2-бөлүгүнүн 6-пунктуна, 110-беренесинин 2-, 3-бөлүктөрүнө, 111-беренесинин 1-бөлүгүнө, 112-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп эсептейт.

Ошондой эле, Кызыл-Кыя шаардык мэриясы Кыргыз Республикасынын 1996-жылдын 5-июлундагы № 36 мыйзамы жогоруда аталган Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун указдарына дал келбей, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын көрсөтүлгөн беренелерине каршы келээрин жана Беш-Бурхан, Агартуу (Дөң-Маала, Акшар, Ничке-Суу), Челекчи, Таш-Булак элдүү пункттарында жашаган адамдардын Конституциянын 110-беренесинде, 112-беренесинин 1-бөлүгүндө, 52-беренесинде аныкталган укуктары бузулгандыгын, тактап айтканда Беш-Бурхан, Агартуу (Дөң-Маала, Акшар, Ничке-Суу), Челекчи, Таш-Булак, Арык-Бою элдүү пункттары Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин администрациялык аймагына таандык болуп, ал эми Ош областынын Ноокат районундагы Кулатов айылдык кеңешинин курамына таандык эмес экендигине карабай, Кулатов айылдык кеңешинин курамынан алып чыгып, алардын базасында Ынтымак айылдык кеңешин түзүп жаткандыгын белгилейт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1-пунктун жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, 2017-жылдын 27-январындагы № 06 аныктамасы менен төмөнкүдөй негиздер боюнча сунуштаманы өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүнө, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 18-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар Конституцияга карама-каршы келген учурда аларды Конституцияга ылайык эмес деп табат. Жогоруда аталган конституциялык мыйзамдын 19-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы талаштагы ченемдик укуктук актынын

конституциялуулугун текшерүүдө материалдык жана формалдык контролду жүзөгө ашырат. Материалдык контрол бул талаштагы мыйзамды жана башка ченемдик укуктук актыларды мазмуну боюнча Конституцияга ылайык келүүсүн текшерүү болуп саналат. Ал эми формалдык контрол аларды таризи, кабыл алуу, кол коюу, жарыялоо жана колдонууга киргизүү тартиби боюнча текшерүү дегенди билдирет.

Кыргыз Республикасынын колдонуудагы Конституциясы күчүнө киргенге чейин кабыл алынган мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугун текшерүү бир гана алардын мазмуну боюнча жүргүзүлүшү мүмкүн.

Ченемдери талашылып жаткан Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун 1982-жылдын 11-ноябрындагы № 4145-X Указы жана Кыргыз Республикасынын 1996-жылдын 5-июлундагы № 36 мыйзамы алар кабыл алынган учурда колдонууда болгон Кыргыз ССРинин 1978-жылдагы жана Кыргыз Республикасынын 1993-жылдагы конституциялары менен бекитилген жол-жоболордун негизинде жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы Конституциясы күчүнө киргенге чейин кабыл алынгандарына байланыштуу алардын конституциялуулугун текшерүү мазмуну боюнча жүргүзүлөт.

Кайрылуучунун пикири боюнча жогоруда аталган ченемдик укуктук актылар администрациялык-аймактык бөлүштүрүү маселелерин адилетсиз жөнгө салышкан. Ошондой эле сунуштамада талаштагы ченемдик укуктук актылардын Конституцияга ылайык эместиги жөнүндө укуктук негиздеме берилген эмес.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 19-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы конституциялык контролду жүзөгө ашырууда укук маселелерин гана чечет. Ал эми адилеттик, саясий, маданий, адеп-ахлак, моралдык категориядагы коомдук мамилелерди укук тарабынан баалоо мүмкүн эмес.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы талаштагы ченемдик укуктук актылардын Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн жок экендигин жана администрациялык-аймактык бөлүштүрүү маселелеринин адилеттиги тууралуу иштерди конституциялык сот өндүрүш алкагында кароого болбостугун белгилеген.

2017-жылдын
22-марты
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№03-П

Мындан тышкары, Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын 1996-жылдын 5-июлундагы № 36 мыйзамы Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан кабыл алынгандыгы тууралуу пикири жаңылыштык болуп эсептелет, себеби аталган мыйзам Кыргыз Республикасынын 1993-жылдагы Конституциясынын 58-беренесинин 1-бөлүгүнүн 6-пунктуна ылайык, Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган, ал эми Президент бул мыйзамга кол коюп, элге жарыялаган.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде судьялар коллегиясы сунуштаманы өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктаманы кабыл алган.

Кызыл-Кыя шаардык мэриясы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 27-январындагы № 06 аныктамасы менен макул болбой, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2017-жылдын 24-февралында даттануу менен кайрылган.

Даттанууда Кызыл-Кыя шаардык мэриясы судьялар коллегиясынын «кайрылуучунун пикири боюнча жогоруда аталган ченемдик укуктук актылар администрациялык-аймактык бөлүштүрүү маселелерин адилетсиз жөнгө салышкан» деген тыянагы менен макул болбостугун, сунуштамада адилетсиздик жөнүндө эч кандай пикир түздөн-түз жана кыйыр түрдө айтылбагандыгын белгилейт.

Ошондой эле, талаштагы ченемдик укуктук актылардын Конституцияга ылайык эместигине эч кандай укуктук негиздеме берилбегендиги тууралуу судьялар коллегиясынын пикирин туура эмес деп эсептеп, сунуштамада төмөнкүдөй укуктук негиздеме берилгенин белгилейт.

Даттануучу сунуштамада келтирилген 2012-жылдын 10-июлунда Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик архивинен расмий түрдө алынган Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун 1982-жылдын 11-ноябрындагы № 4145-X Указына тиркелген чек аралардын сүрөттөлүшүнө жана чиймесине, Кыргыз ССРинин Жогорку Кенешинин Президиумунун 1960-жылдын 20-октябрындагы Указы, 1965-жылдын 28-майындагы № 574-VI Указы, 1966-жылдын 22-августундагы № 866-VI Указы, 1975-жылдын 27-ноябрындагы № 262-1X Указы карама-каршы келет деген пикирин укуктук негиздеме катары эсептейт.

2017-жылдын
22-марты
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№03-П

Кызыл-Кыя шаардык мэриясы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 74-беренесинин 2-бөлүгүнүн 6-пунктунда Жогорку Кеңеш Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүнүн маселелерин чечет деп көрсөтүлгөнүн жана бул мыйзамды жетекчиликке алсак, анда жогоруда саналып кеткен укуктук ченемдик актыларга ылайык, Жин-Жиген, Беш-Буркан, Агартуу, Челекчи, Таш-Булак элдүү пункттары Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин административдик-аймагына таандык болот деп эсептейт.

Сүрөттөлүш боюнча Жин-Жиген элдүү пунктунун 80%, Беш-Буркан, Агартуу, Челекчи, Таш-Булак элдүү пункттары Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин административдик-аймагына таандык болбой калганын, ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 110-беренесинин 2-бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу тиешелүү аймактык административдик-аймактык бирдиктин аймагында жергиликтүү жамааттар тарабынан жүзөгө ашырылат деп көрсөтүлгөнүн белгилейт. Мындай учурда Беш-Буркан, Агартуу, Челекчи, Таш-Булак элдүү пункттарынын тургундары алардын тиешелүү административдик-аймактык бирдиги болгон Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин административдик-аймагынын жергиликтүү жамааты катары жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуусу керек, бирок аталган элдүү пункттардын тургундары Ош областынын Ноокат районуна караштуу Ынтымак айылдык кеңешинин административдик-аймагынын жергиликтүү жамааты болуп жүрөт деп белгилейт.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 111-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунда жергиликтүү кеңештер жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары деп көрсөтүлгөн, мындай учурда Кызыл-Кыя шаардык кеңеши Беш-Буркан, Агартуу, Челекчи, Таш-Булак элдүү пункттарынын тургундарынын өкүлчүлүктүү органы болушу керек, ал эми иш жүзүндө Беш-Буркан, Агартуу, Челекчи, Таш-Булак элдүү пункттарынын тургундарынын өкүлчүлүктүү органы Ынтымак айылдык кеңеши болуп жүрөт деп билдирет.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 112-беренесинин 1-бөлүгүндө жергиликтүү кеңештердин депутаттары тийиштүү административдик-аймактык бирдиктин аймагында жашаган жарандар тарабынан мыйзамда белгиленген бирдей мүмкүнчүлүктөрдү сактоо менен шайланат деп көрсөтүлгөн,

мындай учурда Беш-Буркан, Агартуу, Челекчи, Таш-Булак элдүү пункттарынын тургундары алардын тийиштүү административдик-аймактык бирдиги болгон Кызыл-Кыя шаардык кеңешине шайлануусу жана шайлоосу керек, ал эми иш жүзүндө аталган элдүү пункттарынын тургундары Ынтымак айылдык кеңешине шайлашат жана шайланышат деп белгилейт даттануучу.

Сүрөттөлүш боюнча Жин-Жиген элдүү пунктунун 80% Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин администрациялык-аймагына кирбей калган. Бирок аталган элдүү пункттун тургундары Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 110-беренесинин 2-, 3-бөлүктөрүндө, 111-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунда, 112-беренесинин 1-бөлүгүндө аныкталган укуктарын Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин администрациялык аймагында колдонушат. Ошол эле учурда даттануучу Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун 1982-жылдын 11-ноябрындагы № 4145-X «Ош областынын Ноокат районундагы Ак-Булак айылдык кеңешин Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин административдик баш ийүүсүнө өткөрүп берүү жөнүндөгү» Указы менен бекитилген сүрөттөлүш Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жогоруда аталган жоболоруна карама-каршы келет деп эсептейт.

Баяндалганга байланыштуу, Кызыл-Кыя шаардык мэриясы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 27-январындагы № 06 аныктамасын жокко чыгарууну жана сунуштаманы өндүрүшкө кабыл алып, мыйзам чегинде карап берүүнү өтүнөт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы кайрылуучунун даттанууда келтирген жүйөөлөрүн жана судьялар коллегиясынын сунуштаманы өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуусунун негиздерин талкуулап, төмөнкү тыянакка келди.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө конституциялык мыйзамдын 19-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы конституциялык контролду жүзөгө ашырууда укук маселелерин гана чечет. Ошондуктан Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы адилеттик, саясий, маданий, адеп-ахлак, моралдык жана башка укукка негизделбеген категориядагы коомдук мамилелерди укук тарабынан баалоо мүмкүн эместиги жөнүндө судьялар коллегиясынын тыянагын негиздүү деп эсептейт.

2017-жылдын
22-марты
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№03-П

Даттануунун, ошондой эле сунуштаманын жалпы мазмунунан Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын кыйыр түрдө болсо да Ош областынын Ноокат районунун аны менен чектешкен Кызыл-Кыя шаарынын администрациялык-аймактык бөлүнүш маселеси менен макул болбой, бул маселе адилетсиз чечилгендиги тууралуу пикири бар экени көрүнөт.

Конституциялуулугу талашылып жаткан ченемдик укуктук актылардын Конституцияга ылайык эместиги жөнүндө Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын көз карашы сунуштамада Конституциянын тиешелүү ченемдерине шилтеме жасап гана көрсөтүлгөн, ал эми укуктук жактан негиздеме берилген эмес.

Ал эми Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын даттануусунда Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 74-беренесинин 2-бөлүгүнүн 6-пунктуна, 110-беренесинин 2-, 3-бөлүктөрүнө, 111-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктуна, 112-беренесинин 1-бөлүгүнө келтирилген негиздемелер менен талашылып жаткан ченемдик укуктук актылардын ортосунда тутумдаш-укуктук байланыштын жоктугу бул актылардын Конституциянын көрсөтүлгөн беренелерине ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн жок экендигине алып келет.

Анткени, талашылып жаткан Кыргыз Республикасынын 1996-жылдын 5-июлундагы № 36 мыйзамына ылайык, бул мыйзамда аталган айылдар Ош областынын Ноокат районунун Кулатов айылдык кеңешинин курамынан чыгарылып, алардын базасында Ынтымак айылдык кеңеши түзүлгөн, демек мыйзамда көрсөтүлгөн айылдар Кызыл-Кыя шаарынын курамынан чыгарылбагандыгына карабастан, бул айылдардын жарандарынын Конституцияда каралган укуктары бузулбайт, себеби алар Конституциялык укуктарын толугу менен жаңы түзүлгөн Ынтымак айылдык кеңешинин аймагында колдонушат.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы «Ош областынын Ноокат районундагы Ак-Булак айылдык кеңешин Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин административдик баш ийүүсүнө өткөрүп берүү жөнүндө» Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун 1982-жылдын 11-ноябрындагы № 4145-X Указы менен бекитилген сүрөттөлүш Ош областынын Ноокат району менен Кызыл-Кыя эл депутаттарынын шаардык кеңешине баш ийген аймактын ортосундагы чек араны белгилеп, эч кандай укуктук маселелерди камтыбагандыгын көрсөтөт.

2017-жылдын
22-марты
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№03-П

Мындай жагдайларда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын сунуштамасын конституциялык сот өндүрүшүндө кароого негиз жок деген судьялар коллегиясынын тыянагы менен макул экендигин белгилейт.

Жогоруда көрсөтүлгөндөрдүн негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 46-, 47-, 48-беренелерин, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы.

Т О К Т О М К Ы Л А Т:

1. Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын сунуштамасын өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2017-жылдын 27-январындагы № 06 аныктамасын жокко чыгаруу тууралуу даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ

2017-жылдын
31-майы
Бишкек шаары

№04-П

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «Алиям Максумовна Даулованын кызыкчылыгындагы Мирлан Зарлыкович Мусаевдин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2017-жылдын 25-апрелиндеги № 24 аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө Мирлан Зарлыкович Мусаевдин даттануусун канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу – судья Э.Т. Мамыров, судьялар К. Абдиев, Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, К.М. Киргизбаев, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, Ж.И. Саалаевдин курамында, соттук отурумдун катчысы С.А. Джолгокпаеванын катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Мирлан Зарлыкович Мусаевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы 2017-жылдын 25-апрелиндеги № 24 аныктамасына болгон даттануусун соттук отурумда карап чыкты.

А.М. Даулованын кызыкчылыгындагы М.З. Мусаевдин даттануусунда баяндалган жүйөлөрүн изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

Т А П Т Ы:

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2017-жылдын 14-мартында Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 264-беренесинин 3-бөлүгүнүн «жана соттук териштирүүнү улантууга» деген ченемдик жобосу жана 339-беренесинин 2-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 2-бөлүгүнө, 20-беренесинин 1- жана 3-бөлүктөрүнө, 5-бөлүгүнүн 8-пунктуна, 40-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө А.М. Даулованын кызыкчылыгындагы М.З. Мусаевдин өтүнүчү келип түшкөн.

2017-жылдын
31-майы
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№04-П

Келтирилген материалдардан келип чыккандай, А.М. Дауловага карата Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 234-беренесинин 1-бөлүгү боюнча жазык иши козголгон.

Тергөөчү тарабынан иштин жагдайларын ар тараптуу толук жана объективдүү изилдөө үчүн мыйзамда каралган бардык чаралар колдонулган эмес деп, 2017-жылдын 3-мартында М.З. Мусаев кенемтелерди толтуруу үчүн жазык ишин прокурорго кайтарып берүү өтүнүчү менен Чүй областтык сотуна кайрылган. Бирок сот Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 264-беренесинин 3-бөлүгүнүн жана 339-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде өтүнүчтү канааттандыруудан баш тарткан.

Арызданууучу, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40-беренесинин 1-бөлүгүндө Конституцияда жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралгандай ар бир адамга, анын укуктары менен эркиндиктерине соттук коргоо кепилденет деп белгилейт. Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 9-беренесинде, 12-беренесинин 1-бөлүгүндө, 42-, 123-, 125-, 133-беренелеринде, 339-беренесинин 1-бөлүгүндө өтүнүч берүү жана процесстин ар кандай стадиясында соттук актыларына даттануу жолу менен жарандын бузулган укуктарын соттук коргоо укугун жүзөгө ашыруу каралган. Арызданууучу Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин талашылып жаткан ченемдери өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартуу укугун сотко берүү менен Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 8-пунктунда белгиленген соттук коргонуу укугуна эч кандай чектөө коюлууга тийиш эмес деген ченемге карама-каршы келет деп эсептейт.

Ушуга байланыштуу М.З. Мусаев Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин талашылып жаткан ченемдерин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 2-бөлүгүнө, 20-беренесинин 1 жана 3-бөлүктөрүнө, 5-бөлүгүнүн 8-пунктуна, 40-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таанууну сурайт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-беренесин, 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 8-, 9-пункттарын, 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-, 5-пункттарын, 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, 2017-жылдын

2017-жылдын
31-майы
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№04-П

25-апрелиндеги № 24 аныктамасы менен кийинки негиздер боюнча өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-беренесине ылайык мыйзам же башка ченемдик укуктук актынын Конституцияга ылайыктуулугу маселеде күмөндүүлүктүн пайда болуусу ишти Конституциялык палатада кароого негиз болуп эсептелет. Ошентип, аталган конституциялык Мыйзамдын 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 9-пунктуна ылайык кайрылууда коюлган маселе боюнча кайрылуучунун көз карашы көрсөтүлүп, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын тиешелүү ченемдерине шилтеме менен укуктук негиздемеси болушу керек.

Бирок, арыздануучу Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 264-беренесинин 3-бөлүгүнүн «жана соттук териштирүүнү улантууга» деген ченемдик жобосу жана 339-беренесинин 2-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келүүсүн белгилегени менен талашылып жаткан ченемдер Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайыктуулугу маселеде күмөндүүлүктү көрсөткөн өзүнүн көз карашынын канааттандыраарлык укуктук негиздемесин келтирген жери жок.

Арыздануучу койгон маселеде күмөндүүлүктүн болбогондугу, ошондой эле «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 25-беренесине ылайык кайрылууда көрсөтүлгөн формасына жана мазмунуна карата талаптарды сактабагындыгы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу үчүн негиз болуп саналат.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 339-беренесинин 2-бөлүгү туурасында судьялар коллегиясы аталган ченем жарандар К. Б. Иманалиев жана Ю.А. Богдановалар тарабынан К.У. Айталиевдин кызыкчылыгындагы кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын кароосунун предмети болгон. Көрсөтүлгөн кайрылууларды кароонун жыйынтыгы боюнча 2014-жылдын 19-декабрындагы чечимде жыйынтыктоочу акты менен бирге аралыктагы актыларды кайрылуунун субъектилери тарабынан даттануу мүмкүнчүлүгү алардын соттук коргонуу укугун чектебейт, анткени аларга өз укуктарын кийинки соттук инстанцияларда коргоого тоскоол болбойт деп белгиленген. Кыргыз

2017-жылдын
31-майы
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№04-П

Республикасы-нын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын акты күчүндө турганын эске алып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык, судьялар коллегиясы бул кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктама кабыл алган.

М.З. Мусаев 2017-жылдын 25-апрелинде судьялар коллегиясынын аныктамасы менен макул болбой, 2017-жылдын 27-апрелинде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттануу менен кайрылган.

Арыздануучу өзүнүн даттануусунда тергөөчү менен судья Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин бир катар беренелеринин жоболорун бузуусу жөнүндө белгилейт, анын пикири боюнча бул жагдай тараптардын мыйзамдуулук жана тең укуктуулук принциптеринин бузлушуна алып келди дейт.

Маселен, арыздануучу тергөөнүн кенемтелерин толуктоо үчүн ишти прокурорго кайтарып берүү жөнүндө өтүнүч менен кайрылганда сот талашылып жаткан ченемдерди жетекчиликке алып, бул өтүнүчтү канааттандыруудан баш тарткан. Ошентип, арыздануучунун пикири боюнча Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 125-беренесинин 1-бөлүгүнүн талаптары бузулган, ага ылайык, эгерде өтүнүч иштин жагдайын ар тараптан, толук жана объективдүү изилдөөгө, процесстин катышуучуларынын же башка адамдардын укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын камсыз кылууга көмөк көрсөтө турган болсо, ал канааттандырылууга тийиш.

Андан тышкары, М.З. Мусаев талашылып жаткан ченемдер А.М. Даулованын соттук коргонууга болгон укуктарын чектеген ченемдерди камтыйт деп, ал соттун өтүнүчтү жана соттук актыларына процесстин ар кандай стадияларында даттанууну канааттандыруудан баш тартуусунан көрүнүүдө, бул жагында ал соттук коргонууга болгон Конституцияда белгиленген кепилдиктерге эч кандай чектөө коюлууга тийиш эмес деген Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 8-пунктуна, ошондой эле ар кимге соттук коргоого кепилдик берилип, Конституциянын 40-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп эсептейт.

Ошондой эле анын пикири боюнча, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин талашылып жаткан ченемдери Кыр-

2017-жылдын
31-майы
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№04-П

гыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 2-бөлүгүнө, 20-беренесинин 1-, 3-бөлүктөрүнө карама-каршы келүүдө, аларга ылайык мыйзамдар Кыргыз Республикасынын Конституциясынын негизинде кабыл алынат жана адамдын жана жарандын укуктарын жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдарды кабыл алууга, ошондой эле Конституцияда каралгандан башка максаттарда укуктарды чектөөгө тыюу салууну белгилейт.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, М.З. Мусаев Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 25-апрелиндеги № 24 аныктамасын жокко чыгарууну жана Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 264-беренесинин 3-бөлүгүнүн «жана соттук териштирүүнү улантууга» деген ченемдик жобосу жана 339-беренесинин 2-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 2-бөлүгүнө, 20-беренесинин 1- жана 3-бөлүктөрүнө, 5-бөлүгүнүн 8-пунктуна, 40-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө 2017-жылдын 14-мартындагы өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алууну сурайт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арыздануучунун жүйөлөрүн жана судьялардын соттук коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуусунун негиздерин талкуулап, кийинкидей тыянактарга келишти.

М.З. Мусаев өзүнүн даттануусунда, анын пикири боюнча, жазык-процесстик мыйзамдарда тергөөчү жана судья тарабынан кетирилген бузуулар, Конституцияда А.М. Даулованын кепилденген укуктарынын бузулушуна алып келди деп басым жасайт. Ошону менен бирге, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамга ылайык укук колдонуучулук тажрыйбасына байланыштуу суроолорду кароо Конституциялык палатанын ыйгарым укуктарына кирбейт. Көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын 19-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы укук маселелерин гана белгилейт жана чечет. Демек, кызмат адамдарынын аракеттери талашылып жаткан ченемдердин конституциялуулугу туурасында шектенүүлөрдү туудурган жагдайлар катары бааланышы мүмкүн эмес.

Ошон үчүн, арыздануучунун кайрылуусунда укуктук күмөндүүлүк жок, ал «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун

2017-жылдын
31-майы
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№04-П

Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 24-беренесине ылайык иште кароого негиз болуп саналат жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 8-пунктунун талаптарына ылайык кайрылууда көрсөтүлүшү керек.

Андан тышкары, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык баш тартуу үчүн негиздердин бири кайрылууда көрсөтүлгөн маселени текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Жолгорку сотунун Конституциялык палатасынын күчүндөгү акты болуп саналат.

Ошентип, судьялар коллегиясынын тыянактары негиздүү жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы 2017-жылдын 25-апрелиндеги судьялар коллегиясынын № 24 аныктамасын жокко чыгарууга негиздерди тапкан жок.

Жогоруда көрсөтүлгөндөрдүн негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

Т О К Т О М К Ы Л А Т:

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «А. М. Даулованын кызыкчылыгындагы М З. Мусаевдин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2017-жылдын 25-апрелиндеги № 24 аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө Мирлан Зарлыкович Мусаевдин даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тарта күчүнө кирет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ

2017-жылдын
30-июну
Бишкек шаары

№05-П

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «Омурбек Джумадылович Калчакеевдин кызыкчылыгындагы Турсун Капарович Ирысбековдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2017-жылдын 14-апрелиндеги № 17 аныктамасына Турсун Капарович Ирысбековдун даттануусун канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу – судья Э.Т. Мамыров, судьялар К. Абдиев, Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, К.М. Киргизбаев, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, Ж.И. Саалаевдин курамында, соттук отурумдун катчысы Н.А. Кененсариеванын катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Турсун Капарович Ирысбековдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 14-апрелиндеги № 17 аныктамасына болгон даттануусун соттук отурумда карап чыкты.

О. Д. Калчакеевдин кызыкчылыгындагы Т. К. Ирысбековдун даттануусунда баяндалган жүйөлөрүн изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

Т А П Т Ы:

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2017-жылдын 9-мартында «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 10-августундагы Мыйзамы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 27-беренесинин 2-бөлүгүнө жана 28-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө О.Д. Калчакеевдин кызыкчылыгындагы Т.К. Ирысбековдун өтүнүчү келип түшкөн.

Өтүнүчтөн келип чыккандай, О.Д. Калчакеев жазык жоопкерчилигинен качуу жана укукка каршы жосунун жашыруу

2017-жылдын
30-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№05-П

максатында кызмат адамына пара берүүгө аракет кылган, ошол аракеттери үстүнөн Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районунун жазык тергөө кызматкерлери тарабынан кармалган. Жазык ишти сот карап чыгуунун натыйжасында жаран О. Д. Калчакеевди Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 314-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган кылмышты жасоодо күнөөлүү деп тапкан дагы, 500 000 сом өлчөмүндө айып салуу менен жазалаган.

Арыздануучунун пикири боюнча, О.Д. Калчакеев жазык жоопкерчилигин кызмат адамы катары эмес жалпы негиздерде тартышы керек болуучу, жана талашылып жаткан ченем кызмат адамдарына карата колдонулушу керек деп эсептейт. Мында Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин көрсөтүлгөн ченемдерин башка жарандарга карата колдонулушу мыйзамды окшоштук боюнча колдонуу болуп саналат.

Жазык мыйзамын окшоштук боюнча колдонуу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 28-беренесинин 2-бөлүгүндө тыюу салынган. Ошентип, Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинде кызмат адамы болбогон адам тарабынан кызмат адамына пара бергени үчүн жоопкерчиликти күчөтүү жагында берене болгондо, андан О.Д. Калчакеевдин жасаган жосуну кызмат адамы болбогон адам тарабынан кызматтык кылмыш жасоо аракети деп мыйзамдуу негизде таанылмак болуучу.

Т.К. Ирысбековдун пикири боюнча, коррупциялык аракеттер кызмат адамы болгон субъектилерге гана таандык. Мында талашылып жаткан ченемдин колдонулуусу көрсөтүлгөн категориядагы адамдарга тиешеси жок жарандардын укуктарын бузууда. Ошентип, тактап алганда, аларга Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 27-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган мунапыс берүүнү, ырайым кылууну жана жазасын азайтууну колдонууга болбойт.

Кызматтык кылмыштардын өзгөчөлүгү болуп объект болгон коомдук мамиле гана эмес, кызмат адамы болгон атайын субъект дагы саналат. Башкача айтканда, Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 303–316-беренелеринде кылмыш субъекти болуп кызамт адамы гана болушу мүмкүн, ошон үчүн мыйзам чыгаруучу көрсөтүлгөн Кодекстин 303-315-беренелерин жазасы жеңилдетүүгө жатпаган кызматтык өзгөчө оор кылмыштарга киргизген.

Талашылып жаткан Мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөргө байланышуу, О.Д. Калчакеевге карата Кыргыз Республикасынын

2017-жылдын
30-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№05-П

Жазык кодексинин 44-беренесинин 8-пунктунун жоболорун колдонууга болбойт, башкача айтканда, ал айыпты төлөй албаса, андай жаза түзөтүү иштерине, эркиндикти чектөө же 6 айдан бир жылга чейинки мөөнөткө чейин эркиндигинен ажыратууга өзгөртүлүшү мүмкүн, ошондой эле, тактап алганда, мыйзамда каралгандан кыйла жеңил жаза берүү жана шарттуу соттоо аталган Кодекстин 56- жана 63-беренелеринин ченемдери колдонулушу мүмкүн эмес.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, арыздануучу талашылып жаткан ченемдик укуктук актыны Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 27-беренесинин 2-бөлүгүнө жана 28-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануусу суранган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-беренесинин экинчи абзацын, 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 9-пунктун, 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктун жетекчиликке алып, 2017-жылдын 14-апрелиндеги № 17 аныктамасы менен төмөнкүдөй негиздер боюнча өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

Талашылып жаткан ченемдик укуктук акты жана арыздануучу көрсөткөн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдери ортосундагы карама-каршылык эмнеде экени өтүнүчтүн өзүнөн аныктоо мүмкүн эмес.

Корсөтүлгөн ченемдик укуктук актынын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 27-беренесинин 2-бөлүгүнө жана 28-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келүүсү жөнүндө айтып, арыздануучу «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 9-пунктунун талаптарын бузуп, талашылып жаткан ченемдик укуктук акты Конституцияга ылайык келүүсү маселеде күмөндүүлүктүн болуусу жөнүндө укуктук мүнөздөгү өзүнүн көз карашын ырастаган кандайдыр бир негиздеме келтирген эмес, ал эми бул жагдай көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын 24-беренесине ылайык конституциялык сот өндүрүшү алкагында ишти кароо үчүн негизги шарт болуп саналат.

Арыздануучу талашылып жаткан Мыйзамдын укук колдонуучулук тажрыйбасына басым кылат, анын жоболору окшоштук боюнча колдонулду деп көрсөтүлүүдө. Бирок, «Кыргыз Республикасынын

2017-жылдын
30-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№05-П

Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамга ылайык, укук колдонуучулук тажрыйбага байланыштуу маселелерди кароо Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ыйгарым укуктарына кирбейт. Көрсөтүлгөн Мыйзамдын 19-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы тек гана укук маселесин чечет.

Баяндалганга байланыштуу, судьялар коллегиясы бул кайрылууну кабыл алуудан баш тартуу тууралуу аныктама кабыл алышкан.

Судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 14-апрелиндеги № 17 аныктамасы менен макул болбой, Т.К. Ирысбеков Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2017-жылы 23-майда даттануу менен кайрылган.

Анын пикири боюнча, Кырыгз Республикасынын Жазык кодексинин 314-беренесинде О.Д. Калчакеевдин аракеттерине карата кызматтык кылмыштын субъектин жана курамын аныктоо бөлүгүндө күмөндүүлүк аныкталууда.

Бул маселе чечүүчү мааниге ээ, пара алуучу (пара берүүчүнүн пайдасына кызматтык кылмышты жасай турган кызмат адамы) кылмыштуу аракеттерден баш тартып, бул тууралуу укук коргоо органдарына билдирип, пара берүүчү кармалат. Бул учурда, арыздануучу кызматттык кылмышты жасай турган адам (аткаруучу) болбогондон кийин, демек терс кесепеттер дагы жок деп эсептейт. Ушуга байланыштуу, Т.К. Ирысбеков болжогондой, кызматтык кылмыштын субъекти атайын субъект катары кызмат адамы гана болушу мүмкүн.

Кызматтык кылмыштын субъекти болуп, эгер кызматтык кылмышты жасоодо кошо катышкан адам болгон болсо, кызмат адамы эмес дагы болушу мүмкүн (Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 30-беренесинде аткаруучу – шыкакчы же көмөкчү).

Аскердик кылмыштардын субъекти Куралдуу күчтөрдө жана Кыргыз Республикасынын аскердик түзүмдөрүндө аскердик кызмат өтөгөн аскер кызматчылары гана болушу мүмкүн, башкача айтканда кызмат адамы сыяктуу эле атайын субъект (аталган Кодекстин 30-главасы).

Баяндалганга байланыштуу арыздануучу кызматтык кылмыштын субъекти болуп кызмат адамы гана болушу мүмкүн, айткандай эле бул эреже Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 30-главасынын беренелеринин бардыгында иштейт (303–316-беренелер).

2017-жылдын
30-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№05-П

Ошону менен бирге, көрсөтүлгөн Кодекстин 314-беренесинде кызмат адамына пара берүү деген аныктаманын түшүндүрмөсүндө күмөндүүлүк бар. Кызматтык кылмыштын субъектин аныктоодо күмөндүүлүк жатат, анткени кызмат адамы болбогон адам кызматтык кылмышты жасай алышы мүмкүн эмес. Кызмат адамы болбогон адамдын кызматтык кылмыш жасоонун бардык аракеттери кызматтык кылмыш катары квалификацияланбашы керек.

Демек, Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 314-беренеси окшошту боюнча Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарын бузуу менен колдонулууда, ага ылайык жоопкерчиликти орноткон жазык мыйзамы окшоштук боюнча колдонулбайт.

Арызданууучу эсептегендей, кызматы адамы болобу же болбойбу, ар кандай адамдын пара берүү аракети кылмыш болуп саналат. Ошентип, бир учурдан тышкары гана, бардык учурда кызматтык кылмыштын курамын түзөт. Пара алуучу пара алуудан – кызматтык кылмышты жасоодон баш тарткан учурда гана жана кызматтык кылмышты кошо жасашууда катышуу болбогон учурда (кызматтык кылмыштын аткаруучусу жок) кызматтык кылмыштын курамы түзүлбөйт.

Ушуга байланыштуу, Т.К. Ирысбеков тергөө менен сот О.Д.Калчакеевге карата кылмыш курамын аныктоодо Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 314-беренесин жетекчиликке алышкан жана колдонууга мүмкүн болбогон мыйзамды колдонушкан.

Анын пикири боюнча, Кыргыз Республикасынын Жазык кодексине түзөтүүлөрдү киргизүү жана көрсөтүлгөн кылмыштын курамын аталган Кодекстин 314-беренелеринде каралган санкцияларды сактоо менен кызматтык кылмыштан сырткары чыгаруу зарыл, ал эми мындай кылмыштарды жасаган адамдарды жалпы негиздерде күнөөлүү болушун тааануу зарыл деп эсептейт.

Жогоруда баяндалганга байланыштуу, арызданууучу, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 32-беренесинин 4-бөлүгүнүн 3-абзацын жетекчиликке алып, өзүнүн талаптарынын көлөмүн азайтууда жана Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 314-беренесин кызматтык кылмыштын субъекти болбогон адамдарга карата анын жоболорун колдонуу бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 28-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келет деп тааныууну суранат.

2017-жылдын
30-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№05-П

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арызданууучунун жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуусун талкуулап, төмөнкүдөй тыянактарга келүүдө.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 7-бөлүгүнө ылайык, Конституция тарабынан таанылган укуктар жана эркиндиктер алар тарабынан бузулуп жатат деп эсептелсе ар бир адам мыйзамдын же башка ченемдик укуктук актыларынын конституциялуулугун талашууга укуктуу. Демек, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын экинчи бөлүмүндөгү бекитилген жарандардын укуктары менен эркиндиктери талашылып жаткан ченчемдик укуктук акты менен козголгон учурда гана жарандардын Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына кайрылуу укугу пайда болот. Арыздануучу келтирген жүйөлөрдүн ичинен талашылып жаткан ченем жарандардын кайсы конституциялык укуктары жана эркиндиктери маселесинде күмөндүүлүктүн болуусу байкалган жери жок.

Арызданууучунун укуктук аргументтери ар кандай субъектилер тарабынан жасалуучу кылмыштар үчүн жазык жоопкерчилигин орнотуу жаатында укук колдонуу жана мыйзам чыгаруу ишмерлигинин маселелерине барып такалууда. Был сыяктуу маселелерди чечүү мыйзам чыгаруучунун компетенциясына кирет жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ыйгарым укуктарында камтылган эмес.

Демек, арызданууучунун кайрылуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 24-беренесине ылайык ишти конституциялык сот өндүрүшү алкагында кароого негиз болгон укуктук күмөндүүлүк жок.

Ошентип, судьялар коллегиясынын тыянактары негиздүү болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 14-апрелиндеги аныктамасын жокко чыгарууга негиздерди тапкан жок.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 46-, 47-, 48-беренелерин, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

2017-жылдын
30-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№05-П

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «Омурбека Джумадылович Калчакеевдин кызыкчылыгындагы Турсун Капарович Ирысбековдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2017-жылдын 14-апрелиндеги № 17 аныктамасына Турсун Капарович Ирысбековдун даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ушул токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ

2017-жылдын
11-июлу
Бишкек шаары

№ 07-Р

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Аппараты жөнүндө жобону, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Аппаратынын түзүмүн жана штаттык бирдигин бекитүү жөнүндө» 2017-жылдын 22-мартындагы № 02 токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнүн иш башкармасынын «Мамлекеттик органды жайгаштыруу жөнүндө» 2017-жылдын 29-июнундагы № 140 буйругу менен Бишкек шаары, Эркиндик проспекти, 39 «А» дареги боюнча жайгашкан имараты Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына өткөрүлүп берилгендигине байланыштуу жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктун жетекчиликке алып Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

Т О К Т О М К Ы Л Д Ы:

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Аппараты жөнүндө жобону, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Аппаратынын түзүмүн жана штаттык бирдигин бекитүү жөнүндө» 2017-жылдын 22-мартындагы № 02 токтомуна төмөндөгүдөй өзгөртүү киргизилсин:

1-пунктунун төртүнчү абзацы төмөндөгүдөй редакцияда берилсин:

« - Конституциялык палатанын Аппаратынын штаттык бирдиги 31 мамлекеттик кызматкер, техникалык тейлөөчү персонал 1 адам, кенже тейлөөчү персонал 12 адам болуп.».

2. Ушул токтом кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ

2017-жылдын
11-июлу
Бишкек шаары

№ 07-Р

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН

Рита Рахмановна Карасартова, Акин Усубалиевич Токталиев, Бакыт Раманкулович Жалгашев, Улукбек Алтымышбекович Абдыкаимовдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 18-апрелиндеги № 19 аныктамасына даттануусун канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу – судья Э.Т. Мамыров, судьялар К. Абдиев, Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, К.М. Киргизбаев, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, Ж.И. Саалаевдин курамында, сот отурумунун катчысы С.А. Джолгокпаеванын катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Р.Р. Карасартова, А.У. Токталиев, Б.Р. Жалгашев, У.А. Абдыкаимовдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 18-апрелиндеги № 19 аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусун соттук отурумда карап чыкты.

Даттанууда баяндалган жүйөлөрдү жана жарандар Р.Р. Карасартова, А.У. Токталиев, Б.Р. Жалгашев, У.А. Абдыкаимовдун өтүнүчү боюнча материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

Т А П Т Ы:

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2017-жылдын 3-мартында Р.Р. Карасартова, А.У. Токталиев, Б.Р. Жалгашев, У.А. Абдыкаимовдун Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2 беренесинин 1-бөлүгүнүн «экстремисттик материалдарды сатып алуу, сактоо» деген сөздөр менен баяндалган жоболору Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 2-бөлүгүнүн экинчи абзацына, 20-беренесинин 1-, 2-бөлүктөрүнө, 5-бөлүгүнүн 4-, 5-пункттарына, 32-беренесинин 1-бөлүгүнө, 33-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Арыздануучулар өзүнүн өтүнүчүндө «Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын

2017-жылдын
11-июлу
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№07-П

Мыйзамына ылайык, эгер адам тыюу салынган материалдарды жайылтуу максатын көздөгөн же жайылтып жүргөн болсо, экстремисттик материалдарды сактоо укук бузуу катары таанылууга тийиш деп көрсөтүшүүдө. Ошол эле мезгилде, арыздануучулар эсептешкендей, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2-беренесинин диспозициясы көрсөтүлгөн мыйзамдык ченемдерден айырмаланып, экстремисттик материалдарды жайылтуу максатын көздөгөн белгилерди камтыбайт жана анын натыйжасында жазык жоопкерчилигине өзүндө диний адабиятты сактаган жана жайылтуу максатын көздөбөгөн адамдар тартылууда.

Арыздануучулардын пикири боюнча, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2-беренесинин 1-бөлүгүнүн туюндурмасында толук кандуулук жана аныктыктын болбогондугу жана аны тергөө жана соттук органдар тарабынан колдонуу тажрыйбасы Конституция менен кепилденген адам укуктарын одоно бузууда, жарандарды диний тиешелүүлүк белгилери боюнча дискриминациялоодо жана эң негизгиси, маңызы жана мүнөзү боюнча кылмыштуу эмес аракеттер үчүн адамдарды жазык куугунтугуна алууга жана жазык жоопкерчилигине тартууга жол ачууда.

Жарандар Р.Т. Карасартова, А.У. Токталиев, Б.Р. Жалгашев, У.А. Абдыкаимовдун пикири боюнча таанышуу максатында диний адабиятты сатып алган жана өзүндө сактап жүргөн адам анын экстремисттик мүнөздө экенин алдын ала биле албайт, анткени экстремисттик материалдардын тизмесине кирген материалдар Кыргыз Республикасынын аймагында таратылууга тийиш эмес. Ушуга байланыштуу, анын аракеттери мындай материалдарды жайылтуу максатын көздөбөйт.

Арыздануучулардын өтүнүчүндө конкреттүү жагдайлар келтирилүүдө, аларга ылайык Б.Р. Жалгашевге карата Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2-беренесинин 1-бөлүгү боюнча жазык иши козголгон, ал эми У.А. Абдыкаимовго карата Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2-беренесинин 1-бөлүгү боюнча өкүм чыккан.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, арыздануучулар Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2-беренесинин 1-бөлүгүнүн «экстремисттик материалдарды сатып алуу, сактоо» деген сөздөр менен баяндалган жоболорун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 2-бөлүгүнүн экинчи

2017-жылдын
11-июлу
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№07-П

абзацына, 20-беренесинин 1-, 2-бөлүктөрүнө, 5-бөлүгүнүн 4-, 5-пункттарына, 32-беренесинин 1-бөлүгүнө, 33-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануусу суранышкан.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-беренесинин экинчи абзацын, 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 8-пунктун, 28-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1-, 4-пункттарын, 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, 2017-жылдын 18-апрелиндеги № 19 аныктамасы менен төмөнкүдөй негиздер боюнча өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-беренесинин талаптарына ылайык мыйзамдын, башка ченемдик укуктук актынын Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн пайда болуусу ишти кароого негиз болуп саналат.

Арыздануучулар шилтеме жасаган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 2-бөлүгүнүн экинчи абзацы, 20-беренесинин 1-, 2-бөлүктөрү эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча кодулоого алынышы мүмкүн эмес, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдар кабыл алынбашы керек, адамдын, жарандын укуктары менен эркиндиктери улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын, адеп-ахлагын сактоо, башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо максатында Конституция жана мыйзамдар менен чектелиши мүмкүн, ушундай чектөөлөр аскердик же башка мамлекеттик кызматтын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен да киргизилиши мүмкүн, киргизилип жаткан чектөөлөр көрсөтүлгөн максаттарга өлчөмдөш болушу керек деп көрсөтүүдө.

Андан ары, ошондой эле өтүнүчтө шилтеме келтирилген Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 4-, 5-пункттары, 32-беренесинин 1-бөлүгү, 33-беренесинин 1-бөлүгү ар кимге ой-пикир эркиндигин жана диний ынанымдарды эркин тандап алуу жана ээ болуу укуктарын, абийир жана дин тутуу эркиндигин, маалыматты эркин издөө, алуу, сактоо, пайдалануу жана аны оозеки, жазуу жүзүндө же башка ыкма менен жайылтуу укугун кепилдейт.

2017-жылдын
11-июлу
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№07-П

Ошонун менен бирге, арыздануучулар тарабынан талашылып жаткан Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2-беренесинин 1-бөлүгүнүн жобосу экстремисттик материалдарды сатып алуу жана сактоо үчүн жазык жоопкерчилик маселесин жөнгө салат.

«Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык экстремисттик материалдар деп экстремисттик аракеттерди жасаганга үндөгөн, мындай аракетти ишке ашыруунун зарылдыгын негиздеген улуттук жана (же) расалык артыкчылыкты негиздеген же актаган, кандайдыр бир этникалык, социалдык, расалык, улуттук (этностук) же диний топту толук, же жарым-жартылай жок кылууга багытталган согуштук, же дагы башка кылмыштарды жасоону актоого арналган жарыялоолор, документтер, же башка сактагычтардагы маалыматтар таанылат.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2-беренесинде аныкталган жазык-укуктук жосун адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин, конституциялык түзүлүштүн негиздерин, Кыргыз Республикасынын бүтүндүгүн жана коопсуздугун коргоо жана экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү максатында каралган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы өзүнүн укуктук көз караштарында мурда белгилегендей мамлекеттин орчундуу функциясын жүзөгө ашырган судьядан укук субъектин юридикалык жоопкерчиликке тартуу жана мамлекеттик таасир этүү жана мажбурлоо чараларын колдонуу тикелей көз каранды, жарандардын укуктары, эркиндиктери жана милдеттери маселелери боюнча акыркы чечимди кабыл алуу милдети судьяларга гана жүктөлөт (2013-жылдын 27-декабрындагы, 2015-жылдын 15-апрелиндеги, 2016-жылдын 11-октябрындагы чечимдер).

Арыздануучулар келтирип жаткан жүйөлөр талашылып жаткан ченемдин Конституциянын көрсөтүлгөн жоболоруна ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде эч кандай күмөндүүлүктү жараткан жери жок. Өз кезегинде, жогоруда көрсөтүлгөндөй, бул жагдай ишти Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасында кароо үчүн милдеттүү шарт болуп саналат.

Судьялар коллегиясы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин талашылып жаткан ченеми менен кайырлууда белгиленген Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдеринин ортосунда тутумдаш байланышты тапкан жок.

2017-жылдын
11-июлу
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№07-П

Андан тышкары, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2-беренесинин 1-бөлүгүн тергөө жана соттук органдар тарабынан колдонуу тажрыйбасы конституциялык сот өндүрүш алкагында кароо предмети боло албайт.

Жогоруда баяндалганга байланыштуу, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктама кабыл алган.

Р.Р. Карасартова, А.У. Токталиев, Б.Р. Жалгашев, У.А. Абдыкаимов судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 18-апрелиндеги аныктамасы менен макул болбой, 2017-жылдын 8-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттануу менен кайрылышкан.

Даттанууда Р.Р. Карасартова, А.У. Токталиев, Б.Р. Жалгашев, У.А. Абдыкаимов «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамга ылайык арыздануучу кайрылуусунда күмөндүүлүктү көрсөтүшү керек, ошондой эле кайрылууда талашылып жаткан мыйзамдын жоболору Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн негиздемеси камтылышы керек деп белгилешүүдө. Күмөндүүлүк талашылып жаткан мыйзамдын жоболорунун Конституция менен шайкештигинин жоктугунда, анын беренелерине ылайык келбегенинде көрүнөт. Арыздануучу бул жагдайга ынанып, ушул ынанымынын пайдасына өзүнүн жүйөлөрүн өтүнүчтө баяндап берүүгө милдеттүү.

Арыздануучулардын пикири боюнча, дал кайрылуунун субъекти талашылып жаткан актынын Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктү табууда. Мындай тыянак «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-, 25-беренелеринин маанисинен жана мазмунунан гана келип чыкпастан, аталган конституциялык Мыйзамдын логикалык конструкциясынан да келип чыгууда.

Даттануудан келип чыккандай, судьялар коллегиясы тарабынан кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун кеңири жайылган негиздеринин бири болуп жогоруда көрсөтүлгөн күмөндүүлүктүн жоктугу саналат. Бирок, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүгү кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негиздеринин

2017-жылдын
11-июлу
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№07-П

толук тизмесин бекитет жана ушул тизмеде баш тартуу үчүн өз алдынча негиз катары «күмөндүүлүктүн жоктугу» деген негиз жок. Ушуга байланыштуу, арыздануучулардын пикири боюнча, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы кайрылуу жалпысынан формалдуу талаптарга жооп берип турса, талашылып жаткан актынын Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүк жок деген негиз боюнча кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарта албайт.

Андан тышкары, Р.Р. Карасартова, А.У. Токталиев, Б.Р. Жалгашев, У.А. Абдыкаимов ишти кароо үчүн негиз катары арыздануучунун күмөндүүлүгү эмес, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын талашылып жаткан актынын Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн болушу тууралуу күмөндүүлүгү ишти кароо үчүн негиз болуп саналат деп болжошууда. Арыздануучулардын пикири боюнча, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-беренесинин судьялар тарабынан кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу үчүн негиз катары өз билемдикке салып чечмелениши соттук коргонууга болгон укукту, жекече сот адилеттигине жетүү укугун мыйзамсыз чектөө болуп саналат. Ушуга байланыштуу, даттанылып жаткан аныктамада камтылган талашылып жаткан актынын Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн жоктугу тууралуу тыянак «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-, 25-, 28-беренелерин бузууда жана соттук коргонууга болгон конституциялык укуктун жүзөгө ашырылуусуна тоскоолдук кылат.

Андан тышкары, аталган конституциялык Мыйзамдын 47-беренесинин 10-бөлүгүнө ылайык, Конституциялык палатанын акты негиздүү жана жүйөлүү болушу керек. Конституциялык палатанын судьялар коллегиясынын аныктамасы күмөндүүлүктүн жоктугу тууралуу тыянактарды негиздеген аргументтерди камтыбайт. Судьялар коллегиясы өз баш тартуусун «арыздануучулардын келтирген жүйөлөрү талашылып жаткан ченемдин Конституциянын жоболоруна ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде эч кандай күмөндүүлүктү туудурган жери жок» деп гана негиздөөдө. Белгилей кетүү керек, арыздануучунун жүйөлөрү эмес, ченемдин

2017-жылдын
11-июлу
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№07-П

өзү жана аны колдонуу тажрыйбасы талашылып жаткан ченемдин конституциялуулугунда күмөндүүлүк үчүн негиз болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын талашылып жаткан ченем менен Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ортосундагы тутумдаш байланыштын жоктугу жөнүндө тыянактары туурасында арыздануучулар даттанууда Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2-беренесинин талашылып жаткан бөлүгү анын укук коргоо органдары тарабынан колдонуу тажрыйбасы күбөлөндүргөндөй жарандардын дин тутуу эркиндигин одоно бузууда, жарандарды диний белгилер боюнча кемсинтүүгө жол берүүдө деп кайрадан белгилешүүдө.

Р.Р. Карасартова, А.У. Токталиев, Б.Р. Жалгашев, У.А. Абдыкаимов өтүнүчтө камтылган өзүнүн жүйөлөрүн толуктоо катары, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2-беренесинин 1-бөлүгүнүн алгачкы редакциясы көрсөтүлгөн беренеде жосун үчүн жоопкерчиликти жайылтуу максаты болгондо караган болчу деп белгилешүүдө.

Бирок, «Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 3-августундагы № 180 Мыйзамы менен бул ченем жайылтунун максатын көрсөтүүсүз баяндалган.

Ошону менен бирге, 2019-жылдын 1-январынан тартып колдонууга киргизиле турган Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 315-беренесинин редакциясында экстремисттик материалдарды алуу жана сактоо боюнча жосундар жайылтунун максаты болгондо гана кылмыштуу деп таанылууда.

Ушуга байланыштуу, Р.Р. Карасартова, А.У. Токталиев, Б.Р. Жалгашев, У.А. Абдыкаимов Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 18-апрелиндеги № 19 аныктамасын жокко чыгарып жана Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2-беренесинин 1-бөлүгүнүн «экстремисттик материалдарды сатып алуу, сактоо» деген сөздөр менен баяндалган жоболорун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 2-бөлүгүнүн экинчи абзацына, 20-беренесинин 1-, 2-бөлүктөрүнө, 5-бөлүгүнүн 4-, 5-пункттарына, 32-беренесинин 1-бөлүгүнө, 33-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө 2017-жылдын 3-мартындагы өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алууну суранышууда.

2017-жылдын
11-июлу
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№07-П

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арызданууучулардын жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылуу өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негиздерин талкуулап, төмөнкүдөй тыянактарга келди.

Укуктук аныктык принцибине ылайык укуктук ченемдердин формалдуу аныктыгы, тактыгы, ачыктыгы, кош маанилүү эместиги жана алардын колдонуудагы укуктук жөнгө салуу тутуму менен шайкештигинин зарылдыгы шартталат. Демек, көрсөтүлгөн критерийлерге жооп бербеген ченемдик укуктук актылар адамдын жана жарандын конституциялык укуктары жана эркиндиктеринин бузулушуна алып келиши мүмкүн.

Мында, ченемдик укуктук актылардын конституциялык презумпциясынан улам алардын конституциялуу эместиги тууралуу маселенин коюлушу алардын конституциялуулугу тууралуу күмөндүүлүктү жараткан ынанымдуу жүйөлөр болгондо гана мүмкүн.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 25-беренеси менен кайрылууга карата талаптар каралган, анын ичинде кайрылуу аталган конституциялык Мыйзамда көрсөтүлгөн кайрылууну кароо үчүн конкреттүү негиздерди камтышы керек. Өз кезегинде, аталган конституциялык Мыйзамдын 24-беренесинде мыйзам же башка ченемдик укуктук актынын Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн пайда болуусу – ишти кароого негиз болуп эсептелет деп белгиленген. Мында, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 3-бөлүгүндө, эгерде кайрылуу таризи жана мазмуну боюнча ушул конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келбесе, коллегия кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат деп орнотулган. Мында, «мазмун» деген түшүнүккө конституциялык Мыйзамда көрсөтүлгөн конкреттүү кароого карата негиздер, анын ичинде талашылып жаткан ченемдин Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн болуусу да кошулат (25-берененин 3-бөлүгүнүн 8-пункту, 24-берене).

Баяндалганды эске алуу менен, арызданууучулардын «күмөндүүлүктүн жоктугу» деген негиз кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу үчүн негиздердин тизмесинде жок деген тыяна-

2017-жылдын
11-июлу
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№07-П

гы туура эмес. Ошон үчүн күмөндүүлүктүн болуусу тууралуу маселе жогоруда аталган конституциялык Мыйзамдын талаптарынын алкагында судьялар коллегиясы тарабынан чечилиши керек.

Белгилей кетүү керек, арыздануучулардын өтүнүчүндө талашылып жаткан ченем менен Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдеринин ортосунда карама-каршылыктын болуусу туурасында күмөндүүлүктү пайда кылган ынанымдуу жүйөлөр жок. Ушуга байланыштуу, судьялар коллегиясынын талашылып жаткан ченемдерде укуктук күмөндүүлүктүн жоктугу туурасында тыянагы негиздүү болуп саналат.

Экстремисттик материалдарды сатып алуу, даярдоо, сактоо, таратуу, ташуу жана жиберүү, ошондой эле экстремисттик же террорчулук уюмдардын символдорун же атрибуттарын атайылап пайдалануу, анын ичинде көрсөтүү үчүн жазык жоопкерчилигин орнотуу «Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесинин 8-бөлүгүнүн ченемдик көрсөтмөлөрүн жүзөгө ашырууга багытталган мыйзам чыгаруучунун ченем жаратуучу ишмерлигинин логикалык уландысы болуп саналат.

Ошондой эле, арыздануучулар Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2-беренесинин 1-бөлүгүнүн «экстремисттик материалдарды сатып алуу, сактоо» деген сөздөр менен баяндалган жоболорунун конституциялуулугун талашып жатып, өзүнүн көз карашын ушул ченемди тергөө жана соттук органдардын пайдалануу тажрыйбасына шилтеме жасоо менен негиздешет. Ошону менен бирге, талашылып жаткан ченемдин укук колдонуу тажрыйбасына байланыштуу маселелеринин чечилиши «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамга ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ыйгарым укуктарына кирбейт.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 46-, 47-, 48-беренелерин, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

2017-жылдын
11-июлу
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№07-П

Т О К Т О М К Ы Л А Т:

1. Жарандар Рита Рахмановна Карасартова, Акин Усубалиевич Токталиев, Бакыт Раманкулович Жалгашев, Улукбек Алтымышбекович Абдыкаимовдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «Жарандар Рита Рахмановна Карасартова, Акин Усубалиевич Токталиев, Бакыт Раманкулович Жалгашев, Улукбек Алтымышбекович Абдыкаимовдун Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2017-жылдын 18-апрелиндеги № 19 аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ушул токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ

2017-жылдын
19-сентябры
Бишкек шаары

№08-П

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН

Бакыт Раманкулович Жалгашевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 22-июнундагы № 34 аныктамасына даттануусун канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу – судья Э.Т. Мамыров, судьялар К. Абдиев, Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, К.М. Киргизбаев, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, Ж.И. Саалаевдин курамында, соттук отурумдун катчысы С.А. Джолгокпаеванын катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Б.Р. Жалгашевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 22-июнундагы № 34 аныктамасын жокко чыгаруу тууралуу даттануусун соттук отурумда карап чыкты.

Жаран Б.Р. Жалгашевдин даттануусунун жүйөлөрүн жана өтүнүч боюнча материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

Т А П Т Ы:

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2017-жылдын 15-майында Б.Р. Жалгашевдин «Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 23-мартындагы № 71 Жарлыгы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүнө, 4-бөлүгүнүн 7-пунктуна, 5-бөлүгүнүн 5-пунктуна карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Арыздануучу, Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы жөнүндө» 2012-жылдын 23-мартындагы № 71 Жарлыгы менен анын Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана мыйзамдарында каралган ыйгарым укуктары чегинен ашырылган, анткени Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия Кыргыз Республикасынын

2017-жылдын
19-сентябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№08-П

Президентинин «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн карамагына айрым мамлекеттик органдарды өткөрүп берүү маселелери тууралуу» 2011-жылдын 21-январындагы № 15 Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн карамагына өткөрүлгөн болуучу деп эсептейт.

Б.Р. Жалгашев Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын Жобосун жана түзүмүн бекиткен жана учурда талашылып жаткан Жарлык бул органдын кызмакерлерине теологиялык жана диний экспертиза жүргүзүү жана тергөө органдары менен сотторго эксперттик корутундуларды берүү ыйгарым укуктарын мыйзамсыз берүүдө, бул арызданууучунун конституциялык укуктарын бузууда деп эсептейт.

Андан тышкары, арызданууучу жогоруда көрсөтүлгөн органдын кызматкерлери өзүнүн эмгек ишмерлигин мыйзамсыз, «Соттук-эксперттик ишмерлик жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-, 15-, 16-беренелеринин талаптарын бузуу менен жүзөгө ашырууда деп белгилөөдө, ага ылайык соттук эксперт мамлекеттик кызматчы болуп саналбайт деп бекитилген, ошол эле кезекте Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы жөнүндө Жобонун 10-пунктунда Мамлекеттик комиссиянын кызматкерлери мамлекеттик кызматчылар болуп саналат деп көрсөтүлүүдө.

Баяндалгандын негизинде, арызданууучу Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы жөнүндө» 2012-жылдын 23-мартындагы № 71 Жарлыгы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүнө, 4-бөлүгүнүн 7-пунктуна, 5-бөлүгүнүн 5-пунктуна карама-каршы келет деп таанууну сурануууда.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-беренесинин экинчи абзацын, 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 9-пунктун, 28-беренесинин 1-, 2-бөлүктөрүн, 3-бөлүгүнүн 1-пунктун, 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, 2017-жылдын 22-июнундагы № 34 аныктамасы менен төмөнкү негиздер боюнча өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартты.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына кайрылууну киргизүү конституциялык сот өндүрүшүнүн стадияларынын бири болуп саналат, мында «Кыргыз

2017-жылдын
19-сентябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№08-П

Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 1- жана 2-бөлүктөрүнө ылайык судьялар коллегиясы менен келип түшкөн кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу же андан баш тартуу жөнүндө маселе, биринчи кезекте, кайрылууда коюлган маселелердин конституциялык сот өндүрүшүндө кароо мүмкүндүгүн эске алуу менен чечилет.

Бирок арызданууучу, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 9-пунктун бузуу менен өз көз карашын негиздөө катары талашылып жаткан ченемдердин Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн болуусун күбөлөндүрүүчү кандайдыр бир укуктук мүнөздөгү аргументтерди келтирген жок, ал эми бул жагдай көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын 24-беренесинин экинчи абзацына ылайык ишти конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында кароонун зарыл шарты болуп саналат.

Келтирген кайрылууда арызданууучу өз көз карашын негиздөө катары келтирген жүйөлөрү мыйзамдардын талаптарынын бузулуусу, ченемдик укуктук актылардын жоболорунун туура эмес колдонуу, ошондой эле алардын ортосундагы кагылышууларды четтетүү зарылдыгы жөнүндө ырасташат.

Мында судьялар коллегиясы, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүндө жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 4-беренесинде Конституциялык палатанын ыйгарым укуктарынын толук тизмеси аныкталганын, анын катарына укук колдонуу тажрыйбасына жана укуктагы кагылышууларды четтетүүгө байланыштуу маселелерди кароо кирбей тургандыгын белгилеген.

Жогоруда баяндалганга байланыштуу, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктаманы кабыл алган.

Б.Р. Жалгашев судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 22-июнундагы аныктамасы менен макул болбой, 2017-жылдын 14-июлунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттануу менен кайрылган.

Б.Р. Жалгашев өзүнүн даттануусунда өз көз карашын негиздөө катары буга чейинки өтүнүчтө көрсөтүлгөн жүйөлөр сымал

2017-жылдын
19-сентябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№08-П

жүйөлөрдү кайра келтирүүдө. Арыздануучу судьялар коллегиясынын талашылып жаткан ченемдердин Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн болуусун күбөлөндүрүүчү укуктук мүнөздөгү аргументтердин жоктугу тууралуу тыянактары менен макул болбой, даттануусунда судьялар коллегиясы өтүнүчтү формалдуу түрдө карап чыккан жана маселенин маңызын түшүнгөн жок деп белгилейт. Ушуга байланыштуу, Б.Р. Жалгашев Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 22-июнундагы № 34 аныктамасын жокко чыгарууну жана өтүнүчтү маңызы боюнча кароону сурануда.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арыздануучунун жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негиздерин талкуулап, кийинкидей тыянактарга келди.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 7-бөлүгүнө ылайык, Конституция тарабынан таанылган укуктар жана эркиндиктер алар тарабынан бузулуп жатат деп эсептелсе ар бир адам мыйзамдын жана башка ченемдик укук актыларынын конституциялуулугун талашууга укуктуу.

Бирок, Б.Р. Жалгашев өзүнүн кайрылуусунда Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүндө, 4-бөлүгүнүн 7-пунктунда, 5-бөлүгүнүн 5-пунктунда бекитилген ченемдердин бузулушун көрсөтүп, талашылып жаткан ченемдик укуктук акт анын конституциялык укуктарын кантип бузуп жаткандыгын ачып берген жок, өтүнүчтө көрсөтүлгөн конституциялык ченемдер менен талашылып жаткан Жарлык менен регламенттелген маселелер ортосундагы өз ара байланыштын болуусун ырастоочу укуктук мүнөздөгү жүйөлөрдү келтирген жок, бул жагдай талашылып жаткан ченемдик укуктук актынын конституциялуулугу жөнүндө маселеде күмөндүүлүктү аныктоого мүмкүндүк бербейт.

Баяндалганды эске алуу менен, судьялар коллегиясынын талашылып жаткан ченемдерде күмөндүүлүктүн болуусун ырастоочу укуктук мүнөздөгү аргументтердин жоктугу туурасында тыянактары негиздүү болуп саналат.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 22-июнундагы № 34 аныктамасын жокко чыгаруу

2017-жылдын
19-сентябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№08-П

үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы негиздерди тапкан жок.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 46-, 47-, 48-беренелерин, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бакыт Раманкулович Жалгашевдин «Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы жөнүндө» 2012-жылдын 23-мартындагы № 71 Жарлыгынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө жаран Бакыт Раманкулович Жалгашевдин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 22-июнундагы № 34 аныктамасына даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ушул токтому акыркы, даттанылууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ

2017-жылдын
26-сентябры
Бишкек шаары

№09-П

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

Арсен Медербекович Байзаковдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 29-июндагы № 38 аныктамасына даттануусун кароодон баш тартуу жөнүндө

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу – судья Э.Т. Мамыров, судьялар К. Абдиев, Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, К.М. Киргизбаев, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, Ж.И. Саалаевдин курамында, соттук отурумдун катчысы Н.А. Кененсариеванын катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, А.М. Байзаковдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 29-июндагы № 38 аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусун соттук отурумда карап чыкты.

Жаран А.М. Байзаковдун даттануусунда баяндалган жүйөлөрдү жана өтүнүч боюнча материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

Т А П Т Ы:

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2017-жылдын 24-майында жаран А.М. Байзаковдун «экстремисттик материалдарды сактоо» деген сөздөр менен баяндалган Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2-беренесинин 1-бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 31-беренесинин 3-бөлүгүнө, 33-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

А.М. Байзаков өзүнүн кайрылуусунда жарандар Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2-беренесинин 1-бөлүгүнүн ченемдик жоболорунун негизинде жазык куугунтугуна туш болууда, ага ылайык экстремисттик материалдарды сактоо үчүн жазык жоопкерчилиги каралган деп көрсөткөн. Укук коргоо жана сот органдары тарабынан Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин талашылып жаткан 299-2-беренесинин 1-бөлүгүнүн

2017-жылдын
26-сентябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№09-П

ченемдик жоболорун колдонуунун натыйжасында жарандар өзүнүн диний ынанымдарынан баш тартууга мажбур болууда, бул Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 32-беренесинин 3-, 4-бөлүктөрүнө, 33-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет.

Арыздануучу укук коргоо органдары ушул жагдайдын аркасы менен өзүнүн ишмерлигинин отчеттуулугунда экстремизмге каршы күрөшүү боюнча оң динамиканы чагылдырышууда деп белгилейт.

Бирок, тинтүүнүн натыйжасында табылган жана алынган адабияттын ичинде баяндалган идеялар менен аны сактаган жаран макул эмес жана аны сактоо автордун ынанымдары менен макул болуу дегенди билдирбейт. Мында, өзүнүн ишмерлигин мыйзамсыз жүзөгө ашырган Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын корутундусунун негизинде жарандар жазык жоопкерчилигине тартылууда деп кайрылуунун субъекти көрсөтүүдө.

Жогоруда баяндалган позицияларды эске алуу менен, арыздануучу талашылып жаткан ченемдерди Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп таануну суранган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-беренесинин экинчи абзацын, 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 9-пунктун, 28-беренесинин 1-, 2-бөлүктөрүн, 3-бөлүгүнүн 1-пунктун, 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, 2017-жылдын 29-июнундагы № 38 аныктамасы менен өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан кийинки негиздер боюнча баш тарткан.

Келип түшкөн кайрылуу боюнча «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 1-, 2-бөлүктөрүнө ылайык, судьялар коллегиясы тарабынан биринчи кезекте кайрылууда коюлган маселелерди конституциялык сот өндүрүштө кароо мүмкүндүгүнөн жана кайрылуунун жогоруда аталган конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келүүсүнөн келип чыгып, аны өндүрүшкө кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө маселени чечет.

Арыздануучунун келтирген жүйөлөрү талашылып жаткан ченемдин Конституция ылайык келүү маселесинде күмөндүүлүктүн болуусун ырастаган укуктук аргумент катары каралышы мүмкүн

2017-жылдын
19-сентябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№09-П

эмес, анткени алар аны менен талашылып жаткан ченемдин туура эмес колдонулушу тууралуу маселе коюлуп жатканын күбөлөндүрөт. Бирок мындай маселени чечүү иштин нагыз жагдайларынын изилденишин талап кылат.

Ошону менен бирге, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамга ылайык талашылып жаткан ченемдик укуктук актынын укук колдонуулусуна байланыштуу маселелерди кароо Конституциялык палатанын ыйгарым укуктарынын алкагына кирбейт. Көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын 19-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы укук маселелерди гана белгилейт жана чечет. Демек, кайрылууда жүйө катары келтирилген кызмат адамдардын аракеттери талашылып жаткан ченемдин конституциялуулугундагы күмөндүүлүктү туудурган жагдай катары бааланышы мүмкүн эмес.

Ага ылайык, арыздануучунун кайрылуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-беренесине ылайык ишти кароо үчүн негиз болуп саналган укуктук күмөндүүлүк жок.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-, 4-пункттарына ылайык, эгерде кайрылуу таризи жана мазмуну боюнча жогоруда көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келбесе, ошондой эле кайрылууда билдирилген талап Конституциялык палатага караштуу болбосо, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Жогоруда баяндалганга байланыштуу, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктама кабыл алган.

А.М. Байзаков, судьялар коллегиясынын жогоруда көрсөтүлгөн аныктамасы менен макул болбой, 2017-жылдын 18-июлунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттануу менен кайрылган. Өзүнүн даттануусунда ал кайрадан Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2-беренесинин 1-бөлүгүнүн ченемдик жоболорунун негизинде жарандар жазык куугунтугуна туш болууда, ага ылайык экстремисттик материалдарды сактоо үчүн жазык жоопкерчилиги каралган деп белгилөөдө. Укук коргоо жана сот органдары тарабынан

2017-жылдын
19-сентябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№09-П

талашылып жаткан ченемдик жобону колдонуунун натыйжасында таркатуу максатын көздөбөгөн айрым жарандар маалыматтык материалды сактоо үчүн куугунтукка алынууда, бул жарандарды өзүнүн диний ынанымдарынан баш тартууга мажбур кылууда.

Андан ары, арызданууучу өзүнүн даттануусунда өз көз карашын негиздөө катары кайрылууда белгиленген жүйөлөр сымал, талашылып жаткан ченемдин соттук жана укук коргоо органдары тарабынан колдонуу тажрыйбасын көрсөтүүчү жүйөлөрдү келтирүүдө.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын тыянактары туурасында арызданууучу алар өтүнүчтү формалдуу түрдө, маселенин маңызын түшүнбөстөн карап чыккан деп белгилөөдө.

Ушуга байланыштуу А.М. Байзаков Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 29-июнундагы № 38 аныктамасын жокко чыгарууну жана анын Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2-беренесинин 1-бөлүгүнүн ченемдик жобосунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө өтүнүчүн маңызы боюнча карап чыгууну сурануда.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арызданууучунун жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негиздерин талкуулап, кийинкидей тыянактарга келүүдө.

Укуктук аныктык принцибине ылайык формалдуу аныктык, тактык, ачыктык, укуктук ченемдердин кош маанилүү эместик жана алардын колдонуудагы укуктук жөнгө салуудагы макулдаштык зарылдыгы шартталат. Ага ылайык, көрсөтүлгөн критерийлерге жооп бербеген ченемдик укуктук актылар адамдын, жарандын конституциялык укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулушуна алып келиши мүмкүн.

Мында ченемдик укуктук актылардын конституциялуулук презумпциясынын күчүнө карай ченемдик укуктук актылардын конституциялуу эместиги тууралуу маселени коюу алардын конституциялуулугунда күмөндүүлүктү туудурган ынанымдуу жүйөлөр болгондо гана мүмкүн.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 25-беренеси өзүндө кайрылууга карата жалпы талаптарды, анын ичинде

2017-жылдын
19-сентябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№09-П

кайрылууну кароо үчүн конкреттүү негиздерди камтыйт. Көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын 24-беренесинде мыйзамдын, башка ченемдик укуктук актынын Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн пайда болуусу – ишти кароого негиз болуп эсептелет деп белгиленген. Ошону менен бирге, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүгү менен, эгерде кайрылуу таризи жана мазмуну боюнча аталган конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келбесе, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат деп белгиленген. «Мазмун» деген түшүнүккө конституциялык Мыйзамда ишти кароо үчүн көрсөтүлгөн конкреттүү негиздер, анын ичинде талашылып жаткан ченемдердин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ылайыктуулугу маселесинде күмөндүүлүктүн болуусу да кошулат (конституциялык Мыйзамдын 24-беренеси, 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 8-пункту).

Арыздануучунун өтүнүчүндө талашылып жаткан ченем жана кайрылууда көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдери ортосунда карама-каршылыктын болуусунда күмөндүүлүктү туудурган жүйөлөр жок. Ушуга байланыштуу, талашылып жаткан ченемдик жободо укуктук күмөндүүлүктүн жоктугу туурасындагы судьялар коллегиясынын тыянактары негиздүү болуп саналат.

Жазык жоопкерчилигин белгилөө, анын ичинде экстремисттик материалдарды сактоо үчүн дагы бул мыйзам чыгаруучунун «Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесинин 8-бөлүгүнүн жана «Экстремисттик ишмерликке каршы күрөшүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдик көрсөтмөлөрүнүн жүзөгө ашырылуусуна багытталган ченем жаратуучу ишмерлигинин логикалык уландысы болуп саналат.

Арыздануучу «экстремисттик материалдарды сактоо» деген сөздөр менен баяндалган Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2-беренесинин 1-бөлүгүнүн жоболорунун конституциялуулугун талашып жатып, бул ченемди тергөө жана соттук органдар тарабынан колдонуу тажрыйбасына шилтеме жасап, өзүнүн көз карашын негиздеп берүүдө. Ошону менен бирге, талашылып жаткан ченемдин укук колдонуу тажрыйбасына байланыштуу маселелерди чечүү «Кыргыз Республикасынын Жогор-

2017-жылдын
19-сентябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№09-П

ку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамга ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ыйгарым укуктарына кирбейт.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 46-, 47-, 48-беренелерин, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Асрен Медербекович Байзаковдун «Жаран Арсен Медербекович Байзаковдун Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2-беренесинин 1-бөлүгүнүн ченемдик жоболорунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 29-июнундагы № 38 аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ушул токтому акыркы, даттанылууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ

2017-жылдын
2-октябры
Бишкек шаары

№10-П

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН

Сайнидин Султанидинович Султанидиновдун «Жаран Сайнидин Султанидинович Султанидиновдун «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 53-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5-пунктунун жана 4-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 13-июлундагы № 47 аныктамасына даттануусун канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу – судья Э.Т. Мамыров, судьялар К. Абдиев, Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, К.М. Киргизбаев, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, Ж.И. Саалаевдин курамында, соттук отурумдун катчысы К.А. Аблакимовдун катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, С.С. Султанидиновдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 13-июлундагы № 47 аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусун соттук отурумда карап чыкты.

С.С. Султанидиновдун даттануусунда баяндалган жүйөлөрдү жана өтүнүч боюнча материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

Т А П Т Ы:

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2017-жылдын 27-июнунда жаран С.С. Султанидиновдун «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 53-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5-пунктун жана 4-бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 2-бөлүгүнө, 20-беренесинин

2017-жылдын
2-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№10-П

1-, 2-бөлүктөрүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Кайрылуудан келип чыккандай, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык Мыйзамга шайлоо күрөөсүнүн суммасын мыйзам менен бекитилген эсептик көрсөткүчтүн миң эсе өлчөмүнөн он миң эсе өлчөмүнө чейин көбөйткөн өзгөртүүлөр киргизилген. Демек, кирешеси төмөн жана орто болгон жарандар Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер катары катыша албайт.

Ушуга байланыштуу, арызданууучу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык эч ким мүлктүк же башка абалы боюнча кодуланышы мүмкүн эмес деп белгилейт. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдар кабыл алынбашы керек. Мындан тышкары Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгү менен адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин чектеген мыйзам алдындагы укуктук актыларды кабыл алууга тыюу салынат.

Баяндалганды эске алуу менен, арызданууучу жогоруда көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын 53-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5-пунктун жана 4-бөлүгүн конституциялуу эмес деп таанууну сурануууда.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1-пунктун, 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, 2017-жылдын 13-июлундагы № 47 аныктамасы менен өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан кийинкидей негиздер боюнча баш тартты.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин талаптарына ылайык, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө маселени чечүүдө аталган конституциялык Мыйзамдын 25-беренесинде көрсөтүлгөн кайрылууга болгон талаптардан келип чыгат.

2017-жылдын
2-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№10-П

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 6-, 7- жана 9-пункттарына ылайык тарап өзүнүн талабын негиздеген жана өзү берген фактыларды ырастаган жагдайларды, талашылып жаткан ченемдик актынын толук аталышын, номурун, кабыл алынган датасын, жарыяланган булактарын жана башка реквизиттерин, ошондой эле кайрылуучунун коюлган маселе боюнча көз карашын жана аны Конституциянын ченемдерине шилтеме менен укуктук негиздемесин көрсөтүшү керек.

Бирок көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын бул талаптары сакталган эмес. Маселен, арыздануучу менен талашылып жаткан ченемдердин Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келүүсү жөнүндө күбөлөндүрүлгөн жетиштүү укуктук аргументтер келтирилген эмес.

Судьялар коллегиясы шайлоо күрөөсү Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат орду үчүн күрөшүүгө олуттуу ниети болгон өтө жоопкерчиликтүү талапкерлердин өтүүсүн камсыздаган шайлоо процессинин зарыл элементи болуп саналат. Жарандар өзүнүн солгун шайлоо укугун эркин шайлоолор принцибинин негизинде, б.а. мажбурлоонун эмес, ыктыярдуулуктун негизинде жүзөгө ашырышат. Кыргыз Республикасынын Президенти болуп шайлануу – бул жарандын милдети эмес, ал анын укугу.

Мыйзам чыгаруучу шайлоочулардын кызыкчылыгын көздөп, шайлоочулардын жетиштүү колдоосуна ээ болбогон катышуучуларды шайлоо процессинен алып салууга мүмкүндүк берген атайын алдын ала шарттарды кароого укуктуу. Демек, шайлоо күрөөсүнүн болуусунун өзү шайлоонун жыйынтыктары менен байланышы жок, ал эми президенттикке талапкерди колдоо үчүн шайлоочулардын белгилүү сандагы кол тамгасын чогултуу талабы менен катар шайлоо кампаниясында катышуунун шарттарынын бири гана болуп саналат, ал кайсы бир конституциялык укуктар менен эркиндиктердин бузулуусу катары каралышы мүмкүн эмес.

Баяндалганды эске алуу менен судьялар коллегиясы бул кайрылууну кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктама кабыл алышкан.

С.С. Султанидинов, судьялар коллегиясынын бул аныктамасы менен макул болбостон, 2017-жылдын 26-июлунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттануу менен кайрылган.

2017-жылдын
2-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№10-П

Арызданууч өзүнүн даттануусунда шайлоо күрөөсүнүн өлчөмүн көбөйтүү жарды жарандарды президенттикке талапкер катары шайлоого катышуу укугунан ажыратууда, бул Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 2-бөлүгүнүн, 20-беренесинин 1-бөлүгүнүн талаптарын бузууда, ага ылайык эч ким мүлктүк же башка абалы боюнча кодуланышы мүмкүн эмес, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгарган же кемсинткен мыйзамдар кабыл алынбашы керек экендигин белгилейт. Ушуга байланыштуу, арызданууч Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2017-жылдын 13-июлундагы № 47 аныктамасын жокко чыгарууну жана анын өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алууну сурануда.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арызданууучунун жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негиздерин талкуулап, кийинкидей тыянактарга келүүдө.

С.С. Султанидинов даттанылып жаткан аныктамадагы баяндалган жүйөлөрдү эсине алган жок жана шайлоо күрөөсүнүн өлчөмүн көбөйтүү жарды жарандардын президенттикке талапкер катары катышуу укугунан ажыратууда, бул мүлктүк абалы боюнча кодулоону, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгарган же кемсинткен мыйзамдарды кабыл алууга тыюу салуу маселелерин регламенттеген Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 2-бөлүгүнүн, 20-беренесинин 1-бөлүгүнүн талаптарын бузууда деп кайталап арызданууда.

Арызданууч «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-, 25-, 26-беренелеринин талаптарын сактаган эмес, аларды аткарбоо кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартууга алып келет.

Мында ченемдик укуктук актылардын конституциялуулук презумпциясынын күчүнө карай ченемдик укуктук актылардын конституциялуу эместиги тууралуу маселени коюу алардын конституциялуулугунда күмөндүүлүктү туудурган ынанымдуу жүйөлөр болгондо гана мүмкүн. Көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын 24-беренесинде мыйзамдын, башка ченемдик укуктук актынын Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн пайда болуусу – ишти кароого негиз болуп эсептелет деп белгиленген. Өз кезегинде талашылып жаткан ченемдин

2017-жылдын
2-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№10-П

конституциялуулугунда күмөндүүлүктү туудурган ынанымдуу укуктук аргументтер болгондо мындай күмөндүүлүк пайда болушу мүмкүн, бул жагдай арыздануучунун өтүнүчүндө табылган жок.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сайнидин Султанидинович Султанидиновдун «Жаран Сайнидин Султанидинович Султанидиновдун Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 53-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5-пунктунун жана 4-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 13-июлундагы № 47 аныктамасына даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ушул токтому акыркы, даттанылууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ

2017-жылдын
2-октябры
Бишкек шаары

№11-П

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН

Рита Рахмановна Карасартованын, Омуркул уулу Уландын Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 23-июнундагы № 36 аныктамасына даттануусун канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу – судья Э.Т. Мамыров, судьялар К. Абдиев, Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, К.М. Киргизбаев, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, Ж.И. Саалаевдин курамында, соттук отурумдун катчысы Н.А. Кененсариеванын катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Р.Р. Карасартованын, Омуркул уулу У. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 23-июнундагы № 36 аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусун соттук отурумда карап чыкты.

Жарандар Р.Р. Карасартованын, У. Омуркул уулунун даттануусунда баяндалган жүйөлөрдү жана өтүнүч боюнча материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

Т А П Т Ы:

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2017-жылдын 17-майында жарандар Р.Р. Карасартованын, У. Омуркул уулунун Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексинин 630-беренесинин 1-бөлүгүн конституциялуу эмес жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 3-, 8-пункттарына, 40-беренесинин 1-, 2-бөлүктөрүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Арыздануучулар белгилегендей, мыйзам чыгаруучу Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексинин 630-беренесинин 1-бөлүгүндө административдик камак жөнүндө токтом ал чыгарылгандан кийин токтоосуз аткарыла тургандыгы тууралуу жобону орнотуу менен административдик

2017-жылдын
2-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№11-П

камак салуу жөнүндө соттук токтомдордун акыркы болуу сыяктуу өзгөчөлүгүнө жол берүүдө.

Арызданууучулардын пикири боюнча, талашылып жаткан ченемдердин мааниси боюнча административдик камакка алуу жөнүндө соттун токтому жарыяланары менен токтоосуз аткарылууга тийиштүү, даттанууга мөөнөттү эске албастан жана колдонулбастан мыйзамдуу күчүнө кирет, ошентип бул чечимге даттанууну өзү эч кандай бир акылга сыяр мааниге ээ болбой калууда. Демек, соттун токтомунун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү үчүн жогору турган соттук инстанцияга кайрылуу укугу, ошону менен бирге административдик камакка алуу учурунда анын аткарылуусун токтото туруу мүмкүнчүлүгү да жокко чыгарылган. Маанисин карасак, мыйзамдуу түрдө күчүнө кирбеген токтомдун аткарылуусу жөнүндө кеп жүрүп жатат. Мындай мыйзам чыгаруучулук орнотмо административдик камакты дайындоодо жарандардын соттук коргоого конституциялык укуктарынын сакталышын бузууга, соттук катаны оңдоо жана аны болтурбоо кепилдигинин азайышына алып келет.

Ошондой эле жарандар Р.Р. Карасартова, У. Омуркул уулу эркиндикти жана жеке кол тийбестикти чектөөгө байланыштуу кырдаалдарда соттук коргоо кепилдиги өзгөчө мааниге ээ болот деп эспетешүүдө. Соттук токтомго даттануу мүмкүн эмес болгон учурда мындай чечимдер инсанга кийинчирээк ордун тургузууга мүмкүн болбогон заянды келтирип, анын конституциялык укуктары менен эркиндиктерин олуттуу чектеп коюшу мүмкүн. Демек, эркиндиктен (камак) ажыратууга байланыштуу маселелерде административдик-айыптык укук мамилелердин субъекттери соттун биринчи инстанциясынын токтомуна токтоосуз даттануу мүмкүндүгү менен камсыздалышы керек.

Арызданууучулардын өтүнүчүндө конкреттүү жагдайлар келтирилүүдө, аларга ылайык талашылып жаткан ченемди Свердлов райондук соту колдонуусу натыйжасында айрым жарандар административдик камакка алынышкан, Бишкек шаарынын ИИББнын кабыл алуу – бөлүштүргүчүнө камалган.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, арызданууучулар Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексинин 630-беренесинин 1-бөлүгүн конституциялуу эмес деп таанууну өтүнгөн.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы «Кыргыз Республикасынын

2017-жылдын
2-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№11-П

Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-беренесинин экинчи абзацын, 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктун жетекчиликке алып, 2017-жылдын 23-июнундагы № 36 аныктамасы менен өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан кийинкидей негиздер боюнча баш тарткан.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-беренесинин талаптарына ылайык мыйзамдын, башка ченемдик укуктук актынын Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн пайда болуусу – ишти кароого негиз болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексинин 38-беренесине ылайык беш суткалык административдик камоо соттук тартипте гана, б.а. соттук актынын негизинде гана салынуучу административдик жаза-чара көрүүнүн негизги түрлөрүнүн бири болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексинин 595-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык административдик укук бузуу жөнүндө иш боюнча административдик жоопкерчилик жөнүндө токтом тиешелүү жогору турган органга (кызмат адамына) же райондук (шаардык) сотко даттанылышы мүмкүн, ал эми биринчи инстанциядагы соттук органдын чечими менен макул болбогон учурда аппеляциялык, кассациялык жана көзөмөл тартибинде ал даттанылышы мүмкүн.

Ошону менен бирге Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексинин 598-беренесинде даттануу берүү административдик жаза-чара көрүү жөнүндө токтомдун аткарылышын даттануу сот (судья), орган (кызмат адамы) тарабынан каралганга чейин токтотула турат деп белгиленген. Даттанууну кароонун мөөнөтү ушул Кодекстин 599-статьясы тарабынан каралган, ага ылайык Административдик укук бузуу жөнүндө иш боюнча токтомго даттануу сот (судья), орган (кызмат адамы) тарабынан келип түшкөн күндөн тартып он күндүк мөөнөттө каралат.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодекси административдик укук бузуу жөнүндө иш боюнча токтом соттук тартипте даттанылышы, административдик жаза-чара көрүү жөнүндө токтом ага карата даттануу берилген учурда административдик жаза-чара көрүүнүн же андай жаза-чараны салган органдын түрүнө карабастан аткарылышын токтото туруу мүмкүндүгүн белгилейт.

2017-жылдын
2-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№11-П

Жогоруда баяндалганды эске алуу менен, судьялар коллегиясы талашылып жаткан ченем Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 3-, 8-пункттарына, 40-беренесинин 1-, 2-бөлүктөрүнө ылайык, келүүсү маселесинде күмөндүүлүктү тапкан жок, бул өз кезегинде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасында ишти кароо үчүн сөзсүз шарт болуп саналат. Арыздануучу белгилеген проблемалар укук колдонуу тажрыйбасы жаатында турат да, Конституцияга жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамга ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ыйгарымдар алкагына кирбейт.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык, эгер кайрылуу мазмуну жана тизи боюнча жогоруда көрсөтүлгөн Мыйзамдын талаптарына ылайык келбесе, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартышат.

Жогоруда баяндалганды эске алуу менен, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктама кабыл алышкан.

Р.Р Карасартова жана У. Омуркул уулу судьялар коллегиясынын аныктамасы менен макул болбой, 2017-жылдын 22-августунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттануу менен кайрылган.

Р.Р. Карасартованын жана У. Омуркул уулунун даттануусунда алар талашып жаткан ченемдин Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү маселесинде күмөндүүлүк бар, дал ошол күмөндүүлүк жарандардын соттук коргоого конституциялык укугун, б.а. соттук актыга даттануу укугун чектейт деп белгилешүүдө. Талашылып жаткан ченем соттук актынын мыйзамдуу түрдө күчүнө кирүүсүнүн жалпы эрежелеринин маанисин жокко чыгарат да, мыйзамдуу түрдө күчүнө кире элек актынын аткарылышынын мыйзамдуулугунда маселелерди да туудурат.

Арыздануучулардын пикири боюнча, соттук коргоого укук абсолюттук мүнөзгө ээ, ал универсалдуу жана өзүндө өзгөчөлүктөрдү камтый албайт, алардын көрүнүштөрүнүн бири адамдын өзүнүн укуктарын жана эркиндиктерин коргоо үчүн сотко кайрылуу мүмкүнчүлүгүнүн болуусу саналат. Бардык адамдарга Кыргыз

2017-жылдын
2-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№11-П

Республикасынын Конституциясына ылайык адамдын, жарандын укуктарын жана эркиндиктерин урматтоо жана камсыздоо милдети мамлекетке жүктөлгөн. Өзүнүн укуктук табиятына жараша соттук коргоого укук адамдын негизги ажыратылгыс укуктар менен эркиндиктерине таандык жана ошол эле учурда бардык башка укуктар менен эркиндиктердин кепилдиги болуп саналат.

Ошондой эле, арыздануучулар өзүнүн даттануусунда Конституциялык палатанын соттук коргоо укуктары маселелери боюнча чечимдериндеги мындай укуктун фундаменталдык мааниси жогору турган инстанциянын соттук актыларды кайра карап чыгуу мүмкүндүгүндө туюнтулат деп көрсөтүлгөн укуктук көз караштарына шилтеме жасоодо. Дал ушул максаттарда Конституцияда жогору турган сот тарабынан ишти кайра каратуу укугу эч кандай чектелүүгө тийиш эмес (20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 3-пункту). Бул конституциялык орнотмо өзүнүн укуктук табияты боюнча соттук коргоого укуктун абсолюттук курамы жана ажыратылгыс бөлүгү болуп саналат (20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 8-пункту). Жогоруда көрсөтүлгөн конституциялык жоболор адамдын, жарандын бузулган укуктары менен эркиндиктерин коргоо системасы алкагында кайра каратуу жана соттук актыларды жогору турган инстанциянын сотторунда даттануу тартибин караган соттук механизмди түзүү жана анын иштеши менен мыйзамдуу түрдө камсыздалган.

Андан ары арыздануучулар, Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексинин айрым ченемдерине алардын жүргүзгөн анализи жарандардын конституциялык укуктарынын бузулушуна алып келген орчундуу карама-каршылыктардын аныктоого жол берди деп көрсөтүшүүдө.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексинин 595-беренеси административдик укук бузуу жөнүндө иш боюнча токтомго соттук тартипте даттануу укугун белгилейт. Арыздануучулардын пикири боюнча, административдик камоо каралган административдик жаза-чарасы каралган административдик укук бузуулар жөнүндө кеп болууда, ал өзгөчө чара жана өтө оор жосундарга карата гана колдонулат. Ошол эле учурда жогоруда көрсөтүлгөн Кодекстин 630-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык административдик камоо жөнүндө токтом чыгарылары менен дароо аткарылат, башкача айтканда бул ченем мыйзамдуу түрдө күчүнө кире элек соттук актынын аткарылуусуна жол берет. Муну менен укук бузуучу Конституция кепилдеген

2017-жылдын
2-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№11-П

соттук коргоого болгон конституциялык укугунан нагыз түрдө ажыратылууда, бул укукту колдонуу мүмкүндүгү бул соттук актыга даттануу болобу-болбойбу, ага карабастан берилиши керек.

Ушуга байланыштуу, Р.Р. Карасартова, У. Омуркул уулу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 23-июнундагы № 36 аныктамасын жокко чыгарууну жана кайрылууну конституциялык өндүрүшкө кабыл алууну сурануунда.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арызданууучулардын жүйөлөрүн жана судьялардын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу негиздерин талкуулап, кийинкидей тыянактарга келишти.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы келип түшкөн кайрылуудан баш тартуу же аны өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө маселени чечүүдө, биринчи кезекте кайрылууда коюлган маселелердин конституциялык сот өндүрүшүнө мүмкүндүгүнөн келип чыгат.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-беренесине ылайык мыйзамдын, башка ченемдик укуктук актынын Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн пайда болуусу – ишти кароого негиз болуп эсептелет деп белгиленген.

Бирок арызданууучунун жүйөлөрү жана Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексинин ченемдеринин анализи укук колдонуучулук тажрыйбасы жаатындагы проблемалар жөнүндө күбөлөндүрөт жана Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексинин талашылып жаткан ченемдеринин конституциялуулугу күмөн ойлорду ырастаган укуктук аргументтер көз карашынан каралышы мүмкүн эмес.

Арызданууучулар даттанылып жаткан өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктаманын мазмунун көңүлүнө алган жок дагы, Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексинин мыйзамдуу түрдө күчүнө кирбеген соттук актылардын аткарылуусуна алып келген жана мүмкүн болуучу соттук катаны жокко чыгаруу максатында жогору турган сотко соттук актыларды даттанууга ар кимдин укугун бузулушуна алып келген орчундуу карама-каршылыктар бар деп кайталап келтирүүдө.

2017-жылдын
2-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№11-П

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы белгиленген Кодекс ар кимдин соттук коргоого конституциялык кепилдиктерин жана жогору турган сот тарабынан соттук актыларды кайра каратуу укугун жүзөгө ашыруучу зарыл болгон укуктук механизмдерди камтыйт деп белгилейт.

Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодекси административдик камоо жөнүндө токтомдун өзгөчө тартибин бекитүү менен мындай жаза-чарасын алган адамга карата соттук коргоо кепилдиктерин да карайт. Административдик камоо жөнүндө жүйөлөштүрүлгөн токтом иш каралып чыккандан кийин дароо жарыяланат, бул токтомго даттануу жогору турган сот тарабынан 10 күндөн кечиктирилбей каралууга тийиш. Мында, Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексинин 598-беренесине ылайык даттануу берүү административдик жаза-чара көрүү жөнүндө токтомдун аткарылышын даттануу сот (судья), орган (кызмат адамы) тарабынан каралганга чейин токтотула турат. Жогоруда аталган Кодекстин бул беренеси жалпы аракеттеги камсыздоочу укуктук ченем болуп саналып, жогору турган сот тарабынан ишти кайра каратуу укуктун тоскоолдуксуз жүзөгө ашырылуусун кепилдеген көрсөтмөнү камтыган императивдик мүнөзгө ээ болот да, судьялар коллегиясы белгилегендей административдик жаза-чарасынын түрүнө же мындай жаза-чарасын салган органга карабастан эч кандай өзгөчө мамиле жасабайт.

Ошентип, каралып жаткан тартип соттук коргоого жана жогору турган сот тарабынан ишти кайра каратуу укуктун жүзөгө ашырылуусуна тоскоолдук кылбайт.

Жогоруда баяндалганды эске алуу менен, судьялар коллегиясынын талашылып жаткан ченемдин Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү маселесинде күмөндүүлүк жок деген тыянактары негизделген болуп саналат.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы судьялар коллегиясынын даттанылып жаткан аныктамасын жокко чыгаруу үчүн негиздерди тапкан жок.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 46-, 47-, 48-беренелерин, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

2017-жылдын
2-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№11-П

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Рита Рахмановна Карасартованын, Омуркул уулу Уландын Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «Жарандар Рита Рахмановна Карасартованын, Омуркул уулу Уландын Кыргыз Республикасынын Администрациялык жоопкерчилик жөнүндө кодексинин 630-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2017-жылдын 23-июнундагы № 36 аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ушул токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана жарыялангандан тартып күчүнө кирет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ

2017-жылдын
9-октябры
Бишкек шаары

№ 07-Р

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН

Регламентин бекитүү жөнүндө

ТОКТОМУ

Ишмерликти натыйжалуу уюштуруу максатында жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 4-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Регламенти бекитилсин (тиркеме 1).

2. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп табылсын:

1) «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Регламентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Аппаратынын түзүмү менен штаттык бирдигин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Аппараты жөнүндө жобону бекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2013-жылдын 09-июлундагы № 1 токтому;

2) «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Регламентине толуктоо киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 23-январындагы № 03-П токтому;

3) «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2013-жылдын 09-июлундагы № 1 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Регламентине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2016-жылдын 15-июнундагы токтому.

3. Ушул токтом кабыл алынган күндөн тартып күчүнө кирет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ

Тиркеме 1

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН РЕГЛАМЕНТИ

Бул Регламент "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамга ылайык кабыл алынган жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын (мындан ары – Конституциялык палата) ишин уюштуруу тартибин аныктайт.

I бөлүм
Жалпы жоболор

1-глава.
Жалпы жоболор

1. Конституциялык палатанын компетенциясына тийиштүү Конституциялык палатанын уюштуруу жана ишмердүүлүк маселелери Кыргыз Республикасынын Конституциясына, "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына (мындан ары – конституциялык мыйзам) жана ушул Регламентке ылайык чечилет.

2. Конституциялык палатанын компетенциясына тийиштүү бардык маселелер боюнча Конституциялык палатанын отуруму чакырылат. Отурум, конституциялык мыйзам жана ушул Регламент менен бекитилген талаптарды сактоо менен өткөрүлөт.

3. Конституциялык палатанын отурумдары Конституциялык палатанын төрагасы, ал эми төрага болбогон учурда Конституциялык палатанын төрагасынын орун басары тарабынан чакырылат.

4. Конституциялык палатанын ишин уюштурууга жана анын аппаратынын ишине тийиштүү маселелер Конституциялык палатанын төрагасы тарабынан, же болбосо анын тапшырмасы боюнча Конституциялык палатанын төрагасынын орун басары тарабынан чакырыла турган Конституциялык палатанын судьяларынын кеңешмесинде каралат.

Конституциялык палатанын судьяларынын кеңешмесине Конституциялык палатанын аппаратынын кызматкерлери чакырылышы мүмкүн.

5. Конституциялык палатанын иши анын аппараты тарабынан камсыздалат, ага тике жетекчиликти аппараттын жетекчиси ишке ашырат. Конституциялык палатанын аппараты жөнүндө жобо, аппараттын түзүмү, чыгымдардын сметасынын чегинде штаттык

саны Конституциялык палатанын төрагасынын сунуштамасы боюнча Конституциялык палата тарабынан бекитилет.

6. Конституциялык палатанын аппараты "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 55-беренесинде көрсөтүлгөн ыйгарым укуктардан тышкары төмөнкүлөрдү да ишке ашырат:

1) Конституциялык палатанын расмий билдирүүсүнө байланыштуу Конституциялык палатанын Төрагасынын жана судьяларынын пресс-конференцияларын (брифингдерин) уюштурат;

2) Тиешелүү нускамада белгиленген тартипте электрондук документ айлантуу тутумун (мындан ары – ЭДТ) пайдалануу менен да иш жүргүзөт;

3) Конституциялык палатанын расмий сайтын алып барат;

4) Конституциялык палатанын отурумдарынын аудио-видео жазылуусун, ошондой эле стенографияланышын ишке ашырат;

5) Конституциялык палатанын Жарчысын чыгарууну уюштурат;

6) Конституциялык палатанын укуктук көз караштар базасын түзөт;

7) Конституциялык палатанын чечимдеринин аткарылуусун анализдейт жана алардын аткарылуусу боюнча чараларды көрөт.

2-глава
Конституциялык палатанын төрагасын, төрагасынын орун басарын жана судья-катчысын шайлоо, ордун алмаштыруу жана бошотуу тартиби

7. Конституциялык палатанын төрагасынын, төрагасынын орун басарынын жана судья-катчысынын кызмат орундарына шайлоо, тийиштүү кызмат орун бош болгон күндөн тартып он жумушчу күндөн кеч эмес чакырыла турган, Конституциялык палатанын судьяларынын жыйналышы тарабынан ишке ашырылат.

Конституциялык палатанын судьяларынын төраганы шайлоо боюнча биринчи жыйналышы Конституциялык палатанын жашы улуу судьясынын төрагалыгы алдында өткөрүлөт. Төрагалык кылуучу талапкерлердин тизмегине киргизилген учурда, жыйналыш талапкерлердин тизмегине кирбеген курагы боюнча кийинки судьянын төрагалыгы алдында өткөрүлөт.

Төраганын орун басарын жана судья-катчыны шайлоо боюнча судьялардын жыйналышын андан аркы алып баруу Конституциялык палатанын төрагасынын төрагалыгы алдында өткөрүлөт.

8. Конституциялык палатанын төрагасын, төрагасынын орун басарын жана судья-катчысын шайлоо боюнча Конституциялык палатанын судьяларынын жыйналышы, эгер анда Конституциялык палатанын судьяларынын жалпы курамынын үчтөн эки бөлүгүнөн кем эмеси катышканда ыйгарым укуктуу деп таанылат.

9. Конституциялык палатанын судьяларынын жыйналышы Конституциялык палатанын төрагасын, төрагасынын орун басарын жана судья-катчысын шайлоо боюнча добуш берүү үчүн бюллетендердин таризин ачык добуш берүү менен бекитет.

10. Конституциялык палатанын төрагасы, төрагасынын орун басары жана судья-катчысы кызмат ордуна талапкерлер Конституциялык палатанын судьялары тарабынан же болбосо өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен көрсөтүлүшү мүмкүн.

Конституциялык палатанын төрагасынын, төрагасынын орун басарынын жана судья-катчысынын кызмат ордуна шайлануусу каалоочу талапкерлердин саны чектелбейт.

Талапкерлер өзүнүн катышуусун алууга укуктуу.

11. Конституциялык палатанын төрагасы, төрагасынын орун басары жана судья-катчысы жашыруун добуш берүү менен шайланат. Жашыруун добуш берүү жана добуштарды эсептөө процедурасын камсыздоо үчүн, Конституциялык палатанын судьяларынын жыйналышы тарабынан курамы үч судьядан турган эсептөө комиссиясы шайланат.

12. Эсептөө комиссиясынын мүчөлөрү Конституциялык палатанын судьяларынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен шайланат. Эсептөө комиссиясынын мүчөлөрүнүн кызмат ордуна талапкерлер Конституциялык палатанын судьялары тарабынан же болбосо өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен көрсөтүлөт. Эсептөө комиссиясынын мүчөсүнүн кызмат ордуна талапкер өзүнүн катышуусун алууга укуктуу. Талапкерлиги тараганын, тараганын орун басарынын жана судья-катчынын кызмат ордуна көрсөтүлгөн адамдар эсептөө комиссиянын курамына шайлана алышпайт.

13. Эсептөө комиссиясынын жеке курамы Конституциялык палатанын судьяларынын жыйналышынын протоколунда көрсөтүлөт.

14. Эсептөө комиссиясы:

1) өзүнүн курамынан комиссиянын төрагасын жана катчысын шайлайт;

2) бюллетендин таризин иштеп чыгарат жана судьялардын жыйналышына бекитүүгө киргизет;

3) судьялардын жыйналышына катышкан Конституциялык палатанын судьяларынын санына ылайык бюллетендерди даярдоону камсыздайт;

4) добуш берүүгө даярдыкты жана өткөрүүнү камсыздайт;

5) бюллетендерди толтуруу тартибин түшүндүрөт;

6) добуш берүүнүн жүрүшүндө пайда болгон талаш-тартыштарды чечет;

7) добуштарды эсептейт жана добуш берүүнүн жыйынтыгын жарыялайт.

15. Талапкерлердин аты-жөнү добуш берүү үчүн бюллетенге ариптик тартипте ар бир кызмат орун үчүн өзүнчө киргизилет.

16. Добуш берүү судьялардын жыйналышында катышкан ар бир судьянын жеке өзү тарабынан, эсептөө комиссиясы тарабынан мөөрлөнүп бекитилген добуш берүү урнасына салынуучу бюллетенди толтуруу жолу менен жүргүзүлөт.

Конституциялык палатанын судьясы добуш берүүдө калыс кала албайт.

17. Добуш берүүнүн жыйынтыгы эсептөө комиссиясынын бардык мүчөлөрү тарабынан кол коюла турган протокол менен таризделет жана судьялардын жыйналышына жарыяланат.

18. Эсептөө комиссиясынын протоколуна төмөнкү маалыматтар киргизилет:

1) шайлоо өткөрүлүп жаткан кызмат оруну;

2) добуш берүүнүн датасы;

3) бюллетенге киргизилген талапкердин (талапкерлердин) аты-жөнү;

4) жараксыз бюллетендердин саны;

5) ар бир талапкерлик боюнча берилген "макул" жана "каршы" добуштардын саны;

6) добуш берүүнүн жыйынтыгы.

19. Эсептөө комиссиясы добуш берүүнүн жыйынтыгын чыгаргандан кийин өз ишин токтотот. Бул маселе боюнча өзүнчө чечимдин кабыл алынышы талап кылынбайт.

20. Эгерде бюллетенге бир талапкер киргизилген болсо жана ал шайланбаса, жаңы талапкерлерди көрсөтүү менен кайра шайлоо өткөрүлөт.

Эгерде бюллетенге эки талапкер киргизилген болсо жана алардын бирөөсү да добуштардын керектүү санын албаса, добуштардын көпчүлүк санына ээ болгон талапкерге кайра добуш берүү жүргүзүлөт.

Эгерде ал бул учурда да добуштардын керектүү санын албаса, жаңы талапкерлерди көрсөтүү менен кайра добуш берүү жүргүзүлөт.

Эгерде бюллетенге эки талапкерден ашык киргизилген болсо жана алардын бирөөсү да керектүү добуштардын санына ээ болбосо, добуштардын эң көп санына ээ болгон эки талапкердин ортосунда шайлоонун кийинки туру өткөрүлөт. Эгерде алардын бири да добуштардын керектүү санына ээ болбосо, эң көп добушка ээ болгон талапкерге кайра добуш берүү өткөрүлөт. Эгерде талапкер бул учурда да добуштардын керектүү санына ээ болбосо, жаңы талапкерлерди көрсөтүү менен кайра шайлоо өткөрүлөт. Эгер кийинки турга өткөн талапкер өз талапкерлигин алып салса, анын ордуна, алган добуштардын саны боюнча кийинки талапкерге добуш берүү өткөрүлөт.

21. Алтыдан кем эмес добушка ээ болгон судья тийиштүү кызматка шайланды деп эсептелет.

22. Конституциялык палатанын төрагасын, төрагасынын орун басарын жана судья-катчысын шайлоо боюнча добуш берүү бюллетендери ар бир шайлоодон кийин өзүнчө конвертке салынат, мөөр басылат жана Конституциялык палатанын судьяларынын жыйналышынын протоколуна тиркелет. Ушул эле протоколго эсептөө комиссиясынын протоколдору да тиркелет.

23. Конституциялык палатанын төрагасынын, төрагасынын орун басарынын, судья-катчысынын кезектеги шайлоосу алардын ыйгарым укуктарынын аяктоо мөөнөтүнөн үч күн мурун, бирок акыркы күнүнөн кечиктирбестен өткөрүлөт.

24. Конституциялык палатанын иштеп жаткан төрагасынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү бүткөн же ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган же болбосо кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотулган учурда төраганын милдеттерин Конституциялык палатанын төрагасынын орун басары аткарат.

Конституциялык палатанын төрагасынын орун басары жок болгон учурда төраганын милдеттерин судья-катчы аткарат.

25. Конституциялык палатанын төрагасы, төрагасынын орун басары, судья-катчысы болбогон учурда, Конституциялык палатанын төрагасынын милдеттерин Конституциялык палатанын судьяларынын жыйналышы тарабынан бул милдеттер жүктөлгөн, Конституциялык палатанын судьясы убактылуу аткарат.

26. Конституциялык палатанын төрагасы, төрагасынын орун басары же судья-катчысы өзүнөн ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда алуу жөнүндө чечимди кабыл алууга укуктуу.

Конституциялык палатанын төрагасы, төрагасынын орун басары же судья-катчысы аталган чечимди кабыл алган учурда Конституциялык палатанын судьяларынын жыйналышынын кароосуна ыйгарым укуктарды мөөнөтүнөн мурда алуу жөнүндө жазуу түрүндө арыз киргизет.

27. Конституциялык палатанын судьялар жыйналышы аталаган арызды ал берилген күндөн тартып беш жумуш күндөн кеч эмес мөөнөттө карайт.

Судьялардын жыйналышы Конституциялык палатанын төрагасынын, төрагасынын орун басарынын же судья-катчысынын арызын канааттандырууга же болбосо аны канааттандыруудан баш тартууга укуктуу.

Арызды кароо Конституциялык палатанын судьяларынын жалпы санынын үчтөн эки бөлүгүнөн кем эмесинин катышуусунда Конституциялык палатанын судьяларынын жыйналышы тарабынан жүргүзүлөт.

Бул маселе боюнча чечим Конституциялык палатанын судьяларынын жалпы санынын көпчүлүгү менен кабыл алынат жана протокол менен таризделет.

28. Конституциялык палатанын төрагасы, төрагасынын орун басары же судья-катчысы Конституциялык палатанын судьяларынын жыйналышы алардын кайрылуусун канааттандыруу жөнүндө чечимди кабыл алган күндөн тартып, ээлеген кызматынан бошотулду деп эсептелишет.

29. Конституциялык палатанын судьяларынын жыйналышы ыйгарым укуктарды алуу жөнүндө арызды канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө чечимди кабыл алган учурда Конституциялык палатанын төрагасы, төрагасынын орун басары же судья-катчысы алар шайланган мөөнөттүн аягына чейин өзүнүн ыйгарым укуктарын аткарууну улантышат.

30. Конституциялык палатанын төрагасы, төрагасынын орун басары же судья-катчысы Конституциялык палатанын судьяларынын жыйналышы алардын арызын канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө чечимди кабыл алган күндөн тартып, алты ай өткөндөн кийин өзүнүн ыйгарым укуктарын алуу жөнүндө экинчи жолу кайрылууга укуктуу.

Конституциялык палатанын төрагасы, төрагасынын орун басары же судья-катчысы кызматынан ыйгарым укуктарды алуу жөнүндө арыз менен кайталап кайрылган учурда, Конституциялык палатанын судьяларынын жыйналышы арызды канааттандырууга тийиш.

3-глава
Конституциялык палатанын төрагасынын, төрагасынын орун басарынын, судья-катчысынын ыйгарым укуктары

§ 1. Конституциялык палатанын төрагасынын ыйгарым укуктары

31. Конституциялык палатанын төрагасы Конституциялык палатанын судьясынын милдеттерин аткаруу менен бирге:

1) иштердин жана башка маселелердин Конституциялык палатанын отурумунда кароого даярдыгын жетектейт;

2) Конституциялык палатанын отурумдарын, кеңешмелерин, судьяларынын жыйналышын чакырат, кароого жаткан маселелерди талкуулоого киргизет, аларда төрагалык кылат;

3) Конституциялык палатанын атынан чыгат жана сүйлөйт;

4) келип түшкөн кайрылууларды Конституциялык палатанын судьяларынын арасында бөлүштүрөт, анын ичинде иштерди бөлүштүрүүнүн автоматташтырылыган тутумун пайдалануу менен.

Судья ооруп же өз милдеттерин аткарууга мүмкүн болбогон учурда ишти бир судьядан башка судьяга өткөрүп берет.

5) Конституциялык палатанын бекитүүсүнө анын Регламентин киргизет;

6) отурумду өткөрүү, анын катышуучуларынын коопсуздугун камсыздоо боюнча чараларды көрөт;

7) Конституциялык палатанын аппаратына жалпы жетекчилигин ишке ашырат, мамлекеттик кызмат жөнүндө мыйзамдардын талаптарына ылайык аппарат жетекчисин кызмат ордуна дайындайт жана бошотот, ошондой эле Конституциялык палатанын бекитүүсүнө Конституциялык палатанын аппараты жөнүндө жобону жана анын түзүмүн көрсөтөт;

8) Конституциялык палатанын аппаратынын штаттык ырааттамасын бекитет;

9) Конституциялык палатанын чечимдеринин, корутундуларынын, токтомдорунун, аныктамаларынын көчүрмөлөрүнө жана отурумдарынын протоколдоруна кол коет;

10) өзүнүн демилгеси боюнча же бир же андан көп судьялардын сунушу боюнча Конституциялык палатанын судьяларын, аппаратын Конституциялык палатанын судьяларынын кеңешмесине чакырат;

11) кайрылууларды өндүрүшкө кабыл алуунун конституциялык мыйзам менен бекитилген мөөнөттөрүн сактоону контролдойт;

Конституциялык палатанын бекитүүсүнө өткөрүлө турган отурумдардын графигин кварталда бир жолу көрсөтөт;

12) судьялардын жыйналышынын кароосуна кезектеги финансылык жылдын бюджетинин долбоорун көрсөтөт;

13) судьялардын кызматтык иш сапарларга жөнөтүлүшү жөнүндө маселелерди чечет, анын ичинде өдүрүшүндө болгон материалдарды эске алуу менен жеке чакыруу боюнча да;

14) жылдын жыйынтыктары боюнча коомчулукка Конституциялык палатанын иши тууралуу маалыматты көрсөтөт;

15) ведомстволук сыйлыктар менен сыйлайт;

16) конституциялык мыйзамга жана ушул Регламентке ылайык башка ыйгарым укуктарды ишке ашырат.

32. Конституциялык палатанын төрагасы буйруктарды жана тескемелерди чыгарат.

Конституциялык палатанын ишмерлигине байланыштуу бардык уюштуруу маселелери боюнча буйруктар кабыл алынат.

Судьялар коллегиясын түзүү, ишти бир судьядан башкасына өткөрүп берүү, өзгөчө оор иштер боюнча бир нече судьяны баяндамачы катары аныктоо маселелери боюнча тескемелер чыгарылат.

§ 2. Конституциялык палатанын төрагасынын орун басарынын ыйгарым укуктары

33. Конституциялык палатанын төрагасынын орун басары Конституциялык палатанын судьясынын милдеттерин аткаруу менен бирге Конституциялык палатанын төрагасы жок болгондо же анын тапшырмасы боюнча Конституциялык палатанын төрагасынын милдеттерин аткарат.

§ 3. Конституциялык палатанын судья-катчысынын ыйгарым укуктары

34. Конституциялык палатанын судья-катчысы Конституциялык палатанын судьясынын милдеттерин аткаруу менен бирге:

1) конституциялык сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын сотко келишин, Конституциялык палатанын отурумун өткөрүүнү камсыздаган техникалык каражаттардын даярдыгын текшерүү менен бирге, Конституциялык палатанын отурумдарын даярдоо боюнча ишти уюштурууну жүргүзөт;

2) Конституциялык палатанын чечимдеринин аткарылышын камсыздоо боюнча чараларды көрөт;

3) өндүрүшкө кабыл алынган кайрылууларды кароонун конституциялык мыйзам менен бекитилген мөөнөттөрүн сактоону контролдойт;

4) Конституциялык палатанын отурумдарын өткөрүүнүн айлык жана кварталдык графигинин долбоорун түзөт жана Конституциялык палатанын төрагасына киргизет. График түзүүдө биринчи ирет Кыргыз Республикасы үчүн күчүнө кире элек эл аралык келишимдердин конституциялуулугу жөнүндө корутунду берүү тууралуу судьялардын суроо-талаптары жана Өкмөттүн сунуштамалары, ошондой эле судья-баяндамачынын сунушу боюнча башка иштер киргизилет.

5) Конституциялык палатанын отурумунун протоколун жүргүзүү жана өз убагында тариздөө боюнча ишти уюштурат;

6) Конституциялык палатанын чечимдеринин, токтомдорунун, корутундуларынын, аныктамаларынын көчүрмөлөрүнө жана отурумдарынын протоколдоруна кол коёт;

7) Конституциялык палатанын чечимдеринин аткарылуусунун анализин даярдоо боюнча ишти уюштурат. Жалпыланган материалдарды зарыл болгон учурда, ошондой эле календардык жылдын жыйынтыгы боюнча Конституциялык палатанын судьяларына жөнөтөт;

8) жалпыга маалымат үчүн Конституциялык палатанын чечимдерин аткаруу жөнүндө материалдарды жарыялоо боюнча ишти уюштурат;

9) Конституциялык палатанын ишин маалыматтык камсыздоону уюштурат;

10) конституциялык мыйзамга жана ушул Регламентке ылайык башка ыйгарым укуктарды ишке ашырат.

Судья-катчы өз ыйгарым укуктарын Конституциялык палатанын аппаратынын жетекчиси менен бирге аракеттешүү аркылуу ишке ашырат.

4-глава
Конституциялык палатанын расмий билдирүүсү

35. Конституциялык палатанын атынан расмий билдирүү менен чыгып сүйлөө жөнүндө демилге Төрага тарабынан же болбосо үчтөн кем эмес судьялар тарабынан киргизилет. Конституциялык

палатанын расмий билдирүүсүнүн тексти Конституциялык палатанын судьяларынын кеңешмесинде каралат жана бекитилет.

36. Конституциялык палатанын төрагасы Конституциялык палатанын атынан расмий билдирүү менен чыгып сүйлөөгө же болбосо чыгып сүйлөөнү башка судьяга ыйгарууга укуктуу.

37. Расмий билдирүүнүн текстинин мазмуну менен макул болбогон судья өзүнүн макул эместигин жазуу түрүндө туюндурууга милдеттүү, ал Конституциялык палатанын расмий билдирүүсүнүн текстин бекитүү жөнүндө кеңешменин материалдарына тиркелет.

5-глава
Конституциялык палатанын судьялар коллегиясы

38. Конституциялык мыйзамга ылайык, Конституциялык палатада судьялар коллегиялары түзүлөт.

Судьялар коллегиялары Конституциялык палатага келип түшкөн кайрылууларды кароо үчүн үч судьянын курамында түзүлөт.

39. Судьялар коллегиясынын жеке курамы, анын ичинде кайрылууну кароо тапшырыла турган судья, материалдын Конституциялык палатага келип түшкөн күнүнөн тартып үч жумуш күндүн ичинде Конституциялык палатанын төрагасы тарабынан, анын ичинде иштерди бөлүштүрүүнүн автоматташтырылган тутумун пайдалануу менен судьялардын жүктөмүн эске алуу менен аныкталат.

40. Конституциялык палатанын төрагасынын орун басары жана судья-катчы судьялар коллегиясынын курамына жалпы негизде киргизилет.

41. Судьялар коллегиясынын курамындагы судьяны башка судья менен алмаштыруу маселеси Конституциялык палатанын төрагасы тарабынан чечилет. Кайрылууну кароого жооптуу судьяны, же болбосо судьялар коллегиясынын курамындагы бир судьяны алмаштыруу судья ооруган жана судьянын өзүнүн катышуусун алууну канааттандырган учурларда мүмкүн.

42. Судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу же болбосо кабыл алуу жөнүндө аныктаманы чыгаргандан кийин өз ишин токтотот. Бул маселе боюнча өзүнчө чечим кабыл алуу талап кылынбайт.

43. Судьялар коллегиясынын отурумдары протоколдонот. Судьялар коллегиясынын отурумдарынын протоколун жүргүзүү Конституциялык палатанын аппараты тарабынан камсыздалат.

6-глава
Кароого кабыл алынган кайрылуулар жана кароого дайындалган иштер жөнүндө маалымат

44. Конституциялык палата кароого кабыл алган кайрылуулардын жана соттук отурумга дайындалган иштердин тизмеги Конституциялык палатанын аппараты тарабынан Конституциялык палатанын ЭДТсында жайгаштырылат.

45. Отурумда кароого дайындалган кайрылуулар жөнүндө маалымат Конституциялык палатанын аппараты тарабынан Конституциялык палатанын расмий сайтында отурумдун башталышына чейин 10 күн мурун жарыяланат.

II бөлүм
Конституциялык сот өндүрүшү

7-глава
Конституциялык палатага кайрылуунун тартиби

§ 1. Конституциялык палатага кайрылуу

46. Конституциялык мыйзамдын 20-беренесинде көрсөтүлгөн субъекттер Конституциялык палатага кайрылуу укугуна ээ.

47. Конституциялык палатага болгон кайрылуулар «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзам менен каралган талаптарга ылайык келиши зарыл. Кайрылуулар, ошондой эле аларга тиркелген материалдар мамлекеттик же расмий тилдерде берилет.

48. Конституциялык палатага болгон кайрылуулар почта корреспонденциясы аркылуу да жиберилиши мүмкүн, ошондой эле Конституциялык палатанын аппаратына түздөн-түз тапшырылышы да мүмкүн. Кайрылуу Конституциялык палатанын аппараты тарабынан түшкөн күнү катталат.

§ 2. Кайрылууларды өндүрүшкө кабыл алуунун, кабыл алуудан баш тартуунун же болбосо аларды кайтарып берүүнүн тартиби

49. Конституциялык палатага келип түшкөн кайрылуулар Конституциялык палатанын төрагасына кайрылуунун

конституциялык мыйзамдын талаптарына ылайык келиши жөнүндө корутундусу менен үч жумуш күндүн ичинде Конституциялык палатанын аппаратынын жетекчиси тарабынан киргизилет. Конституциялык палатанын төрагасы келип түшкөн кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө маселени чечүү үчүн Конституциялык палатанын судьялар коллегиясына өткөрүп берет.

50. Судьялар коллегиясы кайрылууну текшерүүдө келип түшкөн кайрылуунун «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келүүсүн текшерет.

Кайрылуу өндүрүшкө кабыл алынган жана ошону менен караштуу эмес жана/же ылайыксыз талаптар табылган учурда, судьялар коллегиясы мындай талаптарды өндүрүшкө кабыл алуу бөлүгүндө баш тартат.

51. Арыздануучу талаптарынан баш тарткан жана судьялар коллегиясы тарабынан өндүрүшкө кабыл алуу же болбосо кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктама кабыл алынганга чейин өз ыктыяры менен маселени алып салган учурда, судьялар коллегиясы кайрылууну кайтарып берет. Кайрылууну арыздануучуга кайтарып берүү жөнүндө чечим судьялар коллегиясынын кайрылууну кайтарып берүү жөнүндө аныктамасы менен кабыл алынат.

Кайрылууну арыздануучуга кайтарып берүү жөнүндө чечим арыздануучуну ошол эле талап менен жана ошол эле негиздер боюнча Конституциялык палатага кайталап кайрылуу мүмкүндүгүнөн ажыратпайт.

52. Судьянын тапшырмасы боюнча Конституциялык палатанын аппараты тарабынан тийиштүү аныктамалардын долбоорлору иштелип чыгат, алар судьялар коллегиясынын кароосуна киргизилет.

53. Судьялар коллегиясынын тийиштүү аныктамасынын көчүрмөсү тиркелген материалдар менен аппарат жетекчиси тарабынан арыздануучуга жөнөтүлөт.

§ 3. Судьялар коллегиясынын отурумдары

54. Конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу же болбосо аны кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктама судьялар коллегиясынын отурумунда кабыл алынат.

55. Судьялар коллегиясынын отурумдары белгиленген күндөрү өткөрүлөт жана коллегиянын бардык судьяларынын катышуусунда ыйгарым укуктуу болуп эсептелет.

56. Судьялар коллегиясынын отурумунда каралып жаткан маселе боюнча материалдарды даярдоону тикелей ишке ашырып жаткан Конституциялык палатанын аппаратынын кызматкерлери чакырылышы мүмкүн.

57. Судьялар коллегиясынын отурумунда кайрылууларды кароонун жыйынтыктары боюнча кайрылуу Конституциялык палатанын аппаратында катталган күндөн тартып отуз жумуш күн ичинде кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу же өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктама чыгарылат.

Аныктамада коллегиянын курамы, кайрылуунун маңызы, дата, орду жана кабыл алынган чечимдин жүйөлөрү көрсөтүлөт.

58. Кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу же болбосо кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктама судьялар коллегиясынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат жана бардык судьялар тарабынан кол коюлат.

§ 4. Судьялар коллегиясынын аныктамасына даттануунун тартиби

59. Судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктамасы Конституциялык палатага даттанылышы мүмкүн. Мында судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө аныктамасы иште кароого дайындаганга чейин даттанылышы мүмкүн.

60. Судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктамасына даттануу Конституциялык палатага жазуу жүзүндө берилет, анда төмөнкүлөр көрсөтүлүшү керек:

1) Конституциялык палатанын аталышы;

2) арыздануучуга тиешелүү аталыш, дарек жана башка зарыл маалыматтар;

3) судьялар коллегиясынын аныктамасына болгон даттануунун жүйөлөрү;

4) даттануу берген адамдын өтүнүчү;

5) даттанууга тиркелген документтердин тизмеси.

61. Даттануу Конституциялык палатанын аппаратында келип түшкөн күнү катталат.

62. Кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктамага даттануу Конституциялык палата тарабынан катталган күндөн тартып отуз жумуш күн ичинде каралат. Даттанууну карап чыгуунун жыйынтыктары боюнча Конституциялык палата токтом кабыл алат.

63. Даттанууну кароо үчүн Конституциялык палатанын отурумун даярдоо Конституциялык палатанын төрагасы тарабынан даттануу катталган күндөн тартып үч жумуш күндөн кечиктирбестен Конституциялык палатанын судьяларынын бирине тапшырылат.

Конституциялык палатанын төрагасы тарабынан тийиштүү тескеме кабыл алынган күндөн тартып жыйырма жумуш күндүн ичинде судья материалдарды Конституциялык палатанын отурумуна даярдайт. Мында даттанууну кароо жөнүндө токтомдун долбооору изилдөө үчүн отурум өткөрүлө турган датага чейин беш жумуш күндөн кечиктирбестен бардык судьяларга таратылат. Материалдар электрондук формада берилет.

64. Конституциялык палата кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө судьялар коллегиясынын аныктамасына даттанууну канааттандырган учурда судьялар коллегиясынын аныктамасын жокко чыгаруу жана кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө токтом кабыл алат.

Конституциялык палата даттанууну негизсиз деп тааныганда арызданууучунун даттануусун канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө токтом кабыл алат.

Конституциялык палатанын токтомунун көчүрмөсү аппарат жетекчиси тарабынан арызданууучуга жөнөтүлөт.

§ 5. Иштерди бириктирүү жана караштуу эмес талаптарды бөлүп чыгаруу

65. Конституциялык палатага конституциялык сот өндүрүлүшү башталган, бир эле маселени козгогон ар башка адамдардын бир нече кайрылуулары келип түшкөн учурда Конституциялык палатанын төрагасынын тескемеси боюнча иштер судьялардын бирине аларды бир өндүрүшкө бириктирүү үчүн өткөрүлүп берилет.

66. Эгер бир кайрылууда Конституциялык палатага караштуу эмес талаптар берилсе, судьялар коллегиясы кайрылууну бул бөлүгүндө кабыл алуудан баш тартат.

8-глава
Иштерди карооо даярдоо жана дайындоо

67. Өндүрүшкө кабыл алынган кайрылуу боюнча судья-баяндамачы эки айлык мөөнөттө ишти карооо даярдоону жүргүзөт:

1) иш боюнча тараптарды аныктайт, аларга конституциялык мыйзам менен каралган процессуалдык укуктарды жана милдеттерди түшүндүрөт;

2) тараптарды сурайт;

3) ишке тиешеси бар зарыл документтерди жана башка маалыматтарды кошумча талап кылуу жөнүндө аныктама чыгарат;

4) тиешелүү кызмат адамдарды жана башка жактарды сурайт;

5) зарыл болгон учурда, отурумга чакыртылууга жана чакыртылып келтирилүүгө тийиш болгон күбөлөрдүн, эксперттердин жана башка адамдардын чөйрөсүн аныктайт;

6) ар кандай адамдардын өз ара байланышкан талаптарын бир сот өндүрүшүнө бириктирүү жөнүндө аныктама чыгарат;

7) Конституциялык палатанын отурумунда ишти карооо дайындоо жөнүндө аныктама чыгарат, отурумдун катышуучуларын кабардар кылат жана зарыл адамдардын катышуусун камсыздайт;

8) болгон материалдар боюнча актынын долбоорун даярдайт;

9) отурум башталышына чейин он күндөн кечиктирбестен актынын долбоорун Конституциялык палатанын бардык Конституциялык палатанын бардык судьяларына жөнөтөт жана аларды иштин материалдары менен электрондук документ жүгүртмө тутуму аркылуу камсыз кылат;

10) ишти туура чечүүнү камсыз кылуу боюнча башка аракеттерди жүргүзөт.

68. Судья-баяндамачы ишти карооо даярдоо менен байланышкан иш-аракеттерди жүргүзүүдө Конституциялык палатанын аппаратына тийиштүү тапшырмаларды берүүгө укуктуу.

69. Судья-баяндамачы ишке таандык зарыл документтерди жана башка маалыматты талап кылуу жөнүндө аныктама чыгарат.

Документтерди жана башка зарыл материалдарды талап кылуу зарыл документтердин аталышын, ошондой эле аларды берүүнүн мөөнөтүн көрсөтүү менен тийиштүү органдарга же кызмат адамдарга кат жөнөтүү аркылуу жүргүзүлөт.

70. Келтирилген талаптардын өзгөчө татаалдыгына же болбосо алардын өтө маанилүүлүгүнө жараша, ишти карооо даярдоо судья-баяндамачынын жазуу түрүндөгү жүйөлүү кайрылуусунун

негизинде Конституциялык палатанын төрагасы тарабынан бир нече судьяларга тапшырышы мүмкүн.

Мындай учурда Конституциялык палатанын төрагасы үч жумуш күндөн кеч эмес бир нече судьяларга ишти даярдоону тапшыруу жөнүндө тескеме кабыл алат. Тескемеде ар бир судьяга бөлүнгөн маселелер аныкталып, судьялардын жеке курамы көрсөтүлөт.

71. Ишти Конституциялык палатанын отурумунда кароого даярдоо процессинде экспертизаны дайындоо судья-баяндамачы тарабынан аныктама чыгаруу жолу аркылуу жүргүзүлөт. Аныктамада судья-баяндамачы тарабынан эксперттерге суроолор туюндурулат жана эксперттик корутундуну берүүнүн мөөнөтү аныкталат.

72. Экспертизаны жүргүзүү карала турган ишке тиешелүү маселелер боюнча атайын билимге ээ болгон эксперттик мекемелерге же эксперттерге тапшырылат. Соттук-эксперттик уюмдар тарабынан жүргүзүлбөгөн экспертизалардын кээ бир түрлөрүн жүргүзүү үчүн мыйзамда бекитилген тартипте тийиштүү билимге ээ болгон башка адистер да чакырылат.

73. Судья-баяндамачы материалдарды кароого даярдоодо Конституциялык палата менен каралып жаткан иш боюнча өзүнүн жазуу жүзүндөгү түшүндүрмөлөрүн, жүйөлөрүн жана ой-толгоолорун берүү үчүн укуктун айрым маселелери боюнча башка жактарды тартууга укуктуу.

74. Конституциялык палатанын отурумунда ишти кароого даярдоо, ишти тариздөө менен аяктайт, ал өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- кайрылуу (сунуштама, өтүнүч, суроо-талап);
- аларга тиркелген бардык материалдар, кайрылууга жазылган пикирлер, Конституциялык палата жөнөткөн талаптардын жана суроо-талаптардын көчүрмөлөрү, аларга жооптор;
- эксперттердин корутундулары, башка жактардын түшүндүрмөлөрү;
- тараптарды, күбөлөрдү сурамжылоо жөнүндө маалымкаттар;
- ишти кароого даярдоо процессинде судья тарабынан чыгарылган процесстик актылар;
- Конституциялык палатанын жыйынтыктоочу актысынын (чечимдин, корутундунун) долбоору;
- Конституциялык палатанын Аппараты даярдаган аналитикалык кат.

Соттук иш кагаз түрүндө түзүлөт, толукталат жана сакталат.

75. Ишти түзүү, архивдештирүү жана сактоо Конституциялык палатанын аппараты тарабынан иш жүргүзүү боюнча нускамага ылайык камсыздалат.

9-глава
Судьянын катышуусун алдыруу жана өзүнүн катышуусун алуу

76. Судья аны кызматтан бошоткон же болбосо, конституциялык мыйзамда бекитилген тартипте, өзүнүн катышуусун алуу же судьянын катышуусун алдыруу тууралуу маселе канааттандыраарлык чечилген учурлардан тышкары, Конституциялык палатанын отурумуна катышуудан четтетилиши мүмкүн эмес.

77. Конституциялык палатанын судьясы конституциялык сот өндүрүшүнүн кайсы гана этабында болбосун өзүнүн катышуусун алууну төмөнкү учурларда билдирүүгө милдеттүү:

1) эгерде судья мурда кызмат абалына байланыштуу кароонун предмети болуп саналган актыны кабыл алууга катышса;

2) эгерде ишти чечүүдө судьянын объективдүүлүгү анын сот өндүрүшүнүн катышуучулары менен туугандык же башка жеке байланыштарынан улам күмөн санооого алып келиши мүмкүн болсо;

3) эгерде судья талашылып жаткан укктутук актынын укктутук мүнөзү тууралуу өзүнүн пикирин коомчулуктун алдында айткан болсо;

4) судьянын калыстыгына таасир эте турган башка жагдайлар болсо.

Ушул эле негиздер боюнча тараптар судьянын (судьялардын) катышуусун алдырууну билдирүүгө укуктуу.

78. Судья өзүнүн катышуусун алууну жазуу түрүндө билдирет.

79. Конституциялык палата, тараптардын өтүнүчү боюнча, ушул Регламенттин 78-бөлүгүндө көрсөтүлгөн жагдайлар болгондо, катышуусун алып салуу жөнүндө маселе чечиле турган судьяны укkандан кийин анын катышуусун алып салуу жөнүндө жүйөлүү аныктама чыгарат.

Судьянын өзүнүн катышуусун алуу жөнүндө арызын канааттандыруу же четке кагуу жөнүндө чечим, же болбосо тараптардын судьянын катышуусун алдыруу жөнүндө өтүнүчтөрү, анын катышуусусуз кеңешме бөлмөдө бул маселенин кароосуна катышып жаткан судьялардын санынын жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

80. Өзүнүн катышуусун алуу жөнүндө өтүнгөн судья, же болбосо, тараптар катышуусун алдырууну өтүнгөн, судья добуш берүүгө катышпайт.

Эгер ишти кароо үчүн кворумдун бузулушуна алып келсе, анда судьянын (судьялардын) өзүнүн катышуусун алууга (катышуусун алдырууга) жол берилбейт, ал жөнүндө Конституциялык палата аныктама чыгарат.

81. Иш боюнча баяндамачы болгон судья ишти кароодон четтетилген учурда, Конституциялык палата ошол эле учурда жаңы судья-баяндамачыны дайындоо жөнүндө чечим кабыл алат.

10-глава
Конституциялык сот өндүрүшүнүн катышуучулары

82. Тараптар, алардын өкүлдөрү, күбөлөр, эксперттер, котормочулар конституциялык сот өндүрүшүнүн катышуучулары болуп эсептелишет.

83. Конституциялык палатанын отурумуна каралып жаткан ишке тиешеси бар каалаган адам чакырылышы мүмкүн.

84. Конституциялык сот өндүрүшүндө тараптар деп төмөнкүлөр таанылат:

1) кайрылуучу тарап – сунуштамалары жана өтүнүчтөрү өндүрүшкө кабыл алынган жактар же органдар;

2) жоопкер-тарап – ченемдик укуктук актыны чыгарган, ага кол койгон орган же кызмат адамдары же конституциялуулугу жөнүндө маселе коюлуп жаткан Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу мыйзамдын долбоорун, эл аралык келишимди ратификациялоону, бекитүүнү же Кыргыз Республикасы үчүн башка ыкма менен күчүнө киргизүүнү демилгелеген субъекттер.

85. Тараптар өз иштерин жеке же өзүнүн өкүлдөрү аркылуу жүргүзүшү мүмкүн. Тараптардын ар бири үчтөн көп эмес өкүлгө ээ боло алат.

Өкүлдөрдүн ыйгарым укуктары Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинде каралган тартипте таризделет.

Конституциялык палатанын отурумуна бирдей ыйгарым укуктардын чегине ээ болгон бир тараптын бир нече өкүлдөрү катышкан учурда, Конституциялык палата, каралып жаткан маселелер боюнча тараптын акыркы позициясын аныктай ала турган, алардын арасынан бир адамды талап кылышы мүмкүн.

Конституциялык палатанын отурумунда маселе каралып башталгандан кийин тарап өзүнүн кызыкчылыктарын жактоону жаңы өкүлгө тапшыра алат, ошондой эле өзүнүн өкүлдөрүн мурда жүктөлгөн милдеттерден бошотуп, процесстин каалаган стадиясында ага өзү катыша алат.

86. Конституциялык палата тарабынан суроо-талабы өндүрүшкө кабыл алынган судья (судьялар) тарап деп таанылбайт, отурумга чакырылбайт.

87. Тараптар бирдей процесстик укуктар менен пайдаланышат.

Тараптар жана алардын өкүлдөрү иштин материалдары менен таанышууга, алардан ичинен жазып алууларды жүргүзүүгө, көчүрмөлөрдү алууга, далилдерди берүүгө, далилдерди иликтөөгө катышууга, процесстин жүрүшүндө келип чыккан бардык маселелер боюнча өз жүйөлөрүн жана пикирлерин билдирүүгө, корутунду сөз сүйлөөгө укуктуу.

Ошондой эле, тараптар өтүнүч билдирүүгө, судьяларга оозеки жана жазуу жүзүндө түшүнүктөрдү берүүгө, берилген сунуштамалар жана өтүнүчтөр боюнча өз пикирин айтууга укуктуу.

88. Бир ишке бириктирилген бир нече сунуштамаларды же өтүнүчтөрдү, же бир нече кошо жүрүүчү маселелерди отурумда кароо учурунда, тарап (өкүл) башка тараптын сунуштамаларына жана өтүнүчтөрүнө, анын өзүнүн сунуштамасынын же өтүнүчүнүн предметине тийиштүү бөлүгүндө гана жеке көз карашын билдирүүгө, билдирүү жасоого жана пикирлерди көрсөтүүгө укуктуу.

89. Кайрылуучу тарап өз талаптарынын негизин же предметин өзгөртүүгө, алардын көлөмүн көбөйтүүгө же азайтууга, талаптардан баш тартууга укуктуу.

Мында коюлган талаптын предметин өзгөртүү кайрылууда коюлган укуктук маселенин чегинде болушу керек.

Жоопкер-тарап аларды толук же жарым-жартылай моюнга алууга же болбосо аларга каршы пикирлерин билдирүүгө укуктуу.

90. Ар бир тарап далилдерди келтирүүгө жана өз талаптарынын жана каршы пикирлеринин негизи катары таянган жагдайларды далилдөөгө укуктуу.

91. Тараптар өз укуктарын ак ниеттүү пайдаланууга милдеттүү. Сотко атайын жалган маалыматтарды берүү Конституциялык палатаны урматтабагандык катары бааланат жана мыйзам боюнча жоопкерчиликке алып келет.

Тараптар Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, ушул Регламенттин ченемдерин аткарууга милдеттүү:

- Конституциялык палатанын чакыруусу менен келүүгө;

- Конституциялык палатанын отурумунда бири-бирине жана Конституциялык палатада кабыл алынган эрежелерге жана процедураларга сый мамиле жасоого;

- түшүнүк берүүгө, төрагалык кылуучунун, судьялардын жана конституциялык сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын каралып жаткан маселе боюнча суроолоруна жооп берүүгө;

- төрагалык кылуучунун Конституциялык палатанын отурумунун тартибин сактоо жөнүндө тескемесине баш ийүүгө.

92. Аныкталуусу Конституциялык палатанын карамагына берилген иш жүзүндөгү жагдайларды изилдөөнүн зарылчылыгы болгондо, андай жагдайлар жөнүндө маалыматтары же материалдары бар жактар күбө катары чакырылышы мүмкүн.

93. Күбө Конституциялык палатага каралып жаткан иштин маңызына тиешелүү, жеке өзүнө белгилүү жагдайларды билдирүүгө жана Конституциялык палатанын судьяларынын жана тараптардын суроолоруна жооп берүүгө милдеттүү. Зарыл болгондо ал жазуу жүзүндөгү белгилөөлөрдү, ошондой эле документтерди жана башка материалдарды пайдалана алат.

94. Конституциялык палатанын отурумуна эксперт катары каралып жаткан ишке тиешелүү маселелер боюнча атайын билими бар адам чакырылышы мүмкүн.

Корутундуну баяндагандан кийин, эксперт Конституциялык палатанын судьяларынын жана тараптардын кошумча суроолоруна жооп берүүгө милдеттүү.

95. Жеке жана юридикалык жактар, мамлекеттик органдар, коомдук бирикмелер, эл аралык уюмдар Конституциялык палатада каралуучу конкреттүү иште укуктун айрым маселелери боюнча өздөрүнүн жазуу жүзүндөгү түшүндүрмөлөрүн, жүйөөлөрүн жана ой-пикирлерин берүүгө укуктуу. Мында Конституциялык палата алардын жүйөөлөрүнө жана ой-пикирлерине байланбайт.

Башка жактардын жазуу жүзүндөгү түшүндүрмөлөрү, жүйөөлөрү жана ой-пикирлери аталган субъекттер чагылдыргысы келген укук маселелеринин тизмесин, ошондой эле алардын аталган маселелерде компетенттүүлүгүн күбөлөндүргөн маалыматты камтууга тийиш.

Судья-баяндамачы ушул пунктта көрсөтүлгөн субъекттерге өз демилгеси боюнча кайрылууга укуктуу.

Судья-баяндамачынын суроо-талаптарына мамлекеттик органдар жана жергиктүү өз алдынча башкаруу органдардын жоопторуна биринчи орун басарынын же орун басарынын деңгээлинен төмөн

кызмат адамы тарабынан кол коюлган учурда, алар Конституциялык палатанын Аппараты тарабынан кабыл алынбайт жана кайтарылууга тийиш.

96. Конституциялык мыйзамдын талаптарына ылайык, Конституциялык палата тарабынан дайындалган, тексттерди жана оозеки кепти которуу үчүн зарыл болгон тилдерди эркин билген адам котормочу болуп эсептелет.

Котормочу Конституциялык палатанын чакыруусу боюнча келүүгө жана ага тапшырылган котормону толук жана так аткарууга милдеттүү.

11-глава
Конституциялык палатанын отурумдарында кайрылууларды кароонун тартиби

§ 1. Конституциялык палатанын отурумундагы процедуралар жана этикет

97. Конституциялык палатанын отурумдары Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби, Мамлекеттик желеги жана Кыргыз Республикасынын Конституциясы коюлган, атайын жабдылган залда салтанаттуу шартта өткөрүлөт.

Конституциялык палатанын судьялары мантия кийип отурум өткөрүшөт.

98. Конституциялык палатанын судьялары отурумдар залына киргенде, ошондой эле залдан чыгууда катышуучулардын баары ордунан турат.

99. Сот отурумунун катышуучулары төраганын уруксаты менен туруп сотко кайрылат, түшүнүк берет жана сөз сүйлөйт. Бул эрежеден четке чыгуу судьянын уруксаты менен болушу мүмкүн. Отурумдун катышуучулары судьяларга суроо берүүгө укуксуз.

100. Конституциялык палатага расмий кайрылуунун формалары тийиштүү түрдө: "Урматтуу Сот", "Сиздин урматыңыз" же "Урматтуу төрагалык кылуучу", "Урматтуу судья" болот.

101. Тараптарга жана процесстин катышуучуларына кайрылууда, ошондой эле аларды чыгып сүйлөгөндө атаганда төмөнкү сөз айкаштары колдонулат: "Урматтуу тарап", " Урматтуу тараптын өкүлү", "Урматтуу күбө", "Урматтуу эксперт". Зарылдыкка жараша кайрылуунун дарегин тактоо үчүн процесстин тийиштүү катышуучусунун аты-жөнү да көрсөтүлөт.

102. Залдагы процесстин катышуучулары, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү, башка жарандар төмөндөгүлөргө милдеттүү:

1) Конституциялык палатага, тараптарга, процесстин башка катышуучуларына жана бири-бирине сый-урмат мамиле кылууга;

2) сот отуруму өткөрүлүп жаткан залда бекитилген тартипти сактоо жөнүндө төрагалык кылуучунун буйругуна баш ийүүгө, ошондой эле отурумдун ырааттуу жүрүшүнө башка кандайдыр бир тоскоолдуктарды жасабоого;

3) Конституциялык палатанын отуруму жүрүп жаткан учурда залда баспоого, сүйлөбөөгө, реплика айтпоого, ошондой эле отурумдун жүрүшүнө кандайдыр бир башка тоскоолдуктарды жаратпоого;

4) Конституциялык палатанын төрагасынын уруксаты менен видео тартууга жана аудио жазууга.

103. Конституциялык палатанын отурумдарында каралып жаткан ишти даярдоого тике катышкан Конституциялык палатанын аппаратынын кызматкерлери катышат.

104. Сот отурумунда анын катышуучулары жана отурган адамдары тарабынан көрсөтүлгөн талаптарды бузуу сотту сыйлабастык катары каралат жана тартип бузуучуларды соттук отурумдун залынан чыгарууга же мыйзамдарга ылайык административдик жоопкерчиликке тартууга алып келет.

105. Тараптар жана алардын өкүлдөрү Конституциялык палатанын отурумунда өзүнүн чыгып сүйлөгөн сөзүн саясый билдирүүлөр жана декларациялар үчүн колдонууга укуксуз.

§ 2. Конституциялык палатанын сот отурумундагы тартипти камсыздоо

106. Конституциялык палатанын отурумунда тартипти сактоо соттук приставдар кызматтык түзүмдөрү тарабынан жүргүзүлөт. Тартип сактоону камсыздаган адамдар төрагалык кылуучуга баш ийет. алардын Залда бекитилген тартипти сактоо боюнча талаптары катышкан адамдардын баарына тийиштүү.

Соттук приставдар кызматтык түзүмдөрү менен өз ара иштешүү Конституциялык палатанын аппаратынын тийиштүү түзүмдүк бөлүмү тарабынан камсыздалат.

107. Эгерде сот отурумунда укук бузуулар болсо, коргоо чаралары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте

Конституциялык палатанын протоколдук аныктамасы боюнча колдонулат.

§ 3. Конституциялык палатанын отурумдарында кайрылууларды карoo

108. Конституциялык палата өндүрүшкө кабыл алынган кайрылууну карайт жана өндүрүшкө кабыл алынган күндөн тартып беш айдын ичинде ал боюнча акт чыгарат. Бул мөөнөт Конституциялык палатанын төрагасынын чечими боюнча бир айга узартылышы мүмкүн.

109. Катышуучуларга отурумдардын өтө турган убактысы жана орду тууралуу жазуу түрүндөгү билдирүү Конституциялык палатанын аппаратынын жетекчисинин колу коюлуп жөнөтүлөт. Сот отурумдары жөнүндө маалымат Конституциялык палатанын имаратында, ошондой эле Конституциялык палатанын расмий сайтында отурумдун башталышына чейин он күн калганда Конституциялык палатанын аппаратынын тийиштүү түзүмдүк бөлүмү менен жайгаштырылат.

110. Конституциялык палатанын отуруму төмөнкүдөй учурларда кийинкиге калтырылышы мүмкүн:

1) судьялардын кимдир бирөөсүнүн ооруп калгандыгына же башка себептер менен келбей калгандыгына байланыштуу сот отурумунун кворумунун бузулушунан улам;

2) катышуусу милдеттүү жана келбей калышы ишти туура чечүүгө таасир тийгизиши мүмкүн деп таанылган тараптардын же тараптардын биринин, күбөнүн же эксперттин келбей калышынан улам;

3) эгерде Конституциялык палата каралып жаткан ишти жетиштүү даярдалган эмес жана ошол эле отурумда өткөрүү мүмкүн болбогон кошумча изилдөөнү талап кылат деп тапса;

4) талап кылынган материалдардын өз убагында тапшырылбаганынан улам, эгерде алар ишти чечүү үчүн олуттуу мааниге ээ болсо;

5) сот отурумунун жүрүшүнө же ишти ар тараптуу кароого тоскоолдук кылган башка жагдайлар болсо, эгерде андай жагдайларды сот отурумунун жүрүшүндө жоюу мүмкүн болбосо.

111. Конституциялык палатанын отурумун кийинкиге калтыруу жөнүндө чечим сот отурумуна катышкан судьялардын санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат жана протоколдук аныктама

менен таризделет. Сот отурумун кийинкиге калтыруу тууралуу чечим кабыл алууда, Конституциялык палата отурум которулган датаны дайындайт.

112. Ишти конституциялык мыйзамда белгиленген мөөнөттө кароо мүмкүн болбогон учурларда, Конституциялык палата ал боюнча өндүрүштө келип чыккан тоскоолдуктарды жоюу үчүн зарыл болгон, бирок үч айдан ашпаган мөөнөткө аныктама менен токтото турууга укуктуу. Мында аны кароонун мөөнөтү да токтотулат.

Иш боюнча өндүрүш Конституциялык палата тарабынан өзүнчө аныктаманын негизинде, аны токтото туруу үчүн негиз болгон жагдайлар жоюлганда кайра жаңыртылат. Конституциялык палата тарабынан иш боюнча өндүрүштү токтото туруу башка иштерди кароого тоскоолдук кылбайт.

113. Конституциялык мыйзамдын 41-беренесинде каралган негиздер болсо, жыйынтыктоочу актыны чыгарганга чейин конституциялык өндүрүш анын кайсы гана стадиясы болбосун, токтотулууга тийиш. Иш боюнча өндүрүштү токтотуу жөнүндө маселени чечүү Конституциялык палата тарабынан сот отурумуна катышкан судьялардын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

Конституциялык палатанын иш боюнча өндүрүштү токтотуу жөнүндө аныктамасы тараптарды Конституциялык палатага ошол эле талап жана ошол эле негиздер боюнча кайтадан кайрылуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат.

114. Конституциялык палатанын отуруму сот отурумунун катчысы менен протоколдоштурулат. Сот отурумунун протоколу конституциялык мыйзамдын 44-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн маалыматтарды камтууга тийиш.

115. Протоколдун толуктугун камсыз кылуу үчүн, стенографияны жана техникалык каражаттарды колдонууга жол берилет, отурумдун протоколунда алардын колдонулушу жөнүндө көрсөтүлөт. Иштин материалдарына протокол жана сот тарабынан колдонулган техникалык каражаттар: фонограмма, видеотасма, кинотасма тиркелет.

Протокол отурум аяктагандан кийин беш жумуш күндөн кечиктирбестен таризделүүгө тийиш. Протоколго Конституциялык палатанын төрагалык кылуучусу жана судья-катчысы тарабынан кол коюлат.

116. Отурумдун протоколу жана стенограммасы, ошондой эле Конституциялык палатанын иштеринин материалдары менен Конституциялык палатанын судьялары таанышууга укуктуу.

Процесстин катышуучулары жана башка жактар Конституциялык палатанын отурумунун протоколу жана стенограммасы менен Конституциялык палатанын төрагасынын уруксаты менен таанышууга укуктуу. Протоколдордон көчүрмө алуу жана алардын ичинен жазып алууларды жүргүзүү, Конституциялык палатанын төрагасынын уруксаты менен Конституциялык палатанын аппараты тарабынан жүргүзүлөт. Көчүрмө алуу жөнүндө маалымат өзүнчө журналда катталат.

117. Конституциялык палатада иштерди кароо отурумдарда Конституциялык палатанын төрагасынын төрагалыгында жүргүзүлөт. Конституциялык палатанын төрагасы болбогон учурда, же анын тапшырмасы боюнча Конституциялык палатанын төрагасынын милдеттерин Конституциялык палатанын төрагасынын орун басары аткарат. Конституциялык палатанын төрагасынын орун басары болбогон учурда Конституциялык палатанын төрагасынын милдеттери судья-катчыга жүктөлөт.

118. Отурумду өткөрүүнүн белгиленген убактысында отурумдар залына Конституциялык палатанын судьялары кирет жана өзүлөрүнүн орундарын ээлешет. Төрагалык кылуучу Конституциялык палатанын отурумун жүргүзүүгө кворумдун бар экенин, протокол жүргүзүү камсыздалганын ырастайт жана отурумду ачык деп жарыялайт.

119. Ишти маңызы боюнча кароону баштаганга чейин төрагалык кылуучу:

1) Конституциялык палатанын отурумун ачат жана карала турган ишти жарыялайт;

2) Конституциялык палатанын курамын жарыялайт;

3) сот отурумунун катчысына отурумга чакырылган катышуучулардын, күбөлөрдүн, эксперттердин, зарыл болгон учурда котормочунун бар экендиги жана келбей калгандардын себептери жөнүндө баяндама жасоо үчүн сөз берет. Тарап ишти анын катышуусу менен кароону өтүнгөн жана өзүнүн келбегендиги тууралуу жүйөлүү себепти келтиргенден тышкары учурларда, тараптын же анын өкүлүнүн Конституциялык палатанын отурумуна келбегендиги ишти кароого кедерги болбойт;

4) тараптардын ыйгарым укуктарын текшерет;

5) тараптарга алардын укуктарын жана милдеттерин, ал эми чакырылган жактарга – алардын милдеттерин жана жоопкерчилигин түшүндүрөт;

6) отурумдун катышуучуларынан аларга кошумча күбөлөрдү, эксперттерди чакыртуу жөнүндө, кошумча далилдерди талап кылуу

тууралуу, отурумдун жүрүшүндө келип чыккан башка маселелер боюнча өтүнүч бар же жок экендигин сурайт, аларды соттун чечүүсүнө коёт;

7) сот залынан күбөлөрдү, эксперттерди чыгарат;

8) ишти маңызы боюнча кароо башталгандыгы жөнүндө жарыялайт.

120. Жазуу түрүндө түшкөн өтүнүчтөр угузулат жана иштин материалдарына тиркелет. Оозеки өтүнүчтөр сот отурумунун протоколуна жазылат. Түшкөн өтүнүчтөр Конституциялык палата тарабынан, эреже катары, кеңешме бөлмөдө, ишти карап жаткан судьялар курамынын көпчүлүк добушу менен чечилет.

121. Ар бир ишти маңызы боюнча кароо төрагалык кылуучунун судья-баяндамачыга сөз берүүсүнөн башталат.

Судья-баяндамачы иштин маңызын, аны кароонун себебин жана негизин, бар болгон материалдардын мазмунун баяндайт жана Конституциялык палатанын судьяларында пайда болгон суроолорго жооп берет.

122. Судья-баяндамачынын сөзүн угуп бүткөндөн кийин төрагалык кылуучу Конституциялык палатага сунуштама, өтүнүч менен кайрылган тарапка (өкүлгө) каралып жаткан иштин маңызы боюнча түшүндүрмө берүүнү сунуштайт, андан кийин башка тараптын түшүнүктөрүн угат.

Тарап каралып жаткан иштин маңызы боюнча өзүнүн көз карашын негиздөө катары укуктук аргументтерди жана далилдерди баяндап берүүгө милдеттүү.

Төрагалык кылуучу тараптарга бири-бирине жана процесстин башка катышуучуларына суроо берүү мүмкүнчүлүгүн берет, андан кийин Конституциялык палатанын судьялары суроо берет. Соттук отурумдун жүрүшүндө коюлган маселелердин каралуу мүмкүнчүлүгү Конституциялык палатанын төрагалык кылуучусу тарабынан чечилет.

123. Эгерде Конституциялык палатанын отурумунда тарап бир нече адамдар менен көрсөтүлсө, чыгып сүйлөөгө каралган маселелер алардын ортосунда чектелген учурда, төрагалык кылуучу бардык өкүлдөргө сөз бериши мүмкүн. Бул эреже жыйынтыктоочу кепке укукту берүү тартибине да тийиштүү болот.

124. Эгерде чыгып сүйлөп жаткан адам каралып жаткан маселенин чегинен чыкса же чыгып сүйлөгөн сөзүнүн, репликасынын таризи жана мааниси боюнча мазактоочу жана орой болсо, сот отурумунда кабыл алынган тартип эрежелерин бузса же соттү сыйлабаса,

төрагалык кылуучу тараптын же анын өкүлүнүн, сот отурумунун башка катышуучуларынын чыгып сүйлөп жаткан сөзүн токтотууга укуктуу.

125. Күбөлөрдүн, эксперттердин көрсөтүүлөрүн угуудан мурда төрагалык кылуучу алардын ким экендигин аныктайт жана көрсөтүү берүүдөн баш тарткандыгы жана атайылап жалган көрсөтүү же корутунду бергендиги үчүн мыйзамдарда жазык жоопкерчилиги каралгандыгы жөнүндө аларды жазуу жүзүндө эскертет, котормочуга атайылап жалган которгондугу үчүн жоопкерчилик жөнүндө эскертилет.

Күбөлөрдү, эксперттерди угуунун ырааттуулугу, ошондой эле күбөлөргө жана эксперттерге биринчи болуп суроолорду берүү укугуна ээ болгон тарапты аныктоо Конституциялык палатанын отурумунда төрагалык кылуучу тарабынан аныкталат.

Судьялар төрагалык кылуучунун уруксаты менен суракка алуунун каалаган учурунда күбөгө, экспертке суроо бере алат.

Төрагалык кылуучу каралып жаткан иштин негизине тиешеси жок ар кандай суроолорду четке кагууга укуктуу.

126. Сот отурумунда сотко берилген документтер жарыяланышы же карап чыгууга берилиши мүмкүн. Келип түшкөн документтердин аныктыгы судья-баяндамачы тарабынан текшерилиши керек. Аныктыгы шектүү болгон документтер жарыялоого же карап чыгууга жатпайт. Изилденген документтер түп нускада же күбөлөндүрүлгөн көчүрмөдө Конституциялык палатанын чечими боюнча иштин материалдарына тиркелет.

127. Иштин материалдарын изилдеп бүткөндөн кийин Конституциялык палата тараптардын корутунду сөздөрүн угат. Конституциялык палатанын төрагасы судьялар менен макулдашуу боюнча тараптарга корутунду сөз менен чыгып сүйлөөнүн алдында убакыт бере алат.

Корутунду сөздү укандан кийин төрагалык кылуучу иш боюнча териштирүү аяктагандыгын жана судьялардын кеңешме бөлмөгө чыгуусун жарыялайт.

128. Конституциялык палата тараптардын корутунду сөзүнөн кийин иштин чечилиши үчүн кошумча маанилүү шарттарды билүүнү же жаңы далилдерди изилдөөнү зарыл деп чечсе, ишти кароону кайра жаңыртуу жөнүндө аныктама чыгарат.

Кошумча изилдөө аяктагандан кийин тараптар жаңы шарттарга жана далилдерге гана байланыштуу кайтадан корутунду сөз менен чыгып сүйлөөгө укуктуу.

§ 4. Конституциялык палатанын жабык отуруму

129. Конституциялык палата мамлекеттик сырды коргоо, жарандардын, алардын жеке турмушундагы сырдын коопсуздугун камсыз кылуу жана коомдук адептүүлүктү коргоо үчүн зарыл болгон учурларда, жабык отурумду дайындайт.

130. Ишти же анын бир бөлүгүн жабык отурумда кароо жүйөлүү аныктаманын негизинде ишке ашырылат, ал отурум башталаар алдында жалпыга жарыяланат.

131. Жабык отурумга Конституциялык палатанын судьялары, тараптар жана алардын өкүлдөрү катышат.

132. Жабык сот отурумунда конституциялык сот өндүрүшүнүн башка катышуучуларынын катышуу мүмкүндүгү Конституциялык палата тарабынан ар бир конкреттүү учурда аныкталат. Конституциялык палатанын бул маселе боюнча чечими сот отурумунун протоколуна киргизилет.

133. Отурумду алып баруунун тиешелүү тартибин түздөн-түз камсыз кылуучу Конституциялык палатанын аппаратынын кызматкерлеринин катышуусу судьялар менен макулдашуу боюнча төрагалык кылуучу тарабынан аныкталат.

134. Жабык отурумда ишти кароо конституциялык сот өндүрүшүнүн бардык эрежелерин сактоо менен өткөрүлөт.

135. Жашырындуулуктун тийиштүү грифи бар документтерди кароого байланыштуу жабык отурумдарды өткөрүү жашыруун документтер менен иштөөнүн белгиленген эрежелерин сактоо менен жүзөгө ашырылат.

136. Жабык отурумдардын жазуулары Конституциялык палатада жашырындуулуктун режимин сактоо менен сакталат.

12-глава
Конституциялык палата тарабынан актыларды кабыл алуу

137. Конституциялык палата актыларды чечимдер, корутундулар, токтомдор жана аныктамалар түрүндө кабыл алат.

Конституциялык палатанын актылары Конституцияга негизделет жана судьялардын калыстыгынан тайбаган укуктук көз караштарын чагылдырат.

138. Конституциялык палата, мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келген учурда конституциялуу эмес деп таануу

караштырган ыйгарым укуктары боюнча кайрылууларды кароонун жыйынтыгында чечим, ал эми Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон, күчүнө кире элек эл аралык келишимдердин конституциялуулугу тууралуу кайрылууларды кароодо корутунду кабыл алат.

139. Конституциялык палатанын чечими жана корутундусу Кыргыз Республикасынын атынан чыгарылат жана Конституциялык палатанын төрагалык кылуучусу жана отурумга катышкан Конституциялык палатанын судьялары тарабынан кол коюлат.

Конституциялык палатанын башка актылары токтом, өзүнчө же протоколдук аныктама түрүндө кабыл алынат.

140. Конституциялык палатанын чечими жана корутундусу (мындан ары ушул Регламенттин 141–147-пункттарында – жайынтыктоочу акты) Конституциялык палата тарабынан конституциялык Мыйзамдын 47-беренесинде жана ушул Регламенттин 141–147-пункттарында бекитилген эрежелер боюнча кабыл алынат.

141. Ишти кароого катышкан Конституциялык палатанын судьялары жыйынтыктоочу актыны чыгарып жатканда судья-баяндамачы тарабынан даярдалган актынын долбоорун негиз кылып алууга же болбосо иштин кароосуна катышкан башка судьялар тарабынан көрсөтүлгөн жыйынтыктоочу актынын долбоорун негиз кылып алууга укуктуу.

142. Иштин кароосуна катышкан судьялар жыйынтыктоочу актынын долбооруна өзгөртүүлөрдү жазуу же ооз эки түрүндө сунуштоого, же болбосо ал добушка коюлганга чейин өзүнүн жыйынтыктоочу актысынын долбоорун көрсөтүүгө укуктуу.

143. Иштин кароосуна катышкан судьялардын көпчүлүгү тарабынан жактырылган жыйынтыктоочу актынын долбоору анын мындан аркы иштелип бүтүрүлүшүнө негиз болот. Эгерде судья-баяндамачы чечимдин резолютивдик бөлүгү боюнча добуш берүүдө азчылыкта болуп калса, долбоорду иштеп бүтүрүүдөн баш тартууга укуктуу. Бул учурда Конституциялык палатанын төрагасы иштеп бүтүрүүнү башка судьяга тапшырат.

144. Жыйынтыктоочу актынын долбоору боюнча же ага киргизилген өзгөртүүлөр боюнча талкуулоо жана добуш берүү толугу менен да, бөлүктөрү боюнча да болушу мүмкүн.

145. Жыйынтыктоочу акт, бардык судьялар аны менен макул болсо да, добуш берүүсүз кабыл алынбайт.

146. Конституциялык палатанын отурумунда төрагалык кылуучу жыйынтыктоочу актынын долбооруна өзгөртүүлөр

же жыйынтыктоочу актынын бөлүгү боюнча добуш берүүнүн башталышы жөнүндө жарыялагандан кийин, ушул добуш берүүнүн жүрүшү менен байланыштуу отурумду өткөрүүнүн тартиби боюнча кайсы бир судьянын чыгып сүйлөгөн учурларынан тышкары, добуш берүүнү бөлүүгө жол берилбейт.

147. Добуш берүүгө катышкан судьялардын көпчүлүгү жыйынтыктоочу актынын долбоорун өзгөртүүгө добуш берсе ал кабыл алынды деп эсептелет. Эгерде добуштар тең бөлүнгөн болсо, өзгөртүү кабыл алынбайт. Өзгөртүүлөрдү кабыл алгандан кийин кабыл алынган өзгөртүүлөр менен жыйынтыктоочу актынын долбоорунун бөлүмдөрү добушка коюлат.

Жыйынтыктоочу актынын долбоорунун бөлүктөрү боюнча добуш берүүдөн кийин киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен жалпысынан долбоор боюнча добуш берүү өткөрүлөт.

148. Конституциялык палатанын актылары кеңешме бөлмөдө ар бир судьянын атын атап, сурап ачык добуш берүү аркылуу кабыл алынат.

Кеңешме учурунда судьялар каралып жаткан маселе боюнча өз көз караштарын эркин билдире алат жана башка судьялардан өз көз караштарын тактоону өтүнө алат. Сүйлөөнүн саны жана узактыгы чектелиши мүмкүн эмес.

Конституциялык палатанын кеңешмесине Конституциялык палатанын ушул ишти карап жаткан судьялары гана катышат. Башка жактардын катышуусуна жол берилбейт.

Судья добуш берүүдө калыс калууга же ага катышпай коюуга укуксуз. Төрагалык кылуучу бардык учурларда акыркы болуп добуш берет.

149. Кеңешменин протоколунда добушка коюлган маселелер жана добуштун натыйжалары милдеттүү түрдө жазылат. Протокол судья-катчы тарабынан жүргүзүлөт, бардык катышкан судьялар тарабынан кол коюлат жана жарыя кылынууга жатпайт.

150. Кеңешмеге катышкан судьялар талашуунун мазмунун жана добуштун натыйжаларын жарыя кылууга укугу жок.

151. Конституциялык палата кайрылууда билдирилген талаптарды толугу менен же жарым-жартылай канааттандырганда же канааттандырбай калтырганда иш маңызы боюнча чечилди деп эсептелинет.

152. Конституциялык палатанын актысы, эгерде отурумга катышкан судьялардын көпчүлүгү аны жактап добуш берсе, кабыл алынды деп эсептелинет. Бир дагы сунуш көпчүлүк добуш албаган

учурда, төрагалык кылуучу добуштардын көпчүлүгүн алган эки сунушту кайталап добушка коет.

Чечимди же корутундуну кабыл алууда добуштар тең бөлүнүп калган учурда, чечим же корутунду конституциялуулугу талашылып жаткан актынын пайдасына кабыл алынат. Башка актыларды кабыл алууда добуштар тең чыкса, төрагалык кылуучу добуш берген акты кабыл алынды деп эсептелинет.

153. Конституциялык палатанын актысы негиздүү жана жүйөлүү болууга тийиш.

154. Конституциялык палатанын чечими жана корутундусу аларга кол коюлгандан кийин токтоосуз Конституциялык палатанын ачык отурумунда толук көлөмүндө жарыя кылынат. Өзгөчө учурларда өтө татаал иштер боюнча чечимдин же корутундунун жүйөөлөнгөн бөлүгүн түзүү он күнгө чейинки мөөнөткө калтырылышы мүмкүн, бирок алардын резолюциялык бөлүгү ошол эле отурумда жарыя кылынат.

155. Конституциялык палатанын актысынын мазмуну конституциялык Мыйзамдын 48-беренесинде бекитилген, актынын кириш, жүйөлөөчү жана резолютивдик бөлүмдөрүндө көрсөтүлгөн талаптарына жооп бериши керек.

Жогоруда көрсөтүлгөн берененин 2–5-пункттарында каралган жоболор кириш бөлүмүндө берилет. Жүйөлөөчү бөлүмү көрсөтүлгөн берененин 6–11-пункттарында көрсөтүлгөн жоболорду камтыйт. Резолютивдик бөлүмүндө конституциялык Мыйзамдын 48-беренесинин 12–14-пункттарына ылайык жоболор көрсөтүлөт.

156. Конституциялык палатанын актысы менен толугу же болбосо жүйөлөөчү же резолютивдик бөлүгү менен макул болбогон Конституциялык палатанын судьялары өзүлөрүнүн өзгөчө пикирлерин жазуу жүзүндө чоогу же өз өзүнчө баяндоого укуктуу.

Судьянын өзгөчө пикири судья тарабынан чечим кабыл алынган күндөн тартып он жумуш күндүн ичинде келтирет, ал иштин материалдарына тиркелет жана актынын өзү жарыялануу жаткан басылмаларда Конституциялык палатанын актысы менен бирге жарыяланат.

157. Конституциялык палата актыны жарыялагандан кийин, андагы аталыштардагы, белгилемелердеги так эместиктерди, каталарды жана айкын редакциялык жана техникалык кемчиликтерди оңдошу мүмкүн, ал жөнүндө аныктама чыгарат.

Конституциялык палатанын отурумунда гана актыда кетирилген так эместиктерди, каталарды жана айкын редакциялык

жана техникалык кемчиликтерди оңдоого уруксат берилет. Конституциялык палатанын судьяларынын отуруму ага Конституциялык палатанын судьяларынын жалпы курамынын үчтөн экиден кем эмеси катышканда укук ченемдүү болуп эсептелет. Мындай отурум тараптар жана алардын өкүлдөрүнүн катышуусуз өтөт.

158. Конституциялык палатанын актылары акыркы болуп саналат жана даттанууга жатпайт. Конституциялык палатанын чечимдери жана корутундулары жарыяланган учурдан тартып, ал эми башка актылары кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

Ченемдик укуктук актыны же анын бөлүгүн конституциялык эмес деп табуу жөнүндө чечимдин юридикалык күчү ошол эле мазмундагы ченемдик укуктук актыны же анын бөлүгүн кайра кабыл алуу менен жоюлуп кетиши мүмкүн эмес.

159. Конституциялык палатанын чечимдери жана корутундулары Конституциялык палатанын аппарат жетекчиси тарабынан тараптарга, ченемдик укуктук актылар кароонун предмети болгон мамлекеттик органдарга жана кызмат адамдарына Конституциялык палатанын расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып беш күндөн кечиктирбестен жөнөтүлөт.

Конституциялык палатанын чечимдери жана корутундулары малекеттик бийлик органдарынын расмий басылмаларында жана "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Жарчысына" жарыяланат.

160. Өзүнүн чечимдеринин аткарылуусун мониторинг кылуу максатында Конституциялык палата актылары кароо предмети болгон ченем жаратуучу органдарга алардын аткарылуусунун абалы тууралуу суроо-талап жөнөтүп турат. Суроо-талапка келип түшкөн маалыматтын жыйынтыгы боюнча тийиштүү бөлүм Конституциялык палатанын чечимдеринин аткарылуусунун анализин жасайт. Конституциялык палатанын Аппараты Конституциялык палатанын чечимдеринин аткарылуусунун анализин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Жарычысында, Конституциялык палатанын расмий сайтында жана башка басылмаларда жарыялайт.

Конституциялык палатанын төрагасы, судья-катчысы жана Аппарат жетекчиси Конституциялык палатанын актыларынын ченем жаратуучу органдар тарабынан аткарылуусунун жүрүшүн жана жыйынтыктарын системалык түрдө карап турушат.

Конституциялык палатанын чечимдеринин аткарылуусу боюнча ченем жаратуучу органдар менен иштешүүнү Конституциялык палатанын аппаратынын тийиштүү түзүмдүк бөлүмү жүзөгө ашырат.

161. Сот отурумунда мыйзамдуулук бузулган учурлар табылса, Конституциялык палата жекече аныктама чыгарууга жана аны тиешелүү мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, юридикалык жактарга жана (же) алардын кызмат адамдарына жиберүүгө укуктуу, алар жекече аныктаманын көчүрмөсүн алган мөөнөттөн тартып бир айдын ичинде кабыл алынган чаралар жөнүндө кабарлоого милдеттүү.

Конституциялык палатанын Төрагасы Конституциялык палата чыгарган жекече аныктама кабыл алынган чаралардын жыйынтыктарын контролдойт жана бул тууралуу Конституциялык палатага маалымдап турат.

Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, юридикалык жактар жана (же) алардын кызмат адамдары менен Конституциялык палатанын жекече аныктамасы боюнча иштешүүнү Конституциялык палатанын аппаратынын тийиштүү түзүмдүк бөлүмү жүзөгө ашырат.

13-глава
Кайрылууларды кабыл алууда жана кароодо мөөнөттөрдү эсептөөнүн тартиби

162. Конституциялык сот өндүрүшүн ишке ашыруу процессинде процесстик иштер жүргүзүлө турган мөөнөттөр конституциялык Мыйзам, ушул Регламент же Конституциялык палата тарабынан аныкталат.

163. Мөөнөттөр ай жана күн менен эсептелет. Мөөнөттүн жүрүшү анын башталышы аныкталган календардык датадан кийинки күндөн башталат.

Күндөр менен эсептелген мөөнөт акыркы сутканын 24 саатында аяктайт. Айлар менен эсептелген мөөнөт бекитилген мөөнөттүн акыркы айынын тийиштүү күнүндө бүтөт. Мөөнөттүн акыркы күнү эс алуу күнүнө туш келсе, мөөнөттүн акыркы күнү болуп андан кийинки биринчи жумуш күн эсептелет.

III бөлүм
Жыйынтыктоочу жоболор

14-глава
Конституциялык палатанын ишмерлиги жөнүндө коомчулукту маалымдоо

164. Конституциялык палата ар бир календарлык жылдын аягында жылдык жыйынды өткөрөт, анда өткөн жылдын жумушу боюнча жыйынтыктарды чыгарат, жасалган жумуш тууралуу маалыматты анализ кылат, Конституциялык палатанын Аппаратынын отчётун угат.

Конституциялык палата жылдык жыйындын жыйынтыгы боюнча Төрага тарабынан бекитиле турган жылдык баяндама жарыялайт, ал Конституциялык палатанын ишмерлиги тууралуу коомчулукту маалымдоо максатында мамлекеттик органдарга, чет өлкө мамлекеттеринин конституциялык контролдоо органдарына жана башка органдар менен уюмдарга жөнөтүлөт.

165. Конституциялык палата коомчулукту өзүнүн ишмерлиги тууралуу маалымдоо максатында ар кандай иш-чараларды (сынактарды, мейман лекцияларды, конституционализмдин мектептерин, ачык эшиктер күндөрүн) өткөрө алат.

15-глава. Конституциялык палатанын мамлекеттик бийлик органдары, жарандык коом жана эл аралык уюмдар менен иштешүүсү

166. Конституциялык палатанын конституциялык соттор жана ага шайкеш институттар менен иштешүүсү эл аралык кызматташуунун алкагында жүзөгө ашырылат.

167. Конституциялык палатанын эл аралык уюмдар менен иштешүүсү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген Кыргыз Республикасы катышуучу болгон эл аралык келишимдерге ылайык жүзөгө ашырылат.

168. Конституциялык палатанын жарандык коом менен иштешүүсү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

169. Конституциялык палатанын ишмерлигинин натыйжалуулугун көтөрүү максатында Конституциялык палатанын Төрагасы

тарабынан Конституциялык палатанын судьяларынын сунушу боюнча же болбосо өзүнүн демилгеси менен координациялык жана коллегиалдык-кеңешме органдар түзүлүшү мүмкүн.

Координациялык жана коллегиалдык кеңешме органдарынын курамына мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жарандык коомдун, илимий жана эксперттик жамааттардын өкүлдөрү кирет.

170. Конституциялык палатанын ишмерлиги тууралуу маалыматты алуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталат.

16-глава. Регламентти кабыл алуунун процедуралары

171. Регламенттин долбоору Конституциялык палатанын бекитилишине Конституциялык палатанын төрагасы тарабынан көрсөтүлөт.

172. Регламент ачык добуш берүү жолу аркылуу добуштардын жөнөкөй көпчүлүгү менен кабыл алынат. Конституциялык палатанын Регламенттин кабыл алуу жөнүндө чечими токтом таризинде кабыл алынат.

173. Регламентти кабыл алууда Конституциялык палатанын судьяларынын курамынын жалпы санынын үчтөн экиден кем эмеси катышканда Конституциялык палатанын отуруму ыйгарым укуктуу болуп эсептелет.

174. Ушул эле тартипте Конституциялык палатанын судьяларынын демилгеси боюнча Конституциялык палатанын Регламентине өзгөртүүлөр жана толуктоолор Конституциялык палата тарабынан кабыл алынат.

175. Регламент жана ага киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Жарчысына» расмий жарыялануга тийиш жана Конституциялык палатанын расмий сайтында жайгаштырылат.

2017-жылдын
10-октябры
Бишкек шаары

№13-П

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН

Нурлан Берикович Садыковдун Мирлан Сабырбекович Бекбаевдин кызыкчылыгындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 13-июлундагы № 46 аныктамасына даттануусун канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу – судья Э.Т. Мамыров, судьялар К. Абдиев, Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, К.М. Киргизбаев, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, Ж.И. Саалаевдин курамында, соттук отурумдун катчысы С.А. Джолгокпаеванын катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Н.Б. Садыковдун М.С. Бекбаевдин кызыкчылыгындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 13-июлундагы № 46 аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусун соттук отурумда карап чыкты.

Н.Б. Садыковдун М.С. Бекбаевдин кызыкчылыгындагы даттануусунда баяндалган жүйөлөрдү жана өтүнүч боюнча материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

Т А П Т Ы:

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2017-жылдын 20-июнунда Н.Б. Садыковдун М.С. Бекбаевдин кызыкчылыгындагы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 313- жана 313[1]-беренелерин, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин «ошондой эле ... чыгарылышы мүмкүн» жана «жогору турган сот да чыгарышы мүмкүн» деген сөздөр менен баяндалган 19-беренесинин 3-бөлүгүнүн ченемдик жоболорун, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 381-беренесинин 1-бөлүгүн, «зарыл учурларда» деген сөздөр менен баяндалган 383-беренесинин 1-бөлүгүнүн 7-пунктун Кыргыз Республикасынын

2017-жылдын
10-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№13-П

Конституциясынын 1-беренесине, 26-беренесинин 1-, 2- жана 4-бөлүктөрүнө, 27-беренесинин 3-бөлүгүнө, 40-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп тааануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Келтирилген материалдардан, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети Чүй областынын Жайыл районунун прокуратурасынын кызматкери М.С. Бекбаевге карата Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 313-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пункту, 313[1]-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-пункту менен каралган кылмыштарды жасоодо айыптоо боюнча жазык иши козголгону келип чыгууда.

Жайыл райондук сотунун 2015-жылдын 28-августундагы өкүмү менен М.С. Бекбаев далилденбегени үчүн акталган, Чүй областык соту 2016-жылдын 16-ноябрында ал өкүмдү өзгөртүүсүз калтырган. Бирок, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2017-жылдын 4-апрелиндеги аныктамасы менен жогоруда көрсөтүлгөн соттук актылар жокко чыгарылган жана жазык иши жаңы кароого жөнөтүлгөн.

Арызданууучунун пикири боюнча, кызмат адамы өзүнүн кызматтык милдеттерин аткарууга байланышпаган укукка каршы аракеттерди жасаган учурда алар кызматтык кылмыштардын курамын түзбөйт. Күнөөлүү адам пара алууда ал алган мүлктүк киреше мыйзамсыз экенин жана ал тараптан өзүнүн ыйгарым укуктарынын алкагында пара берген адамдын же анын атынан чыккан адамдардын пайдасына белгилүү бир аракеттерди жасого багытталганын түшүнүүдө. Кармоо учурда М.С. Бекбаев жабыр тарткандын иши боюнча тергөө менен алек эмес болуучу, демек, иш боюнча кызматтык милдеттерди аткарып жаткан эмес болуучу. Арызданууучу, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 313- жана 313[1]-беренелери бул учурда М.С. Бекбаевдин укуктарын бузууда жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 26-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келүүдө деп болжойт, ага ылайык ар бир адам мыйзамда каралган тартипте күнөөлүү экени далилденмейинче жана соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргени аныкталмайынча кылмыш жасаганга күнөөлүү деп эсептелбейт. Бирок, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин жогоруда көрсөтүлгөн ченемдери менен белгиленген жазык жосунун квалициякациялоо тартиби тергөө жасабаган жана жазык иши боюнча тергөөнүн жүрүшүнө көзөмөл жүргүзбөгөн адамды мыйзамсыз жоопкерчиликке тартууга жол берүүдө.

2017-жылдын
10-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№13-П

Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жазык ишин жаңы кароого жөнөтүүдө Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 383-беренесинин 1-бөлүгүнүн 7-пунктун жетекчиликке алган. Арыздануучунун пикири боюнча Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин бул ченеми, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 27-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келет, ага ылайык бир эле укук бузгандык үчүн эч ким кайра юридикалык жоопкерчилик тартпоого тийиш, ошондой эле Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 14-беренесине ылайык жазык-процесстик мыйзамга ылайык толугу менен соттолгон же акталган адам ал кылмыш үчүн кайрадан соттолбойт же жазаланбайт.

Андан тышкары, арыздануучу Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 383-беренесинин 1-бөлүгүнүн 7-пункту Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 26-беренесинин 2-, 4-бөлүктөрүнө карама-каршы келет, ага ылайык күнөөлүү экенине карата ар кандай шектенүү айыпталуучунун пайдасына чечмеленет жана Кыргыз Республикасынын Жогорку соту тергөө органдары тарабынан кетирилген орой бузууларды аныктаган учурда, жазык ишти жергиликтүү соттордун жаңы кароосуна мыйзамсыз жөнөтүүдө деп эсептейт.

Ушуга байланыштуу, арыздануучу, эгер аталган Кодекстин 383-беренесинин 1-бөлүгүнүн 7-пункту Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 15-беренесинин 3-бөлүгү, 18-беренеси, 81-беренеси менен өз ара байланышсыз колдонулса, анда ал конституциялуу эмес деп эсептейт. Көрсөтүлгөн беренелер аталган Кодекске ылайык тиешелүү укуктук процедура алкагында четтетилүүгө мүмкүн болбогон атаандаштык жана далил түйшүгүнүн, айыптоонун далилденгендигине шек саноолорун чечмелөөнүн принциптерин белгилөө маселелерин регламенттейт.

Ошондой эле арыздануучу, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 381-беренеси Жогорку сотко зарыл болгон учурда гана жеке аныктама чыгарууга укук берет, ал эми мыйзамда андай учурлардын тизмеси аныкталган эместигин белгилейт. Ошондуктан, Кыргыз Республикасынын Жогорку соту менен тергөө органдары тарабынан далилдерди чогултууда жазык-процесстик мыйзамдарды көп жолу бузууларды кетиргендиги аныкталганы менен, ал тараптан жеке аныктама чыгаруу формасындагы чаралар колдонулган эмес.

2017-жылдын
10-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№13-П

Ошентип, арыздануучунун пикири боюнча, мыйзам үстөмдүгү камсыздалган эмес жана тергөө органдары тарабынан далилдерди жалган кылып келтирүү фактыларына баа берилген эмес, бул өз кезегинде күнөөлүү кызмат адамынын жоопкерчиликтен кутулуп кетишине көмөк болгон.

Баяндалганды эске алуу менен, арыздануучу талашылып жаткан ченемдерди Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп таануу суранган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1-, 5-пункттарын, 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, 2017-жыл-дын 13-июлундагы № 46 аныктамасы менен кийинки негиздер боюнча өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

Судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө маселени чечүүдө кайрылууда коюлган маселелердин конституциялык сот өндүрүштө кароо мүмкүндүгүнөн жана кайрылуунун «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» консти-туциялык Мыйзамдын жалпы талаптарына ылайык келүүсүнөн келип чыгат.

Көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 9-пунктуна ылайык кайрылууда кайрылуучунун өзү койгон маселеси боюнча көз карашы жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын тиешелүү ченемдерине шилтемеси менен укуктук негиздемеси болуусу керек.

Арыздануучу өзүнүн өтүнүчүндө талашылып жаткан ченемдер укук коргоо органдары жана соттор тарабынан туура эмес колдонулуп жаткандыгын көрсөтүүдө. Бирок, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамга ылайык талашылып жаткан ченемдик укуктук актынын укуктук колдонулуусуна байланыштуу маселелерди кароо Конституциялык палатанын ыйгарым укуктарынын алкагына кирбейт. Көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын 19-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы укук маселелерди гана белгилейт жана чечет. Демек, кайрылууда жүйө катары келтирилген кызмат адамдардын аракеттери талашылып жаткан ченемдин конституциялуулугундагы күмөндүүлүктү туудурган жагдай катары

2017-жылдын
10-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№13-П

бааланышы мүмкүн эмес жана талашылып жаткан ченемдин Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктү туудурбайт, бул «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-беренесинин экинчи абзацына ылайык, ишти конституциялык сот өндүрүшү алкагында кароо үчүн сөзсүз шарт болуп саналат.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык, эгерде кайрылуу таризи жана мазмуну боюнча жогоруда көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келбесе, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Андан тышкары, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 383-беренесинин 1-бөлүгүнүн 7-пункту туурасында судьялар коллегиясы, ал Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын кароо предмети болгон жана 2009-жылдын 9-июлунда ал боюнча чечим кабыл алынгандыгын белгилеген. Көрсөтүлгөн чечимде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жергиликтүү сотордун актыларын жокко чыгаруу жана биринчи же аппеляциялык инстанцияларга жаңыдан кароого иштерди жөнөтүү ыйгарым укуктары конституциялуу, соттук коргоого кепилдикти камсыз кылуучу жана иштин жагдайларынын ар тараптуу, толук жана объективдүү изилденишине, ошондой эле ал боюнча адилеттүү чечимдин чыгарылышына көмөк болуучу деп таанылган.

Ушуга байланыштуу, судьялар коллегиясы Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 383-беренесинин 1-бөлүгүнүн 7-пунктунун талашылып жаткан ченемдик жоболору туурасында конституциялык контролдоо органынын кароо предмети болгон жана күчүндөгү акты бар, ал «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартууга алып келет деп белгилеген.

Жогоруда баяндалганды эске алуу менен, судьялар коллегиясы бул кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

Н.Б. Садыков судьялар коллегиясынын аныктамасы менен макул болбостон, 2017-жылдын 30-августунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттануу менен кайрылган.

2017-жылдын
10-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№13-П

Арыздануучу өзүнүн даттануусунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 13-июлундагы аныктамасы кийинкидей себептер боюнча негизсиз чыгарылган деп көрсөтүүдө.

Н.Б. Садыков өтүнүчтө укук коргоо органдарынын аракеттери, аларды жакшыраак түшүнүү үчүн мисал катары баяндалган болуучу деп айтууда. Андан ары арыздануучу, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 383-беренесинин 1-бөлүгүнүн 7-пункту Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын кароо предмети болгону жана 2009-жылдын 9-июлундагы күчүндөгү чечими бар экени менен макулдугун белгилейт. Бирок, арыздануучу көрсөтүлгөн ченемди толугу менен эмес, жарым-жартылай гана, башка жүйөлөр жана негиздер боюнча конституциялуу эмес деп көрсөтүүдө.

Ушуга байланыштуу, Н.Б. Садыков Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 13-июлундагы аныктамасын жокко чыгарууну жана кайрылууну конституциялык сот өндүрүшүнө кабыл алууну сурануууда.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арыздануучунун жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негиздерин талкуулап, кийинкидей тыянактарга келүүдө.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-беренесине ылайык иште кароого негиз болуп мыйзамдын, башка ченемдик укуктук актынын Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн пайда болуусу эсептелет.

Ченемдик укуктук актылардын конституциялуулук презумпциясынын күчүнө карай ченемдик укуктук актылардын конституциялуу эместиги тууралуу маселени коюу алардын конституциялуулугунда күмөндүүлүктү туудурган ынанымдуу жүйөлөр болгондо гана мүмкүн.

Арыздануучу, судьялар коллегиясынын укук колдонуу тажрыйбасына байланышпаган укуктук аргументтерди келтирүү зарылдыгы жөнүндө жүйөлөрдү эске алган жок, кандайдыр бир укуктук негиздеме жасабастан талашылып жаткан ченемдерге баа берүүнү кайталап сурануууда.

2017-жылдын
10-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№13-П

Арыздануучунун жүйөлөрү укук колдонуу тажрыйба жаатындагы көйгөйлөр жөнүндө гана күбөлөндүрөт, ал эми ой-жүгүртүүсү абстрактык мүнөзгө ээ, өзү шилтеме жасаган конституциялык ченемдер менен тутумдаш байланышы жок. Демек, анын жүйөлөрүн Кылмыш-жаза жана Жазык-процесстик кодекстеринин талашылып жаткан ченемдеринин конституциялуулугунун күмөндүүлүгүн ырастаган укуктук аргумент катары кароого болбойт.

Андан тышкары, даттанылып жаткан аныктамада Жазык-процесстик кодексинин 383-беренесинин 1-бөлүгүнүн 7-пункту конституциялык контролдоо органынын кароо предмети болгону, жана ал маселе боюнча укуктук көз караштын болгону белгиленген, ошентсе да, арыздануучу судьялар коллегиясынын аныктамасы менен макул болбостон, көрсөтүлгөн ченем Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 26-беренесинин 2- жана 4-бөлүктөрүнө карама-каршы келет деп эсептейт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы судьялар коллегиясынын бул маселе боюнча жүйөлөрү негиздүү экендигин белгилейт. Конституциялык контролдоо органынын чечимдеринин милдеттүүлүгү жана акыркы болуп саналгандыгынан улам, аны толугу менен же кайсы бир бөлүгүн жокко чыгаруу максатында кайра карап чыгуу мүмкүн эместигин белгилейт.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арыздануучунун даттануусун канааттандыруу үчүн негиздерди тапкан жок.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 46-, 47-, 48-беренелерин, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Н.Б. Садыковдун М.С. Бекбаевдин кызыкчылыгындагы «Нурлан Берикович Садыковдун Мирлан Сабырбекович Бекбаевдин кызыкчылыгындагы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 313- жана 313[1]-беренелерин, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин «ошондой эле... чыгарылышы

2017-жылдын
10-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№13-П

мүмкүн» жана «жогору турган сот да чыгарышы мүмкүн» деген сөздөр менен баяндалган 19-беренесинин 3-бөлүгүнүн ченемдик жоболорунун, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 381-беренесинин 1-бөлүгүнүн, «зарыл учурларда» деген сөздөр менен баяндалган 383-беренесинин 1-бөлүгүнүн 7-пунктунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 13-июлундагы № 46 аныктамасына даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ушул токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ

2017-жылдын
4-декабры
Бишкек шаары

№14-П

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН

Ханзада Шерматовна Кадырованын кызыкчылыгындагы Диана Токтоматовна Сайимованын Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 16-октябрындагы № 54 аныктамасына даттануусун канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу – судья Э.Т. Мамыров, судьялар К. Абдиев, Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, К.М. Киргизбаев, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, Ж.И. Саалаевдин курамында, соттук отурумдун катчысы С.А. Джолгокпаеванын катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Х.Ш. Кадырованын кызыкчылыгындагы Д.Т. Сайимованын Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 16-октябрындагы № 54 аныктамасына даттануусун соттук отурумда карап чыкты.

Даттанууда баяндалган жүйөлөрдү жана Х.Ш. Кадырованын кызыкчылыгындагы Д.Т. Сайимованын өтүнүчү боюнча материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

Т А П Т Ы:

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2017-жылдын 18-сентябрында Х.Ш. Кадырованын кызыкчылыгындагы Д.Т. Сайимованын Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 184-статьясынын укук колдонуусун жана чечмеленишин конституциялуу эмес жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесине карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Өтүнүчтөн келип чыккандай, Токмок шаардык соту тарабынан 2017-жылдын 27-майында Х.Ш. Кадыровага карата жазык ишинин козголушуна байланыштуу тинтүүгө уруксат берүү жөнүндө токтом чыгарылган.

2017-жылдын
4-декабры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№14-П

Арыздануучунун пикири боюнча, соттун жогоруда аталган токтому бир катар бузуулар менен жана Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 184-статьясын туура эмес колдонуу менен чыгарылган, ал жарандардын конституциялык укуктары менен эркиндиктеринин бузулушуна алып келди.

Ошондой эле арыздануучу талашылып жаткан ченемдин туюндурмасы так эмес мүнөздө болуп, тергөө органдарынын кызматкерлерине мыйзамсыз аракеттерди жасоого жол берүүдө.

Баяндалганды эске алуу менен, арыздануучу Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин талашылып жаткан ченеминин укук колдонуусун жана чечмеленишин Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп таанууну сурануууда.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 4-пунктун, 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, 2017-жылдын 16-октябрындагы № 54 аныктамасы менен өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан кийинки негиздер боюнча баш тарткан.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы келип түшкөн кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу же андан баш тартуу жөнүндө маселени чечип жатып, биринчи кезекте, кайрылууда коюлган маселелерди конституциялык сот өндүрүшүндө кароо мүмкүндүгүнөн келип чыгат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүнө, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 4-беренесинин 1-бөлүгүнө жана 18-беренесине ылайык, Конституциялык палата мыйзамдарды жана башка ченемдик укуктук актыларды Конституцияга карама-каршы келген учурда аларды конституциялуу эмес деп тааныйт, Кыргыз Республикасы үчүн күчүнө кирбеген эл аралык келишимдердин конституциялуулугу жөнүндө корутунду берет, Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам долбооруна корутунду берет. Ошентип, Кыргыз Республикасынын Конституциясы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына караштуу маселелердин толук тизмесин бекиткен, укуктук ченемдердин укук колдонуусуна жана чечмеленишинин конституциялуулугуна баа берүү алардын катарына кирбейт.

2017-жылдын
4-декабры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№14-П

Ушуга байланыштуу, судьялар коллегиясы жогоруда көрсөтүлгөн аныктаманы кабыл алган, анткени кайрылуудагы талап Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына караштуу эмес.

Д.Т. Сайимова судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 16-октябрындагы № 54 аныктамасы менен макул болбостон, 2017-жылдын 3-ноябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттануу менен кайрылган.

Даттанууда Д.Т. Сайимова өзүнүн талаптарынын предметин тактап, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 184-статьясынын 3- жана 4-бөлүктөрүнүн укук колдонуусун конституциялуу эмес деп таануну сурануда. Кошумча негиздеме катары, соттун тинтүүнү жүргүзүү жөнүндө токтому Х.Ш. Кадырованын катышуусуз чыгарылган, бул Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 8-пунктунда каралган анын соттук коргонууга болгон укугунун бузулушуна алып келген деп көрсөтүүдө.

Арыздануучу Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 184-статьясында тинтүү жана алып коюуну жүргүзүү жөнүндө соттук акт чыгарылып жаткан соттук отурумда тинтилүүгө тийиш болгон адамдын милдеттүү катышуусун караган ченемдин жоктугу соттук актыларды сырттан чыгаруу тажрыйбасына алып келет деп эсептейт.

Ушуга байланыштуу, Д.Т. Сайимова Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 16-октябрындагы № 54 аныктамасын жокко чыгарууну жана Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 184-статьясынын 3- жана 4-бөлүктөрүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 8-пунктуна карама-каршы келет деп таануну сурануда.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арыздануучунун жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуусунун негиздерин талкуулап, кийинки тыянктарга келди.

Судьялар коллегиясынын кайрылууда көрсөтүлгөн талаптардын караштуу эместиги жөнүндө тыянактары негиздүү болуп эсептелет. Соттордун укук колдонуу тажрыйбасы жана мыйзам ченемдерин чечмелөө конституциялык сот өндүрүшүнүн предмети болушу мүмкүн эмес.

2017-жылдын
4-декабры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№14-П

Мында, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы талашылып жаткан ченемдер менен регламенттелген тинтүү жана алып коюуну жүргүзүү шектүүнүн, айыпкердин күнөөлүү же күнөөлүү эместигин ырастаган зарыл далилдерди топтоого багытталган жазык процессинин сотко чейинки стадиясы болуп эсептелет. Көрсөтүлгөн стадия Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин VII бөлүмүндө дыкаттык менен регламенттелген.

Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 32-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарына ылайык сот гана, анын ичинде сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө бийлик өкүлдөрүнүнүн менчикте же башка укукта турган турак жайга жана башка объекттерге тинтүүнү, алып коюуну, карап чыгууну жүргүзүшү, ага кириши жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу. Соттун белгиленген ыйгарымдарын жүзөгө ашыруунун алкагында көрсөтүлгөн Кодекстин 169-1-статьясынын 3-бөлүгүнө ылайык соттук отурумда прокурор жана тергөөчү катышууга укуктуу.

Өз кезегинде, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодекси менен тергөөчүнүн, прокурордун сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын конституциялык укуктарына жана эркиндиктерине зыян келтирүүгө жөндөмдүү же болбосо жарандардын сот адилеттигине жетишүүсүн кыйындатуучу чечимдери жана аракеттерине (аракетсиздиктерине) териштирүүнү жүргүзүү жери боюнча сотко даттануу мүмкүндүгү каралган (131-статьясынын 1-бөлүгү).

Ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугунун презумпциясына ылайык, алардын конституциялуу эместиги тууралуу маселени коюу алардын конституциялуулугу тууралуу күмөндүүлүктү туудурган аргументтер болгондо гана мүмкүн. Бирок, арызданууучу тарабынан талашылып жаткан ченемдер сот тарабынан тинтүү же алып коюуну жүргүзүү жөнүндө чечим кабыл алынып жатканда адамдардын катышуу маселесин жөнгө салбайт.

Ушуга байланыштуу, арызданууучунун Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин талашылып жаткан ченеминин Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келүүсү жөнүндө келтирген жүйөлөрү Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 184-статьясынын 3, 4-бөлүктөрүнүн конституциялуулугунда күмөндүүлүктү ырастаган укуктук аргументтер катары карылышы мүмкүн эмес.

2017-жылдын
4-декабры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№14-П

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арыздануучунун даттануусун канааттандыруу үчүн негиздерди тапкан жок.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 46-, 47-, 48-беренелерин, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Ханзада Шерматовна Кадырованын кызыкчылыгындагы Диана Токтоматовна Сайимованын Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «Ханзада Шерматовна Кадырованын кызыкчылыгындагы Диана Токтоматовна Сайимованын Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 184-статьясынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2017-жылдын 16-октябрындагы № 54 аныктамасына даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ушул токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлгандан тартып күчүнө кирет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ

2017-жылдын
5-декабры
Бишкек шаары

№15-П

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН

«Агрохимсервисцентр» жабык акционердик коомунун директору Нурмамат Маматжановдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 23-июнундагы № 35 аныктамасына даттануусун кароо жөнүндө

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу – судья Э.Т. Мамыров, судьялар К. Абдиев, Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, К.М. Киргизбаев, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, Ж.И. Саалаевдин курамында, соттук отурумдун катчысы К.А. Аблакимовдун катышуусунда, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, «Агрохимсервисцентр» жабык акционердик коомунун директору Н. Маматжановдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 23-июнундагы № 35 аныктамасына даттануусун соттук отурумда карап чыкты.

Даттанууда баяндалган жүйөлөрдү жана «Агрохимсервисцентр» жабык акционердик коомунун өтүнүчү боюнча материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

Т А П Т Ы:

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2017-жылдын 23-майында «Агрохимсервисцентр» жабык акционердик коомунун директору Н. Маматжановдун Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 149-беренесинин 7-бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 3-бөлүгүнө, 99-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келүүсүн тааануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Келип түшкөн материалдардан көрүнүп тургандай, Жалал-Абад шаары боюнча Мамлекеттик салык кызматынын башкармалыгы 2015-жылдын 6-майындагы № 1335/048 көрсөтмө каттын негизинде «Агрохимсервисцентр» ЖАКтын экономикалык ишмерлигин 2012-жылдын 1-январынан баштап 2015-жылдын 31-мартына

2017-жылдын
5-декабры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№15-П

чейинки мезгилиндеги салык мыйзамдарынын сакталуусу предметин көздөп текшерген. Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча 2015-жылдын 2-майында акт түзүлүп, «Агрохимсервисцентр» ЖАКтын үстүнө 152 644,29 сом өлчөмүндөгү салык кошумча эсептелген.

«Агрохимсервисцентр» ЖАК ушул чечим менен макул болбостон, 2015-жылдын 25-майында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматына даттануу менен кайрылган, ал өзүнүн 2015-жылдын 25-сентябрындагы №11-10/12046 чечими менен Жалал-Абад шаары боюнча Мамлекеттик салык кызматынын башкармалыгынын чечимин күчүндө, ал эми «Агрохимсервисцентр» ЖАКтын даттануусун канааттандыруусуз калтырган.

«Агрохимсервисцентр» ЖАК 2015-жылдын 20-ноябрында Жалал-Абад областынын райондор аралык сотуна Жалал-Абад шаары боюнча Мамлекеттик салык кызматынын башкармалыгынын чечимин жараксыз деп таануу жөнүндө арыз менен кайрылган. Жалал-Абад областынын райондор аралык сотунун 2016-жылдын 11-майындагы аныктамасы менен Жалал-Абад шаары боюнча Мамлекеттик салык кызматынын башкармалыгынын 2015-жылдын 13-майындагы № 1394/048 чечимин мыйзамсыз деп таануу жөнүндө даттануу боюнча өндүрүш токтотулган. Жалал-Абад областтык сотунун административдик жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын 2016-жылдын 6-сентябрындагы токтому менен Жалал-Абад областынын райондор аралык сотунун 2016-жылдын 11-майындагы аныктамасын күчүндө, ал эми «Агрохимсервисцентр» ЖАКтын кассациялык даттануусун канааттандыруусуз калтырган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун администртивдик жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын 2017-жылдын 26-январындагы токтому менен арызданууучунун көзмөл даттануусу канааттандыруусуз, ал эми Жалал-Абад областынын райондор аралык сотунун 2016-жылдын 11-майындагы аныктамасы жана Жалал-Абад областтык сотунун административдик жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын 2016-жылдын 6-сентябрындагы токтому күчүндө калтырылган.

«Агрохимсервисцентр» ЖАКтын директору Н. Маматжановдун пикири боюнча соттор Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 149-беренесинин 7-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын гана чечимдерине даттанууга жол берет, ал эми Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 260-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктунун маңызы

2017-жылдын
5-декабры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№15-П

боюнча Жалал-Абад шаары боюнча Мамлекеттик салык кызматынын башкармалыгынын чечимдери мамлекеттик бийлик органдарынын ченемдик эмес акты болуп саналбайт, демек соттук тартипте даттануунун өзүнчө предмети боло албайт деп эсептөөдө. Бул жагдай аймактык салык органынын чечимдерин биринчи инстанциядагы соттон салык төлөөчүнүн жайгашкан жери боюнча талашууга мүмкүндүк бербей жатат.

Андан ары кайрылууда Кыргыз Республикасынын Конституциясынын сот алдында жана сот өндүрүшүн жүзөгө ашырууда тең укуктуулук принциптерин бекиткен 16-беренесинин 3-бөлүгүнүн жана 99-беренесинин 3-бөлүгүнүн мазмуну келтирилүүдө.

Н. Маматжанов Жалал-Абад шаары боюнча МСК Башкармалыгынын чечимдери ыйгарымдуу мамлекеттик органдын расмий чечими болуп саналбайт деген биринчи соттук инстанциянын тыянагы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрайымынын орунбасары А. Базаралиеванын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын чечимдерине гана соттук тартипте даттануу мүмкүндүгү жөнүндө тике көрсөтмөсүнүн негизинде деп эсептеп, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын сот адилеттигин жүзөгө ашырууда судьялардын көз карандысыздыгын жар кылган ченемдерин келтирүүдө.

Арыздануучунун өкүлү соттук коргонууга болгон жарандардын конституциялык укугу, биринчи кезекте, сот адилеттүүлүгүнө жетишүүнү болжойт деп ырастоодо. Жергиликтүү соттор аркылуу сот адилеттүүлүгүнө жетишүүнү камсыздоо мамлекеттин жарандар алдындагы башкы милдеттеринин бири болуп саналат.

Жалал-Абад шаары боюнча Мамлекеттик салык кызматынын башкармалыгы жергиликтүү деңгээлде өз алдынча мамлекеттик орган болуп саналат жана «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик салык кызматы жөнүндө» Мыйзамдын 1-беренесинин 8-бөлүгүнө ылайык өзүнүн аймагында өз ишмерлиги үчүн толук жоопкерчиликтүү болгон юридикалык жак болуп саналат да, бардык өз алдынчалууктун белгилерине эгедер.

Н. Маматжанов Кыргыз Республикасынын Салык кодексиндеги салык кызматынын борбордук органынын чечимине даттануу укугу аймактык салык органдарынын чечимине даттануу укугун

2017-жылдын
5-декабры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№15-П

чектебеш керек деп эсептейт. Сот өндүрүшү салык мыйзамдарынын эмес, жарандык-процесстик негиздерде жүргүлүшү керек. Андан тышкары, салык кызматынын борбордук органынын чечимин соттук тартипте жокко чыгаруу салык органынын аймактык кызматынын актысынын жокко чыгарылышына алып келбейт, анткени ал юридикалык маанилүү тыянктарга алып келүүчү өз алдынча чечим болуп саналат да, өз алынча даттануунун предмети болушу керек.

Н. Маматжановдун пикири боюнча, эгер Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 149-беренесинин 7-бөлүгүнүн аны соттор түшүнгөндөй маанисин эске алсак, салык төлөөчүлөр мүлктүк абалынын белгилери боюнча салык органдары карата теңсиздик абалда калууда, анткени Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы өзүнүн аймактык салык органдары менен бирге өзүнүн кызыкчылыктарын сотто коргоо үчүн жетиштүү ресурстарга ээ. Ал эми салык мыйзамдарынын даттанылып жаткан ченеми, анын үсүтүнө салык төөлөөчү оор финансылык абалда турган болсо, мамлекеттин зор аппараты менен жекеме жеке калтырууда, аны менен Кыргыз Республикасынын Конституциясынына 16-беренесинин 3-бөлүгүнө, 99-беренесинин 3-бөлүгүндө белгиленген тең укуктуулук принциптери бузулууда. Сот өндүрүшүнүн алкагында атаандаштыкты жана тең укуктуулукту камсыздоо үчүн айрымдарына өзгөчө мамиле кылбастан, бардыгына мыйзам жана сот алдында тең шарттарды берүү зарыл, ал эми салык төлөөчүгө болсо аймактык салык органынын чечимин өзү турган жер боюнча сотко даттануу мүмкүндүгүн берүү керек.

Баяндалганды эске алуу менен, арызданууучунун өкүлү талашылып жаткан ченемди Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп таануну суранган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы «Агрохимсервисцентр» ЖАКтын өтүнүчүн карап чыгып, анын мазмуну «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын талаптарына туура келбейт жана коюлган маселенин конституциялуулугу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунуну Конституциялык палатасы тарабынан текшерилген жана күчүндө турган акты бар, бул жагдай кайрылууну конституциялык сот өндүрүшүндө кароону мүмкүн эмес кылат деген жыйынтыкка келди.

Судьялар коллегиясы өтүнүчтүн мазмунунан келип чыкканда арызданууучу Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин

2017-жылдын
5-декабры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№15-П

149-беренесинин 7-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-беренесинин 1-бөлүгүнө, 16-беренесинин 2-бөлүгүнө, 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 8-пунктуна жана 40-беренесинин 1-, 2-бөлүктөрүнө ылайык келүүсү жагында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын кароо предмети болгон, ошого карабастан ушул ченемдин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 3-бөлүгүнө жана 99-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келүү жагын да кароону талап кылууда деп эсептөөдө.

Арызданууучу талашылып жаткан ченемди Конституциянын башка ченемдерине ылайык келүүсүн текшерүүнү сураганына карабастан, судьялар коллегиясы эсептегендей, анын көз карашы жалпы жонунан салык төлөөчүлөрдүн сот адилеттигине жетишүүсү маселесине келип такалууда, ал маселе Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2017-жылдын 17-февралындагы Чечиминде толук кандуу чечилген, ал арызданууучунун бардык жүйөлөрүнө жооп берген ачык укуктук көз караштарды камтыйт, аны Н. Маматжанов өзүнүн өтүнүчүндө келтирген цитаталары күбөлөндүрөт.

Судьялар коллегиясынын пикири боюнча, «Аргохимсервисцентр» ЖАКтын жетекчисинин талашылып жаткан ченемдин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 3-бөлүгүнө жана 99-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келүүсү жөнүндөгү сөздөрү маңызы боюнча үстүртөн жана жетишсиз мазмундагы мүнөздө болуп, талашылып жаткан ченем Конституциянын көрсөтүлгөн ченемдерине ылайык келүүсү жагында күмөндүүлүктү туудурбайт, ал эми «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-беренесинин экинчи абзацына ылайык конституциялык сот өндүрүшүндө кароо үчүн сөзсүз шарт болуп саналат.

Ошондой эле, судьялар коллегиясы, арызданууучунун укук ченемдеринин туура эмес колдонулуусу, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдеринин аткарылбаганы тууралуу жүйөлөрү укук колдонуучулук тажрыйбанын жана алар кабыл алып жаткан актылардын мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү үчүн судьялардын жоопкерчилиги жаатында турат жана Конституция менен жогоруда көрсөтүлгөн Мыйзамга ылайык конституциялык контролдоо органынын ыйгарым укуктарынын алкагына кирбейт.

2017-жылдын
5-декабры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№15-П

Баяндалганга негизденип жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1-, 5-пункттарын, 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, судьялар коллегиясы 2017-жылдын 23-июнундагы № 35 аныктамасы менен өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

«Агрохимсервисцентр» ЖАКтын директору Н. Маматжанов жогоруда көрсөтүлгөн аныктама менен макул болбостон, 2017-жылдын 13-ноябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттануу менен кайрылган.

Н. Маматжанов өзүнүн даттануусунда Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 149-беренесинин 7-бөлүгү сотко жетишүүгө тоскоол кылуучу жана сот алдында бардыгы үчүн теңсиздик жагдайшарттарын жаратууда. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2017-жылдын 17-февралындагы чечиминде талашылып жаткан ченемдин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-беренесинин 1-бөлүгүнө, 16-беренесинин 2-бөлүгүнө, 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 8-пунктуна жана 40-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө ылайык келүү маселелси каралган, демек, анда өтүнүчтө келтирилген жүйөлөргө жооп бере тургандай жана Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 149-беренесинин 7-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 3-бөлүгүнө жана 99-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык келүүсү маселесине да укуктук көз караштар жок.

Арыздануучунун өкүлү көрсөтүлгөн Чечим менен аймактык салык органдарынын чечимдерине жергиликтүү соттордо даттанууга тыюу салуучу ченем катары талашылып жаткан ченемдин конституциялуулугуна баа берилген эмес деп белгилейт. Мында ал, мыйзам чыгаруучу тарабынан Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын аймактык салык органдарынын чечимдерин сотко даттануу механизмин иштеп чыгуу жөнүндө тапшырманын ушул убактыка чейин аткарылбаганы жөнүндө да белгилейт.

Н. Маматжанов талашылып жаткан ченем салык төлөөчүнүн соттук коргонууга болгон укугун чектебейт, ал анын турган жери боюнча аймактык салык органынын чечимин даттанууга тоскоолдук туудуруп, салык органдарынын чечимин борбордо гана, Бишкек шаарынын райондор аралык сотунан талашууга мажбур кылууда деп эсептейт.

2017-жылдын
5-декабры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ТОКТОМУ

№15-П

Н. Маматжановдун пикири боюнча, бардыгы сот алдында тең деген башкы милдеттердин биринин камсыздалышын чечүү үчүн мамлекет жергиликтүү жарандардын сотко жетишүүсүн камсыздаш үчүн жергиликтүү сотторду уюштурган. Сот өндүрүшүндөгү тараптардын тең укуктуулугу принциби, биринчи кезекте, мүмкүнчүлүктөрдүн теңдигин жана ар бир адамдын жашаган жери боюнча сотко жетишүүсүн болжойт. Сот адилеттигине жетишүүнү камсыздоо – мамлекеттин жарандар алдындагы башкы милдеттеринин бири деп Н. Маматжанов эсептейт.

Адилет сотко жетишүү принциби сотко кайрылуу үчүн чектен тыш, негизсиз жана практикалык тоскоолдуктардын жоктугунда чагылдырылат. Сотко тоскоолдуксуз кайрылуу укугу соттордун калк конушуна аймактык жакындыгын камсыздоочу сот жайгаштыруучулук жана сот өндүрүштүк кепилдиктердин комплекси менен жүзөгө ашырылат.

Н. Маматжанов болжогондой, талашылып жаткан ченем, аймактык салык органынын турган жери боюнча салык органдарынын чечимдерин жергиликтүү соттордо даттануу мүмкүндүгүн камсыздабастан, салык төлөөчүнү борбордук органдын Бишкек шаарында турган орду боюнча гана даттануу зарылдыгы менен шартталган оор абалга калтырууда. Бардыгынын эле борбор шаарына барып келүүгө мүмкүндүгү жок, аны билген жергиликтүү салык органдары өзүнүн кызматтык абалынан кыянаттык менен пайдаланышууда. Мына ушул жагдай сот алдында бардык салык төлөөчүлөрдүн тең болуусунун бузулушуна алып келүүдө.

Баяндлаганды эске алуу менен, Н. Маматжанов Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 23-июнундагы № 35 аныктамасын жокко чыгарууну жана кайрылууну конституциялык сот өндүрүшүнө кабыл алууну сурануууда.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арыздануучунун жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негиздерин талкуулап, кийинки тыянактарга келүүдө.

Кайрылуунун баштапкы мазмунунан келип чыкканда, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арыздануучунун бардык жүйөлөрү жалпы жонунан салык төлөөчүнүн сот адилеттигине жетишүү маселелсине келип такалган жана бул маселе колнституциялык сот өндүрүшүнүн предмети

2017-жылдын
5-декабры
Бишкек шаары

